ЖУСУПОВ МАЙРАМБЕК

ХАДИС УСУЛУ



БИШКЕК - 2021 / 1442 Х

УДК
ББК
А

Ош мамлекеттик университети
Арашан гуманитардык институту
Дин таануу факультети

Рецензенттер:
Айдарбеков К. Т. – окутуучу.
Галмаматов А.А. – теология илиминин доктору (PhD), окутуучу.

Жусупов Майрамбек Ганинович
Хадис усулу: Окуу куралы. Бишкек: 2021. 150 – б.

Бул китепте хадис жана сүннөттү түшүнүп билүүдөгү негизги эрежелер жана алардын түрлөрү; сахаба, табиин жана атбау-т-табиин доорунда хадис илиминин орду, ошол эле мезгилде хадистер жана алардын котормолору туурасында кеңири маалыматтар берилген. Бул китеп окутуучуларга, илимий кызматкерлерге, студенттерге жана жалпы окурмандарга сунушталат.

© Жусупов Майрамбек Ганинович, Бишкек 2021

Аламүдүн району, Арашан айылы, Чыңгыш Баатыр көчөсү 36
www.arashan.edu.kg
arashan.edu.kg@gmail.com
arashan_edu_kg
arashan.theology.faculty

ЖУСУПОВ МАЙРАМБЕК

ХАДИС УСУЛУ

Бишкек - 2021

МАЗМУНУ

КИРИШ СӨЗ 8

I - БӨЛҮМ
СҮННӨТ / 11

А. СҮННӨТ СӨЗҮНҮН СӨЗДҮК ЖАНА ТЕРМИНОЛОГИЯЛЫК МААНИСИ 13
Б. СҮННӨТТҮН ТҮРЛӨРҮ 14
1. Кавли (оозеки) сүннөт....14
2. Фиили сүннөт....14
3. Такрири сүннөт....15
В. СҮННӨТТҮН ӨКҮМҮ 15
Г. ДИНДИН БУЛАГЫ КАТАРЫНДА СҮННӨТ....16
1. Аз. Пайгамбарга жана анын сүннөтүнө болгон муктаждык 16
2. Сүннөттүн булагы жана диндеги орду 19
3. Сүннөттүн негиздүүлүгү 21
Окуу бөлүмү: СҮННӨТ МЕНЕН ЫРАКАТТАНУУ....23
СУРООЛОР БӨЛҮМҮ 25
ЫЙМАН ЖАНА АЛЛАГА БОЛГОН СҮЙҮҮ ЖӨНҮНДӨГҮ ХАДИСТЕР....28

II - БӨЛҮМ
ХАДИС ЖАНА ХАДИС ТЕРМИНОЛОГИЯСЫ / 37

А. ХАДИСТИН СӨЗДҮК ЖАНА ТЕРМИНОЛОГИЯЛЫК МААНИСИ....39
Б. СҮННӨТТҮН ХАДИС МЕНЕН БАЙЛАНЫШЫ 40
В. ХАДИС ЖАНА ХАДИС ИЛИМИНИН МААНИЛҮҮЛҮГҮ 41
Г. ХАДИСТИН ТҮРЛӨРҮ....41
Д. ХАДИСТИН БӨЛҮМДӨРҮ 42
1. Санад....42
2. Матн 43
Е. РИВАЯТ ЖАНА РИВАЯТ МЕТОДДОРУ....44
1. Самаъ (угуу)....44
2. Арз жана кыраат (сунуу жана окуп берүү) 45
3. Ижаазат (уруксат)....45
Ё. РАВИ ЖАНА РАВИДЕ ТАЛАП КЫЛЫНГАН ШАРТТАР....46
1. Адилеттүүлүк / Адалат (العَدَالَة)....46
2. Забт 46
3. Акылдуу жана балагатка жетүү 46

Ж. РАВИЛЕРДИН ТАКТАЛУУСУ (ЖАРХ ЖАНА ТАЪДИЛ) 46
Окуу бөлүмү: ХАДИСТЕРДИ ОКУГАН САЙЫН 50
СУРООЛОР БӨЛҮМҮ 52
ИБАДАТТАРГА БАЙЛАНЫШТУУ ТАНДАЛМА ХАДИСТЕР 56

III - БӨЛҮМ
ХАДИС ТҮРЛӨРҮ / 61

ХАДИС ТҮРЛӨРҮ 63
А. БУЛАГЫ ЖАГЫНАН ХАДИСТИН ТҮРЛӨРҮ 63
1. Кудси хадис 63
2. Марфуъ хадис 64
3. Мавкуф хадис 64
4. Мактуъ хадис 65
Б. РАВИЛЕРДИН САНЫНА ЖАРАША ХАДИСТЕР 65
1. Мутаватир хадистер 65
2. Ахад хадис 66
В. САХИХТИК ДАРАЖАСЫНА ЖАРАША ХАДИСТЕР 68
1. Сахих хадистер жана алардын өзгөчөлүктөрү 68
2. Хасан хадис 71
3. Зайыф хадистер жана алардын аламаттары 72
Г. МАВЗУЪ ХАДИСТЕР ЖАНА АЛАРДЫ БИЛҮҮНҮН ЖОЛДОРУ 72
1. Мавзуъ хадистин аныктамасы 72
2. Мавзуъ хадистердин негизги өзгөчөлүктөрү 73
3. Жалган хадис таркатуунун себептери 73
Окуу бөлүмү: ХАДИСТИН МААНИЛҮҮЛҮГҮ 76
СУРООЛОР БӨЛҮМҮ 77
ИЛИМ ҮЙРӨНҮҮНҮН ПАЗИЛЕТТЕРИ ТУУРАЛУУ ХАДИСТЕР 80

IV - БӨЛҮМ
АЗ. ПАЙГАМБАР ЖАНА САХАБА ДООРУНДА ХАДИС / 85

А. АЗ. ПАЙГАМБАР ДООРУ 87
1. Аз. Пайгамбардын хадис үйрөнүүгө үгүттөөсү 87
2. Аз. Пайгамбар доорунда хадис үйрөнүү жолдору 88
3. Хадистердин коомго жетүүсү 89
4. Хадистердин коомдук жашоодогу орду 90
Б. САХАБА ДООРУНДА ХАДИС 91
1. Сахабанын аныктамасы 91
2. Сахабаны таанып-билүүнүн жолдору 91
3. Сахабанын пазилети 93
4. Сахаба доорунда хадис 93
5. Хадис риваяты менен атагы чыккан сахабалар 95
Окуу бөлүмү: ЭҢ КӨП ХАДИС РИВАЯТ КЫЛГАН АЙША АС-СЫДДЫКА (Р.А.) ЭНЕБИЗ 98
СУРООЛОР БӨЛҮМҮ 99
КООМДУК ЖАШООГО БАЙЛАНЫШТУУ ХАДИСТЕР 102

V - БӨЛҮМ
ТАБИИН ЖАНА АТБАУ-Т-ТАБИИН ДООРУНДА ХАДИС / 109

А. ТАБИИН ДООРУ 111
1. Табииндин аныктамасы жана пазилети 111
2. Табиинderден чыккан белгилүү хадис аалымдары 112
3. Табииндердин хадис илимине кошкон салымы 113
Б. АТБАУ-Т ТАБИИН ДООРУ 114
1. Атбау-т табииндин аныктамасы 114
2. Атбау-т-табиин доорунда хадис илиминин маанилүүлүгү 115
3. Атбау-т табииндин хадис илимине кошкон салымы 115
4. Атбау-т-табиин доорунда жазылган хадис китептери жана алардын өзгөчөлүктөрү 116
5. Атбау-т-табиин доорундагы белгилүү хадис аалымдары 117
В. АТБАУ-Т ТАБИИНДЕН КИЙИНКИ ДООР 118
1. Атбау-т табиинден кийинки доордун хадис илими жагынан маанилүүлүгү 118
2. Кутуб-и ситта жана мусаннафтар 119
Окуу бөлүмү: АЛЛА ЭЛЧИСИНИН КЫЗМАТЫНДАГЫ ЖАШ УЛАН 126
СУРООЛОР БӨЛҮМҮ 127
АДЕП-АХЛАКА БАЙЛАНЫШТУУ ТАНДАЛМА ХАДИСТЕР 131

VI - БӨЛҮМ
СҮННӨТКӨ БАЙЛАНЫШТУУ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР / 135

А. СҮННӨТТҮН ӨРНӨКТҮҮЛҮГҮ 137
Б. СҮННӨТТҮН УНИВЕРСАЛДУУЛУГУ 140
В. СҮННӨТТҮН КОРГОНГОНДУГУ 142
Г. СҮННӨТТҮН КУТКАРУУЧУЛУГУ 143
Окуу бөлүмү: СУФФА МЕКТЕБИ 145
СУРООЛОР БӨЛҮМҮ 147
АТА-ЭНЕ ЖАНА ЖАКЫН ТУУГАНДАРГА БАЙЛАНЫШТУУ ХАДИСТЕР 149

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР 155

ЖООПТОР 157

КИРИШ СӨЗ

Курандан кийинки эле экинчи негизги булак Аз. Пайгамбардын хадистери болуп саналат. Хадистер, талаш-тартыш жаралган маселелерде адамдарды туура жолго багыттаган, Куран берилген пайгамбардын сөзү жана Куранды бардыгынан мыкты баамдаган Алла элчисинин көз карашы катарында өзгөчө мааниге ээ.

Он төрт кылымдык Ислам тарыхынын ар бир доорунда хадис жана сүннөт мусулмандардын ыйман, ибадат, адеп-ахлак, илим, укук, тарбия, социалдык жашоо, тарых жана маданият сыяктуу негизги маселелерде Курандан кийинки эле эң негизги булак болуп келген. Бүгүнкү күндө жана өтмүштө дүйнөнүн кайсы тарабында болбосун бардык мусулмандардын материалдык жана моралдык жактан жаралган эмгектеринде хадис жана сүннөттүн таасири байкалат. Ошол себептен улам, хадис жана сүннөтсүз болбостон бир мусулмандын жана мусулманча жошоону элестетүү мүмкүн эмес.

Куранда баса белгиленип кеткени менен кеңири маалымат берилбеген акырет, кабыр жашоосу, кайрадан жаралуу, махшар, эсеп-кысап күнү, мизан (амалдар тартыла турган тараза), бейиш жана тозоктогу жашоо сыяктуу маселелерди хадистерден үйрөнүүгө болот. Ошондой эле бийик адеп-ахлактык сыпаттар, руханий жактан өнүгүп-өсүүнү камсыз кылуучу эрежелер, үлгүлүү үй-бүлө үчүн зарыл болгон жүрүм-турум формалары, адамдардын ортосундагы коомдук жана соода-сатык байланыштарын тартипке салган өкүмдөр ж.б.у.с. маселелер хадистерде кеңири камтылып, сахабалар тарабынан кийинки муундарга өткөрүлүп берилген. Аталган өткөрүп берүү жараяны башка дин илимдеринде мынчалык так илимдер менен бекемделген эмес.

Хадистер диний жактан канчалык маанилүү болсо, Ислам маданият тарыхы жагынан дагы ошончолук мааниге ээ. Он миңдеген хадистер, андагы сахих, зайыф (алсыз) жада калса мавзуъ (жалган) хадистер да Ислам коомунун диний, саясий, экономикалык, коомдук жана маданий жактан өнүгүп-өсүүсүнө зор салымын кошуп келген.

Пайгамбардан (с.а.в.) келген маалыматтардын негизинде түзүлгөн хадис илими, диний илимдер үчүн дагы өзгөчө мааниге ээ. Хадистин маани-маңызы, оозеки түрдө риваят кылынышы, китептерге жазылышы, кийинки муундарга китептер аркылуу жеткирилиши, сахихтигин (тууралыгын) аныктоо, диндин экинчи маанилүү булагы болуусу жана чечмелениши сыяктуу маселелер бул илимдин изилдөө объектиси

Хадис илими – бул хадистерди изилдеген илимдин бутагы болуп саналат. Аз. Пайгамбардын айткан сөздөрү, жасаган иш-аракеттери жана такырлери хадис аркылуу чагылдырылат. Ошондой эле сахаба жана табиундун сөз жана жасаган иш-аракеттери да хадис болуп эсептелет. Андыктан хадис илими, Аз. Пайгамбардын сөзү, кыймыл-аракети жана такырлери менен чектелип калбастан, сахаба жана табиундан келген риваяттар менен дагы алектенет.

Кайсыл гана илимдин тармагы болбосун, ошол илимге таандык делген терминологиялар жана эрежелер топтому заматта эле өзүнөн өзү пайда болуп, жазылып калган эмес. Хадис усулуна таандык эрежелер да өтө көп убакыттын аралыгында, тарыхый агым талап кылгандай өнүгүү жана өзгөрүүгө дуушар болуп, хадис усулу илими пайда болгон.

Хадистердин сахабалар доорунан тартып риваят кылуу жараяны эске алынганда алгач лексикалык мааниси боюнча колдонулган жүздөгөн терминдер бара-бара спецификалык терминге айлангандыгын көрүүгө болот. Мындай жараян хадис илимин терминдер илимине айландырып, хадис усулунун негизги принциптери пайда болгон.

Майрамбек Жусупов

Бишкек 2021

محمد رسول الله

БӨЛҮМ I

СҮННӨТ

БӨЛҮМДҮН МАЗМУНУ

- А. СҮННӨТТҮН СӨЗДҮК ЖАНА ТЕРМИНОЛОГИЯЛЫК МААНИСИ
- Б. СҮННӨТТҮН ТҮРЛӨРҮ
- В. СҮННӨТТҮН ӨКҮМҮ
- Г. ДИНДИН БУЛАГЫ КАТАРЫНДА СҮННӨТ

ДАЯРДЫКТАР

1. Сүннөт сөзүнүн сөздүк маанисин сөздүктөрдөн издегиле.
2. Коомдук жашообузда “сүннөт” деп эсептелип калган көнүмүш адаттарыбыз кайсылар? Ойлонуп көрүңүз.
3. Пайгамбарларга жана сүннөткө эмне үчүн муктаж экенибизди изилдеп көрүңүз.

А. СҮННӨТ СӨЗҮНҮН СӨЗДҮК ЖАНА ТЕРМИНОЛОГИЯЛЫК МААНИСИ

“Сүннөт” сөзүнүн сөздүк мааниси *“жол, жашоо таризи, усул, адат, кимдир бирөөнүн көнүмүш адатка айландырган жүрүм-турумдары”* дегенди билдирет. Куранда колдонулган маанилерди эске ала турган болсок, сүннөт сөзүнүн эң маанилүү өзгөчөлүгү бул өзгөрүүгө дуушар болбогон туруктуу принцип, мыйзам жана өкүм дегенди билдирет. Куранда Алла Таала мындайча буюрган:

﴿فَهَلْ يَنْظُرُونَ إِلَّا سُنَّتَ الْأَوَّلِينَ فَلَنْ تَجِدَ لِسُنَّتِ اللَّهِ تَبْدِيلًا وَلَنْ تَجِدَ لِسُنَّتِ اللَّهِ تَحْوِيلًا﴾

“Алар мурункулардын жолун (мурункулардын башына келген азаптуу жазалардын келишин) күтүп жатышабы? Алланын жолунан эч бир өзгөрүш таба да албайсың, Алланын жолунун бурулушун (кемчиликтерин) да таппайсың”.[1]

Ушул жана ушул сыяктуу башка аяттардан көрүнүп тургандай, Аллага таяндырылган кезде өзгөрүлбөгөн мыйзамдарды билдирет. Айрыкча сүннөт сөзү адам баласы дайыма жасап келе жаткан жакшы жана жаман жүрүм-турумдарды камтыйт. Чындыгында, Пайгамбарыбыздын (с.а.в) төмөнкү хадиси ушул маанини колдойт:

«مَنْ سَنَّ فِي الْإِسْلَامِ سُنَّةً حَسَنَةً، فَلَهُ أَجْرُهَا، وَأَجْرُ مَنْ عَمِلَ بِهَا بَعْدَهُ، مِنْ غَيْرِ أَنْ يَنْقُصَ مِنْ أُجُورِهِمْ شَيْءٌ، وَمَنْ سَنَّ فِي الْإِسْلَامِ سُنَّةً سَيِّئَةً، كَانَ عَلَيْهِ وِزْرُهَا وَوِزْرُ مَنْ عَمِلَ بِهَا مِنْ بَعْدِهِ، مِنْ غَيْرِ أَنْ يَنْقُصَ مِنْ أَوْزَارِهِمْ شَيْءٌ».

“Кимде ким Ислам дининде жакшы сүннөттү баштаса, ага өзүнүн сообу жана сообунан эч нерсе кемибестен өзүнөн кийин ал ишти улантқандардын сообун алат. Кимде ким жаман сүннөттү баштаса, ага өзүнүн күнөөсү жана күнөөлөрүнөн эч нерсе кемибестен өзүнөн кийин ал ишти улантқандардын күнөөсү бар”.[2]

Сүннөттүн терминологиялык мааниси сөздүк мааниси менен тыгыз байланышта. Аз. Пайгамбардын кылган иштери жана жүрүм-туруму анын сүннөтүн түзөт. Жалпылап айтканда сүннөт термин катары Пайгамбарыбыздын айткан сөздөрүн, кыймыл-аракетин жана ырастоолорун чагылдырат.

1. Фаатир. 43.
2. Муслим. *Илим.* 15.

Б. СҮННӨТТҮН ТҮРЛӨРҮ

Терминологиялык маанисинен да белгилүү болгондой сүннөт кавли (оозеки), фиили (жүрүм-турум) жана такрири (тастыктоо, ырастоо) болуп үч топко бөлүнөт.

1. Кавли (оозеки) сүннөт

Аз. Пайгамбардын кандайдыр бир маселе боюнча оозеки кайрылуусу. Анын айткан сөздөрү жана түшүндүрмөлөрү бул топко кирет. قَالَ رَسُولُ اللهِ ﷺ же болбосо قَالَ النَّبِيُّ ﷺ деп башталган хадистер кавли сүннөткө мисал.

Сүннөттүн бул түрү хадис деп да аталган. Кавли сүннөткө мисал катары төмөнкү хадисти берсек болот:

عَنْ أَبِي مُوسَى رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ:
«الْمُؤْمِنُ لِلْمُؤْمِنِ كَالْبُنْيَانِ يَشُدُّ بَعْضُهُ بَعْضًا» وَشَبَّكَ بَيْنَ أَصَابِعِهِ. مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ

Абу Муса аль-Ашъариден (р.а.) келген риваятта Алланын элчиси мындай айткан:

“Момун-мусулмандын момун-мусулманга болгон абалы, бир бөлүгү экинчи бөлүгүн бекем кармап турган имараттарга окшош”. Аз. Пайгамбар муну түшүндүрүп берүү үчүн эки колунун манжаларын бирибирине бириктирди.[3]

2. Фиили сүннөт

Аз. Пайгамбарыбыздан (с.а.в.) намаз, орозо, ажылык, зекет сыяктуу түрдүү ибадаттар жана башка бардык диний жөрөлгөлөрдүн сахабалар аркылуу риваят кылынышы фиили сүннөт болуп саналат.

“رَأَيْتُ رَسُولَ اللهِ ﷺ يَفْعَلُ كَذَا” *(Алла элчисинин ушундай кылып жатканын көрдүм)*, “كَانَ رَسُولُ اللهِ ﷺ يَفْعَلُ” *(Алла элчиси мындай кылат эле),* такрирде болсо “فَعَلْتُ بِحَضْرَةِ النَّبِيِّ ﷺ” (*Пайгамбардын алдында мындай кылдым)* сыяктуу сөздөр фиили сүннөткө мисал болот.

عَنِ ابْنِ عَبَّاسٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُما قَالَ: كَانَ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ عِنْدَ الكَرْبِ: «لَا إِلَهَ إِلَّا اللَّهُ العَظِيمُ الحَلِيمُ، لَا إِلَهَ إِلَّا اللَّهُ رَبُّ العَرْشِ العَظِيمِ، لَا إِلَهَ إِلَّا اللَّهُ رَبُّ السَّمَوَاتِ وَرَبُّ الأَرْضِ، وَرَبُّ العَرْشِ الكَرِيمِ».

Ибн Аббас (р.а.) мындайча деди: “Аз. Пайгамбар (с.а.в.) башына кандай гана кыйынчылык түшпөсүн ушул дубаны окуйт эле: *“Азиз (улук) жана Халиим (боорукер) Алладан башка эч кандай кудай жок. Бийик Арштын ээсинен башка илах (кудай) жок. Арш жана жер асмандардын Раббысы Алладан башка кудай жок”.*[4]

3. Бухари. *Салаат.* 88; Муслим. *Бирр.* 65.
4. Бухари. *Даават.* 27.

3. Такрири сүннөт

Сахабанын жасаган ишине же жүрүм-турумуна Аз. Пайгамбардын каршы чыкпастан унчукпай коюусу. Башкача айтканда жакшы маандайда кабыл алып тастыктоосу болуп саналат. Мисалы, суу таба албагандыгы үчүн таяммум менен намаз окуган адам намаздан кийин суу тапкан учурда намазды кайра окуган эмес. Аз. Пайгамбар да муну тастыктаган. Буга башка мисал катары төмөнкү хадис келет:

Амр б. Асдан келген риваятта ал мындайча буюрду: *"Зату-с-Саласил газасы[5]" маалында түнкүсүн суук болуп, түшүркөп (ихтилам) калдым. Ооруп, өлүп калуу коркунучунан улам гусул алган жокмун. Дароо таяммум алып, досторума багымдат намазында имамчылыкка өттүм. Бул жөнүндө Аз. Пайгамбарга кабар бердим. Ал мага: "Жунуп болуп калганында досторуңа намазда имам болгон турбайсыңбы ээ?" – деди. Мен жуунуга тоскоол болгон себепти айтып, Алла Тааланын (Куранда)* **"Өзүңөрдү өзүңөр өлтүрбөгүлө! Акыйкатта, Алла силерге Мээримдүү"[6] –** *деп айткандын уктум дедим. Аз. Пайгамбар жылмайды да эч нерсе айткан жок.*[7]

Сүннөттүн түрлөрүн жана жогоруда сүрөттөлгөн мисалдарды карап көрсөк, биринчиси Аз. Пайгамбардын оозеки кайрылуусу, экинчиси жүрүм-туруму, үчүнчүсү кандайдыр бир окуяга күбө болгон маалда ачык түрдө же унчукпай колдоосу болуп саналат.

ЭСКЕ САКТАЙБЫЗ

Ачык түрдө өкүмү жок маселелердеги сахабалардын пикирлери жана алардын иш-аракеттери да такрир сүннөт катары кабыл алынган. Анткени алар Аз. Пайгамбар менен тез тез көрүшүп, жасаган иш-аракеттерин ага билдирип турушкан. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) алардын жасагандарын көрүп, кемчилдиктери болсо оңдөп турган. Сүйүктүү пайгамбарыбыздын (с.а.в.) тынымсыз көзөмөлүндө болгон сахабалардын көз-карашы да пайгамбардын көз-карашы катары каралган. Ошондуктан сахабалардын пикирлери да такрир сүннөт катары эсептелген. Мисалы, Хузайфадан (р.а.) келген риваятта: "Биз Аз. Пайгамбар менен бирге тамактанууга отурганыбызда ал колун сунуп баштамайынча биз баштабайт элек", – деп айткан. (Муслим. *Китабу-л-Ашриба*. VI, 245.)

B. СҮННӨТТҮН ӨКҮМҮ

Сүннөт Курандан кийинки Исламдын экинчи булагы болуп саналат. Себеби, Алла Таала Пайгамбарыбызга (с.а.в.) Ислам динин жеткирүүчү милдетин жүктөгөн жана анда адам баласы үчүн эң сонун үлгү бар экендигин билдирген.[8]

Айрыкча бул темага байланыштуу бир нече аят бар:

✓ "***Алладан коркуп, элчиге мойун сунгула! Балким (ошондо) ырайым кылынаарсыңар!"***[9]

5. Пайгамбарыбыз катышкан жана өзү башкарган согуштар "газа" деп аталат.
6. Ниса. 4/29.
7. Абу Давуд. *Тахара.* I, 92.
8. Азхаб. 33/21.
9. Аалу Имран. 3/132.

✓ ***“Ким пайгамбарга баш ийсе, албетте ал Аллага баш ийгени”.***[10]

✓ ***“Анан дагы айт: “Эгер силер Алланы сүйсөңөр, анда мени ээрчигиле. Ошондо Алла силерди сүйөт жана күнөөңөрдү кечирет”.***[11]

✓ ***“Айткын: “Алланы жана Анын элчисин ээрчигиле”! Эгер жүз бурушса, албетте, Алла – каапырларды жек көрөт!”.***[12]

Жогорудагы аяттарда мусулмандарга алгач Аллага, андан кийин Пайгамбарга баш ийүү буйрук берилген. Пайгамбарга баш ийүү анын сүннөтүн орундатуу болуп саналат.

Алла Тааланын буйруктары жана тыюу салуулары Пайгамбардын (с.а.в.) түшүндүрмөлөрү жана көнүгүүлөрү аркылуу белгилүү болгон. Намаз, орозо, зекет, ажылык сыяктуу бир нече ибадаттын аткарылышы хадистерден жана анын иш-аракеттеринен алынган. Ислам аалымдары кандайдыр бир маселени чечүүдө Курандан кийин эле экинчи негизги булак катары хадис жана сүннөттү колдонушкан.

Сүйүктүү пайгамбарыбыздын бардык сөз, кыймыл-аракет жана такрирлери сүннөт болуп саналат. Аз. Пайгамбардын иш-аракеттери үчкө бөлүнөт:

1. ***Диний ибадаттар:*** Намаз, орозо, ажылык сыяктуу ибадаттар, үй-бүлө куруу, соода-сатык менен алектенүү сыяктуу коомдук жашоого байланыштуу иш-аракеттерди атасак болот. Булардын бардыгы сүннөт болуп саналат. Ошондой эле аларды аткаруу зарыл.

2. ***Аз. Пайгамбардын жеке өзүнө таандык болгондор:*** Аз. Пайгамбардын жеке өзүнө таандык кыймыл-аракеттер. Мисалы, жалгыз өзүнө таандык болгон төрттөн ашык аял алуу.

3. ***Инсан катары жасаган иш-аракеттери:*** Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) адам катары башка адамдар сыяктуу тамактануусу жана кийинүүсү буга мисал боло алат.

Г. ДИНДИН БУЛАГЫ КАТАРЫНДА СҮННӨТ

1. АЗ. ПАЙГАМБАРГА ЖАНА АНЫН СҮННӨТҮНӨ БОЛГОН МУКТАЖДЫК

Алла Таала пенделери арасынан тандап алган “наби” жана “расул” аттуу пайгамбарларды, өзү менен адамдар ортосунда байланыш түзүү жана аларга маалыматты жеткирүү үчүн милдеттендирген. Бардык пайгамбарларга Аллага Тааланын буйруктарын жана тыюларын пенделерине жеткирүү жана аларды туура жолго салуу милдетин жүктөлгөн. Пайгамбарлар (с.а.в.) бул ыйык милдетти так жана кынтыксыз аткарышкан. Ошондой эле пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в.) Алла Тааладан алган милдетти так аткарган жана үммөтүнө жашоосу аркылуу үлгү көрсөткөн.

﴿يَاأَيُّهَا الرَّسُولُ بَلِّغْ مَا أُنْزِلَ إِلَيْكَ مِنْ رَبِّكَ وَإِنْ لَمْ تَفْعَلْ فَمَا بَلَّغْتَ رِسَالَتَهُ﴾

“Эй, элчи! Сага Алладан түшкөн нерсени аларга жеткир! Эгер сен антпесең, анда Анын элчилигин аткарбаган болосуң”.[13]

10. Ниса. 4/80.
11. Аалу Имран. 3/31.
12. Аалу Имран. 3/32.
13. Мааида. 5/67.

МААЛЫМАТ КУТУЧАСЫ

Ар бир пайгамбардай эле, Пайгамбарыбыздын да төмөнкүдөй негизги милдеттери бар:

Таблиг (жеткирүү, үгүттөө): Алладан келген вахий кабарды адамдарга толугу менен жеткирүү.

Табйин (түшүндүрүү): Куранды жеткирүү менен бирге андагы мааниси оор аяттарды чечмелөө жана түшүндүрүп берүү.

Ташри: Куранда өкүмү жок маселелерде сүннөттүн өкүм чыгаруусу.

Тамсил: Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) айткандарын жашоосунда ишке ашырып үлгү болуусу.

﴿وَإِنْ تُطِيعُوهُ تَهْتَدُوا﴾

"Ал эми пайгамбарга мойун сунсаңар, анда туура жолду табасыңар".[14]

﴿وَمَا آتَاكُمُ الرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَاكُمْ عَنْهُ فَانْتَهُوا﴾

"Пайгамбар силерге эмне алып келген болсо, аны алгыла; ал эмнеден тыйган болсо, андан тыйылгыла".[15]

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) вахий аркылуу Алладан алган Куран аяттарын инсандарга жеткирүү менен гана чектелип калбастан түшүндүрүп берип, жашоосу аркылуу көрсөтө алган. Албетте аны түшүндүрүү жана чечмелөө негизги милдеттеринин бири болуп саналат.

Чындыгында, ыйык китебибиз жетиштүү түрдө түшүнүктүү. Бирок адамдардын түшүнүү деңгээли ар башка болгондуктан дайыма эле толук баамдай беришпейт. Адамдарды түшүнбөгөн нерселери үчүн жоопкерчиликке тартуу да болбойт. Ушул себептен керектүү нерселерди гана айтуу керек.

Эң сонун, эң туура, так жана канааттандырарлык түшүндүрмөнү Пайгамбарыбыз (с.а.в.) берет. Алла Таалага кулдук кылуудан башка милдети болбогон адамдар анын түшүндүрмөлөрү аркылуу гана ага кулдук кылууну үйрөнүшөт. Андыктан сүннөтсүз Ислам динин элестетүү мүмкүн эмес. Себеби Куран Аз. Пайгамбар тарабынан жоромолдонуп иш жүзүнө ашырылган.

Пайгамбарыбызга (с.а.в.) моюн сунуу тууралуу Куран Каримде жана пайгамбардын хадистеринде билдирилген.

Куранда мындайча буюрулган:

﴿قُلْ إِنْ كُنْتُمْ تُحِبُّونَ اللَّهَ فَاتَّبِعُونِي يُحْبِبْكُمُ اللَّهُ وَيَغْفِرْ لَكُمْ ذُنُوبَكُمْ﴾

"Анан дагы айт: "Эгер силер Алланы сүйсөңөр, анда мени ээрчигиле. Ошондо Алла силерди сүйөт жана күнөөңөрдү кечирет. Алла – Кечиримдүү, Боорукер!"[16]

﴿لَقَدْ كَانَ لَكُمْ فِي رَسُولِ اللَّهِ أُسْوَةٌ حَسَنَةٌ لِمَنْ كَانَ يَرْجُو اللَّهَ وَالْيَوْمَ الْآخِرَ وَذَكَرَ اللَّهَ كَثِيرًا﴾

14. Нур. 24/54.
15. Хашр. 59/7.
16. Аалу Имран. 3/31.

“Чындыгында, силер үчүн да, Алланы, акырет күнүн үмүт кылгандар жана Алланы көп эске алган адамдар үчүн да – Алланын элчисинде көркөм өрнөктөр бар”.[17]

﴿فَإِنْ تَنَازَعْتُمْ فِي شَيْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى اللَّهِ وَالرَّسُولِ إِنْ كُنْتُمْ تُؤْمِنُونَ بِاللَّهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ﴾

“Эй ыймандуулар, Аллага баш ийгиле! Алланын элчисине баш ийгиле! Ошондой эле силердин араңардагы колуна бийлик берилгендерге баш ийгиле! Эгер бир нерсе жөнүндө талашып калсаңар, анда Аллага жана пайгамбарга кайтаргыла, эгер силер Аллага жана акырет Күнүнө ишенсеңер. Мына ушул эң жакшы жана мыкты көрсөтмө!”[18]

﴿فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤْمِنُونَ حَتَّى يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ ثُمَّ لَا يَجِدُوا فِي أَنْفُسِهِمْ حَرَجًا مِمَّا قَضَيْتَ وَيُسَلِّمُوا تَسْلِيمًا﴾

“О жок! Сенин Эгеңе ант, алар өздөрүндөгү талаш-тартышка сени калыс кылмайынча момун боло алышпайт. Андан соң алар сен кылган өкүмгө каршы болушпайт, ага толугу менен мойун сунушат.[19]

Аз. Пайгамбар мындайча буюрган:

“...Ким менин сүннөтүмдөн баш тартса ал менден эмес”.[20]

ТАЛКУУ ЖҮРГҮЗГҮЛӨ

“Динден алыстоо сүннөттөн баш тартуу менен башталат. Аркан акырындык менен үзүлгөндөй эле, дин дагы сүннөттөн акырындап отуруп алыстап жок болот”.[1]

Ушул риваяттын алкагында досторуңуз менен сүннөттүн диндеги орду маселеси жөнүндө талкуу уюштургула.

1. Дарими. *Мукаддима.* 16.

Жогорудагы бардык аят жана хадистерден белгилүү болгондой мусулмандар сүннөткө бекем байланган учурда гана Ислам дининин касиетин коргой алышат. Ачуу чындык, сүннөт жок жерде бидат өз күчүн көрсөтө баштайт.

БИЛИП АЛАЛЫ

Бидат – динде болбогон, бирок динден деп кабылданган ишеним, ибадат жана иш-аракеттер. Мисалы, тумар чийдирип адамды коргой тургандыгына ишенүү сыяктуу.

17. Ахзаб. 33/21.
18. Ниса. 4/59.
19. Ниса. 4/65.
20. Бухари. *Никах.* 1; Муслим. *Никах.* 5.

2. СҮННӨТТҮН БУЛАГЫ ЖАНА ДИНДЕГИ ОРДУ

Жогоруда да айтылгандай сүннөт, Пайгамбарыбыздан (с.а.в.) Курандан тышкары келген ар түрдүү сөз, жүрүм-турум жана такрирлер болуп саналат. Сүннөт, бул ыйык Куранда "усва-и хасана" деп билдирилген Аз. Пайгамбардын жашоосу жана Аз. Айшанын "Анын адеп ахлагы Куран" – деп айтканы.[21]

Пайгамбардын (с.а.в.) жашоосу, бул тирүү Куран болгон. Сүннөт, бул жашоо тарзы. Бул ислам укугунун гана булагы эмес, ошондой эле коомдук жашоону жөнгө салуунун ажырагыс бөлүгү.

Бардык мусулмандар сүннөттүн далил экендиги маселесинде бирдей пикирде. Сүннөттүн диндеги ордун билдирген бир нече аят бар.

﴿وَمَا كَانَ لِمُؤْمِنٍ وَلَا مُؤْمِنَةٍ إِذَا قَضَى اللَّهُ وَرَسُولُهُ أَمْرًا أَنْ يَكُونَ لَهُمُ الْخِيَرَةُ مِنْ أَمْرِهِمْ وَمَنْ يَعْصِ اللَّهَ وَرَسُولَهُ فَقَدْ ضَلَّ ضَلَالًا مُبِينًا﴾

"Алла менен Анын элчиси кайсыл-бир иш тууралуу өкүм чыгарса, момун эркек менен момун аял үчүн тандоонун кажети жок. Ошондуктан ким Аллага, Анын элчисине каршы чыкса, анда ал ачык адашкан болот".[22]

﴿يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا اسْتَجِيبُوا لِلَّهِ وَلِلرَّسُولِ إِذَا دَعَاكُمْ لِمَا يُحْيِيكُمْ وَاعْلَمُوا أَنَّ اللَّهَ يَحُولُ بَيْنَ الْمَرْءِ وَقَلْبِهِ وَأَنَّهُ إِلَيْهِ تُحْشَرُونَ﴾

"Эй ыймандуулар! Силер үчүн жакшылык алып келүүчү нерсеге чакырып жатканда Аллага жана элчисине ээрчигиле жана да Алла инсан менен анын жүрөгүнүн араларында экендиги, силер Ага кайтып бара тургандыгыңарды билгиле".[23]

Башка бир аятта Алла Таала адамдарды Пайгамбарыбыздын буйругуна каршы чыкпоого буюрган.

لَا تَجْعَلُوا دُعَاءَ الرَّسُولِ بَيْنَكُمْ كَدُعَاءِ بَعْضِكُمْ بَعْضًا ۚ قَدْ يَعْلَمُ اللَّهُ الَّذِينَ يَتَسَلَّلُونَ مِنْكُمْ لِوَاذًا ۚ فَلْيَحْذَرِ الَّذِينَ يُخَالِفُونَ عَنْ اَمْرِهٖٓ اَنْ تُصِيبَهُمْ فِتْنَةٌ اَوْ يُصِيبَهُمْ عَذَابٌ اَلِيمٌ

"Андыктан, Анын буйругуна каршы чыккандар өздөрүнө (Алладан) бир апаат келеринен, же болбосо жан чыдагыс азап келеринен сактанышсын".[24]

21. Ахмад б. Ханбал. VI, 188.
22. Ахзаб. 33/26.
23. Анфал. 8/24.
24. Нур. 24/63.

ОЙЛОНУП КӨРӨЛҮ

Хадис аалымдары арасында “арика” деген ат менен белгилүү болгон риваят дагы сүннөттүн негизги булактардын бири экендигин айгинелейт.

«لَا أُلْفِيَنَّ أَحَدَكُمْ مُتَّكِئًا عَلَى أَرِيكَتِهِ يَأْتِيهِ الْأَمْرُ مِنْ أَمْرِي مِمَّا أَمَرْتُ بِهِ أَوْ نَهَيْتُ عَنْهُ، فَيَقُولُ: لَا نَدْرِي، مَا وَجَدْنَا فِي كِتَابِ اللَّهِ اتَّبَعْنَاهُ»

Абу Рафиден келген риваятта Алланын элчиси (с.а.в.) мындайча буюрду: ***“Мен буйрук кылган же тыюу салган бир маселе келген маалда араңардан бирөө жөлөнүп алып, биз бул жөнүндө билбейбиз, Алланын китебинде буюрулгандарды гана аткарабыз, – дегендерден болбогула”.***[1]

Бул хадистен белгилүү болгондой сүйүктүү Пайгамбарыбыз (с.а.в.) күндөрдөн бир күнү анын динде өкүм чыгаруу укугунун болбогонун, сүннөттүн жалпы принциптерине маани бербегендердин жана Куранды жетиштүү деп эсептегендердин чыгарын айткан. Ал боюнча үммөтүнөн бирөө дагы мындай жолго түшпөшү керектигин баса белгилеген.

1. Тирмизи. *Илим.* 10; Абу Давуд. *Сүннөт.* 5.

Куран алдында сүннөттүн үч жоопкерчилиги бар. Булар такид, тафсир жана ташри.

Такид: Курандын кандайдыр бир өкүмүн бекемдөөсү. Мисалы:

﴿وَأَقِيمُوا الصَّلَاةَ وَآتُوا الزَّكَاةَ﴾

“Намаз окугула, зекет бергиле”.[25]

﴿يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا كُتِبَ عَلَيْكُمُ الصِّيَامُ﴾

“Эй, ыймандуулар! силерге да орозо кармоо буйрулду”.[26]

﴿وَلِلَّهِ عَلَى النَّاسِ حِجُّ الْبَيْتِ مَنِ اسْتَطَاعَ إِلَيْهِ سَبِيلًا﴾

“Мүмкүнчүлүгү жеткендерге Алла (ырааазылыгы) үчүн Каабага ажылык кылуу милдети жүктөлдү. Ким мындан жүз үйүрсө, чындыгында, Алла – ааламдагыларга Муктаж эмес!”[27]

Жогорудагы аяттар менен буйрук кылынган ибадаттар Аз. Пайгамбардын: *“Ислам беш негиздин үстүнө курулган. Алладан башка илахтын жок экендигине, Мухаммеддин Алланын*

25. Бакара. 2/43.
26. Бакара. 2/183.
27. Аалу Имран. 3/97.

элчиси экендигине күбөлүк келтирүү, намаз окуу, зекет берүү, Алланын үйүнө ажылыкка баруу жана Рамазан айында орозо тутуу"[28] хадиси аркылуу тастыкталган.

Тафсир: Сүннөт, бул Куранда мааниси жабык же түшүнүү кыйын болгон сөздөрдү чемелейт. Мисалы Куранда: "Намаз окугула, зекет бергиле". – деп буюрулган. Бирок намаз менен зекеттин түзүлүшү, шарттары, өлчөмү жана аткаруу эрежелери билдирилген эмес. Ошондуктан мааниси оор (мужмал) терминдер сүннөт тарабынан түшүндүрмө берилет.

"Ак жип менен кара жип даана таанылган таңга чейин тамактана бергиле. Орозону кечке чейин кармагыла!"[29] деп буюрулган аяттагы ак жип менен кара жиптен максат түндүн караңгылыгы менен күндүздүн жарыктыгы деп Пайгамбар (с.а.в.) түшүндүрмө берген. Бул хадистер аркылуу сүннөттүн маанилүүлүгүн билсек болот.

Ташри: Куранда билдирилбеген маселелерде сүннөт өкүм чыгарат. Мисалы, чоң эненин мурас алууга укуктуу болушу, битир садака, эшек этинин желбей турганы жана алтын тагынуу эркек кишиге арам болушу сыяктуу өкүмдөр Куранда жок, бирок сүннөттө билдирилген өкүмдөр болуп саналат.

Жогорудагы аяттардын бардыгы жол көрсөтүүчү катары Аз. Пайгамбарды ишарат кылган. Тактап айтканда, Куран Аз. Пайгамбарды белгилеп өтсө, Аз. Пайгамбар да Куранды белгилеп өткөн. Аз. Айшанын "Анын адеп-ахлагы Куран", – деп айтуусу чындык экендигин далилдейт.

Жыйынтыктап айтканда, сүннөт диндин негизи жана Курандан ажырагыс бөлүгү. Курансыз сүннөттү, ал эми сүннөттү Курансыз элестетүү мүмкүн эмес.

ЭСКЕ САКТАЙБЫЗ

1. Сүннөт Ислам дининде Курандан кийинки эле экинчи булак болуп эсептелет. Өзгөчө Ислам дининдеги ибадаттар жана алардын аткарылышы сүннөт тарабынан бекемделет.
2. Сүннөт, Куранды түшүнүү жана аны аңдай билүүдө Ислам коомчулугунун ажырагыс мисалы. Ушул себептен, сүннөткө негизделбестен Исламды түшүнүүгө жана түшүндүрүүгө аракет кылуу туура эмес.
3. Аллага кулдук кылуунун өлчөмү жана өрнөгү Аз. Пайгамбардын иш-аракеттери т.а. сүннөтү болуп саналат. Ошондуктан туура сүннөткө, туура багытка жана так маалыматка муктаждык бар.

3. СҮННӨТТҮН НЕГИЗДҮҮЛҮГҮ

Жалпысынан сүннөт динде таасирдүү күчкө ээ. Пайгамбарга (с.а.в.) баш ийүү, чыгарган өкүмүнө ыраазы болуу, өкүмүнө каршы момундардын тандоо укугунун жоктугун билдирген аяттар, сүннөттүн мусулмандардын жашоосунда таасирдүү жана активдүү күчкө ээ экендигин билдирет.

Бирок, Аз. Пайгамбардын ар кандай өзгөчөлүктөгү сүннөтүнүн негиздүүлүк даражасы бирдей эмес.

28. Бухари. *Ыйман.* 1, 2; Муслим. *Ыйман.* 19-22.
29. Бакара. 2/187.

1. Намаз, орозо, ажылык, зекет ж.б. сыяктуу маселелер боюнча айткандары жана жасаган иш аракеттери негиздүү. Анткени Аз. Пайгамбардын ушул сыяктуу аракеттери элчилик милдети менен байланыштуу.

2. Соода-сатык, айыл-чарба, ооруларды сакайтуу, маданият ж.б. адистикти талап кылган багыттар кудайдын буйругу болбосо диний жоопкерчиликти талап кылбайт.

3. Аз. Пайгамбардын инсан катары жасаган иш-аракеттери. Мисалы, тамактануу, кийинүү, уктоо, отуруп-тууру сыяктуулар диний жоопкерчилик катары каралбайт. Бирок булар биз үчүн адеп-ахлактык жактан үлгү болуп саналат. Себеби Куран Аз. Пайгамбардын бийик адеп-ахлагына, адамдык касиетине токтолгону менен физикалык жагына токтолгон эмес. Натыйжада, Алла элчисинин пайгамбарлык милдети жана адеп-ахлагына байланыштуу сөз жана жүрүм-турумдар бизге диний жоопкерчиликти жүктөйт.

ОЙЛОНУП КӨРӨЛҮ

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) Мадина тургундарынын курма бактарын кыйыштырып жатканын көрүп, кыйыштырбоо кеңешин берет. Мадина мусулмандары Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) ушул кеңешине кулак кагып, кыйыштыруу иштерин дароо токтотушат. Бирок ошол жылы, мөмө-жемиштер бышпастан жерге төгүлүп, ысырап болот. Аз. Пайгамбар мындай абалды көрөөр замат, *“Ошол учурда айткандарым менин жеке оюм, эгер ишке жараса аткарасыңар. Мен деле силер сыяктуу адаммын, жеке пикирим туура да болушу мүмкүн, ката да болушу мүмкүн. Эгер мен сизге Алла Таала айткан бир нерсени айтсам, анда бул туура экендигин билгиле. Себеби мен эч качан Алла Таалага жалган жалаа жаппайм”.* – деп айткан.[1]

1. Ибн Маажа. *Рух.* 15; Муслим. *Фадаил.* 141.

Окуу бөлүмү

СҮННӨТ МЕНЕН ЫРАКАТТАНУУ

Аз. Пайгамбарды өз көзү менен көрүп, анын жыпар жыты менен жыттанган ардактуу сахабалардын даражасына жетүү албетте мүмкүн эмес. Муну бизден күткөн дагы жок. Эң негизгиси алардын жолун жолдоо жана жүрөктү алардын улуу жолуна туташтыруу маанилүү.

Аз. Пайгамбардын: *"Сүннөтүмдөн баш тарткан менден эмес",*[30] – деген эскертүүсүн ойлонушубуз керек. *"Сүннөтүмдү жашаткан мени жакшы көргөн болот, мени жакшы көргөн да мени менен бейиште бирге болот",* (Тирмизи. Илим. 16) деген сүйүнчүсү да үмүт нурларын жүрөгүбүзгө жайып, бизди сүннөттүн айланасында бириктириши керек. Себеби какшыган жер сууга канчалык муктаж болсо, адам баласы да сүннөткө муктаж. Адамдык баалуулуктар жоголуп, технологияга ыктаган сайын роботтошкон доордо сүннөттү жашатып калууга мажбурбуз.

Дүйнөнүн кооздугу бизди өзүнө тартып алды. Дүнүйөөгө кызыгуу күч алды. "Мен дүйнөдө дарактын көлөкөсүндө эс алып, андан кийин жолумду уланткан жолоочу сыяктуумун",[31] – деп айткан Пайгамбардын жашоосун унутуп баратабыз.

Мадина шаарына жамгырдай жааган олжолор тегеректегилерге кеңири чачылып, кирпичтен жасалган, ылай шыбалган, курма дарагынын бутактары менен жабылган жапыз үйүнө колунда жок, бирок көңүлү ток кайткан Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) шүгүрчүлүгүнө көзүбүздү жана кулагыбызды жаап койдук.

Жок, андай болбош керек. Аз. Пайгамбардын жөнөкөй жашоосунан сырткары такыбалыгын, чынчылдыгын, ишенимдүүлүгүн, жумшактык жана кечиримдүүлүгүн, аракетчилдигин жана сабырдуулугун жашообузга негиз алышыбыз керек. Кээде кайгы-капа жана оору-сыркоо бирин артын бири келет. Жашоодон тажап, өлүмдү куткаруучу катары эсептеген маалда Алла элчисинин сүннөтү оттой жаңган жүрөктү сергитет.

Аз. Айша энебиз: "Алла элчисинен да катуу ооруган адамды көрбөдүм". – деп айткан.

"Алла Таала эң жакшы көргөн жана жакшылыкты каалаган адамдарга оору берээрин, кыйынчылыкка туруштук жана сабыр кылгандарга ыраазы болорун".[32] *билдирген.*

30. Бухари. *Никах.* 1.
31. Тирмизи. *Зухд.* 44.
32. Бухари. *Марда.* 1.

“Мусулмандардын башына түшкөн оору, кайгы-муң, азап жана түйшүк, ал тургай бутуна сайылган тикенектин да күнөөлөрдүн жойулуусуна себеп болорун”,[33] билгенден тартып кайгы-капабыз жеңилдей түшөт.

Адамдарга күч жана кубаныч тартуулаган жүздөгөн ушундай хадистер моралдык жана материалдык жактан жабыркаган мусулмандарга жашоону сүйдүртүп, тынчтык жана бейпилдик алып келери анык.

33. Бухари. *Марда.* 1.

СУРООЛОР БӨЛҮМҮ

А. ТӨМӨНДӨГҮ СУРООЛОРГО ЖООП БЕРГИЛЕ?

1. Сүннөт канча түргө бөлүнөт? Кыскача түшүндүрмө бергиле.

.....

.....

.....

2. Негиздүүлүк жагынан Аз. Пайгамбардын кыймыл аракети канчага бөлүнөт? Түшүндүрүп бергиле.

.....

.....

.....

3. Сүннөттүн Куранга болгон үч милдетин түшүндүрүп бергиле?

.....

.....

.....

4. Сүннөттүн негиздүүлүгү туурасында маалымат бергиле?

.....

.....

.....

5. Сүннөттүн диндеги орду жөнүндөгү бир аятты кыскача түшүндүрүп бергиле?

.....

.....

.....

Б. ТӨМӨНДӨГҮ СУРООЛОРДУН ТУУРА ВАРИАНТЫН БЕЛГИЛЕГИЛЕ?

1. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы сүннөттүн сөздүк маанилеринин бири?

А. Ак кийинүү.

Б. Бисмилла деп айтуу

В. Көнүмүш-адат жана жол.

Г. Оң кол менен тамактануу.

Д. Окшошуу.

2. Сүннөт жөнүндөгү төмөнкү сөздөрдүн кайсынысы туура?

А. Сүннөт кавли жана фиили болуп экиге бөлүнөт.

Б. Сүннөт, бул Аз. Пайгамбардын жасаган ар бир ишин так аткаруу.

В. Сүннөт, Курандан кийинки Ислам динининн экинчи булагы.

Г. Пайгамбарыбыздын инсан катары жасаган иш-аракеттери да биз үчүн негиздүү.

3. Төмөндөгү аяттардын кайсынысы сүннөттүн өкүмү менен түз байланышта эмес?

А. “Алладан коркуп, элчиге (Мухаммедге (с.а.в.)) мойун сунгула! Балким (ошондо) ырайым кылынаарсыңар!”

Б. “Кимде ким Пайгамбарга моюн сунган болсо Аллага моюн сунган болот”.

В. Анан дагы айт: “Эгер силер Алланы сүйсөңөр, анда мени ээрчигиле. Ошондо Алла силерди сүйөт жана күнөөңөрдү кечирет”.

Г. “Пайгамбар силерге эмне алып келген болсо, аны алгыла; ал эмнеден тыйган болсо, андан сактангыла”.

Д. “Мен да силер сыяктуу эле адаммын. Мага: Кудайыңар бир гана Алла экени (Анын жалгыздыгы) тууралуу кабарлар келүүдө”.

4. Аз. Пайгамбардын кандайдыр бир темадагы оозеки билдирүүлөрү кандай аталат?

А. Фиили сүннөт

Б. Кавли сүннөт

В. Такрири сүннөт

Г. Кабар

Д. Рисалат

5. Пайгамбарыбыздын намаз, орозо, ажылык сыяктуу ибадаттары жана үй-бүлө куруу, соода-сатык сыяктуу коомдук турмушка байланыштуу иш-аракеттери анын жүрүм-турумунун кайсы жагын чагылдырат?

А. Диний багытын

Б. Адамдык касиетин

В. Илимий жагын

Г. Экономикалык абалын

Д. Ыктыярдуулугун

В. КАШАНЫН ИЧИНДЕГИ СӨЗДӨРДҮ КОЛДОНУП БОШ ЖЕРЛЕРДИ ТОЛТУРГУЛА

(үлгү – такрири сүннөт – пайгамбарлык – көркөм өрнөктөр)

1. Алла Тааладан келген чындыктарды Аз. Пайгамбардын жеткирүүсү жана түшүндүрүп берүүсү анын ..... милдети менен түз байланышта.

2. “Чындыгында, силер үчүн да, Алланы, акырет күнүн үмүт кылгандар жана Алланы көп эске алган адамдар үчүн да – Алланын элчисинде ..... бар”.

3. Сүннөт, бул Аз. Пайгамбардын улуу китебибизде деп баяндалган ..... жашоосу.

4. Аз. Пайгамбардын мандайында жасалган, айтылган же ага жеткирилген сөз жана жүрүм-турумдарга каршы чыкпастан, унчукпай же жакшы маандайда кабыл алуусу же болбосо тастыктоосу ..... деп аталат.

ЫЙМАН ЖАНА АЛЛАГА БОЛГОН СҮЙҮҮ ЖӨНҮНДӨГҮ ХАДИСТЕР

1. عَنْ عُمَر بْنِ الْخَطَّابِ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ: «بَيْنَمَا نَحْنُ عِنْدَ رَسُولِ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ ذَاتَ يَوْمٍ، إِذْ طَلَعَ عَلَيْنَا رَجُلٌ شَدِيدُ بَيَاضِ الثِّيَابِ، شَدِيدُ سَوَادِ الشَّعَرِ، لَا يُرَى عَلَيْهِ أَثَرُ السَّفَرِ، وَلَا يَعْرِفُهُ مِنَّا أَحَدٌ، حَتَّى جَلَسَ إِلَى النَّبِيِّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، فَأَسْنَدَ رُكْبَتَيْهِ إِلَى رُكْبَتَيْهِ، وَوَضَعَ كَفَّيْهِ عَلَى فَخِذَيْهِ، وَقَالَ: يَا مُحَمَّدُ أَخْبِرْنِي عَنِ الْإِسْلَامِ، فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «الْإِسْلَامُ أَنْ تَشْهَدَ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللَّهُ وَأَنَّ مُحَمَّدًا رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، وَتُقِيمَ الصَّلَاةَ، وَتُؤْتِيَ الزَّكَاةَ، وَتَصُومَ رَمَضَانَ، وَتَحُجَّ الْبَيْتَ إِنِ اسْتَطَعْتَ إِلَيْهِ سَبِيلًا»، قَالَ: صَدَقْتَ، قَالَ: فَعَجِبْنَا لَهُ يَسْأَلُهُ، وَيُصَدِّقُهُ، قَالَ: فَأَخْبِرْنِي عَنِ الْإِيمَانِ، قَالَ: «أَنْ تُؤْمِنَ بِاللَّهِ، وَمَلَائِكَتِهِ، وَكُتُبِهِ، وَرُسُلِهِ، وَالْيَوْمِ الْآخِرِ، وَتُؤْمِنَ بِالْقَدَرِ خَيْرِهِ وَشَرِّهِ»، قَالَ: صَدَقْتَ، قَالَ: فَأَخْبِرْنِي عَنِ الْإِحْسَانِ، قَالَ: «أَنْ تَعْبُدَ اللَّهَ كَأَنَّكَ تَرَاهُ، فَإِنْ لَمْ تَكُنْ تَرَاهُ فَإِنَّهُ يَرَاكَ»، قَالَ: فَأَخْبِرْنِي عَنِ السَّاعَةِ، قَالَ: «مَا الْمَسْئُولُ عَنْهَا بِأَعْلَمَ مِنَ السَّائِلِ» قَالَ: فَأَخْبِرْنِي عَنْ أَمَارَتِهَا، قَالَ: «أَنْ تَلِدَ الْأَمَةُ رَبَّتَهَا، وَأَنْ تَرَى الْحُفَاةَ الْعُرَاةَ الْعَالَةَ رِعَاءَ الشَّاءِ يَتَطَاوَلُونَ فِي الْبُنْيَانِ»، قَالَ: ثُمَّ انْطَلَقَ فَلَبِثْتُ مَلِيًّا، ثُمَّ قَالَ لِي: «يَا عُمَرُ أَتَدْرِي مَنِ السَّائِلُ؟» قُلْتُ: اللَّهُ وَرَسُولُهُ أَعْلَمُ، قَالَ: «فَإِنَّهُ جِبْرِيلُ أَتَاكُمْ يُعَلِّمُكُمْ دِينَكُمْ». رَوَاهُ مُسْلِمٌ.

1. Умардын (р.а.) айтымында:

Бир жолу биз Алланын элчисинин жанында олтурсак жаныбызга адаттан тыш аппак кийимчен жана адаттан тыш кап- кара чачтуу бир адам пайда болду. Бул адамда алыс жол басып чарчап чалыгуунун эч бир белгиси жок эле. Бирок бул адам биздин эч кимибизге тааныш да эмес болучу. Ал Мухаммед (с.а.в.) жанына тизе тийиштире олтурду да алаканын анын санынын (тизесинин) үстүнө коюп: "О, Мухаммед мага Ислам тууралуу айтып берчи!" – деди.

Алланын элчиси айтты:

"Ислам, бул – бир Алладан (Кудайдан) башка кудай жок жана Мухаммед – Алланын элчиси экендигине күбө болуу (бекемдөө), (Бир күндө беш маал) намаз окуу, (балагатка жеткендер Рамазан айында бир ай) орозо тутуу, (турмушу начар, бей-бечара, жакырлага ыктыярдуу жардам катары) зекет берүү жана (Меккедеги ыйык) Үйгө (Кабатуллага) зыйарат кылуу".

“Сен туура айттың” - деди тиги киши, Анын суроо берип жана өзү кайра ага (Алланын элчисинин жообуна): туура- деп айтып жатканына таңгалып олтурдук.

Алиги киши: “Эми мага Ыйман жөнүндө айтып берчи”, - деди.

Алланын элчиси айтты:

“Ыйман бул – Алланын барлыгына, Периштелерине, Китептерине, Пайгамбарларына, кыямат күнүнө жана Алланын алдын ала белгилеп койгон жакшы-жаман тагдырына ишенүү”.

“*Сен туура айттың”. - деди тиги киши.*

Ал дагы сурады: “Мага ихсан тууралуу айтып берчи”. (Мухаммед (с.а.в.)):

“Ихсан бул – Алла Тааланы көзүң менен көрүп тургандай сыйынып кулдук уруу. Анткени Алланы сен көрбөсөң да Ал сени көрүп турат”, - деди.

“*Эми мага Кыямат тууралуу айтып берчи”, - деди тиги киши.*

Бул тууралуу, суралып жаткан (Алланын элчиси) сурап жаткандан артык билбейт”, - деди Алланын элчиси.

Тиги киши дагы: “Эми мага анын (Кыямат Күнүнүн) алдын –ала болуучу белгилери жөнүндө айтчы”, - деди.

Алланын элчиси айтты:

“Аялдан анын кожоюну туулушун жана бийик-бийик имарат үйлөрдү куруу боюнча мелдешип жан талашкан жылаң аяк, жылаңач, томаяк (жакыр) малчыларды көрөсүң”.

Ушундан кийин баягы киши кетип, мен бир азга унчукпай туруп калдым. Ошондо Алланын элчиси:

“Оо! Умар, (суроолор) сураган бул ким экенин билесиңби?-деди. *Мен: «Аны Алла жана Анын Элчиси баарынан жакшы билет”, – дедим.*

“Бул силерге өз диниңерди үйрөтүү үчүн келген Жабраил (периште)” – *деди Алланын элчиси.*[34]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Ислам, бул бир Алладан (Кудайдан) башка кудай жок жана Мухаммед – Алланын элчиси экендигине күбөлүк берүү (бекемдөө), намаз окуу, орозо тутуу, зекет берүү жана мүмкүнчүлүгү болгондордун ажылыкка баруусу.

2. Ыйман, бул Аллага, периштелерине, китептерине, пайгамбарларына, акырет күнүнө жана Алланын алдын ала белгилеп койгон жакшы-жаман тагдырына ишенүү.

3. Ихсан, бул Алла Тааланы көзүң менен көрүп тургандай ибадат кылуу жана Алла сени дайыма көрүп тургандыгын билип жашоо.

4. Ыйман, Ислам жана ихсанды бири-биринен ажыратып кароого мүмкүн эмес.

34. Муслим. *Ыйман.* 1, 5.

5. Адам билбеген нерсени билбейм деп айтуусу бул илим. Бул анын баалуулугун жоготпойт, тескерисинче анын такыба экендигинин далилдейт.

6. Суроо берүүчүнүн сылык, ал эми сурооого жооп берген аалымдын да кичипейил мамиле кылышы керек.

2. عَنْ أَنَسٍ عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «ثَلَاثٌ مَنْ كُنَّ فِيهِ وَجَدَ بِهِنَّ حَلَاوَةَ الْإِيمَانِ: مَنْ كَانَ اللَّهُ وَرَسُولُهُ أَحَبَّ إِلَيْهِ مِمَّا سِوَاهُمَا، وَأَنْ يُحِبَّ الْمَرْءَ لَا يُحِبُّهُ إِلَّا لِلَّهِ، وَأَنْ يَكْرَهَ أَنْ يَعُودَ فِي الْكُفْرِ بَعْدَ أَنْ أَنْقَذَهُ اللَّهُ مِنْهُ، كَمَا يَكْرَهُ أَنْ يُقْذَفَ فِي النَّارِ». مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ

2. *Анас б. Маликтен (р.а) келген риваятта Аз. Пайгамбар мындайча буюрган:* ***“Кимде бул үч нерсе болсо ыймандын даамын таткан болот: Алла жана Анын элчисини бардыгынан артык жакшы көрүү. Алланын ыраазычылыгы үчүн гана жакшы көрүү. Алла аны каапырчылыктан куткаргандан кийин кайра каапырчылыкка кайтууну, отко ыргытылуу сыяктуу коркунучтуу жана кооптуу деп эсептөө”.***[35]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Ыймандын даамын татуу үчүн Алланы жана Анын элчисин бардык нерседен артык көрүү, жакшы көргөн адамды Алла үчүн жакшы көрүү, ыйман жолуна түшкөндөн кийин, ыймансыздык жолуна түшүүнү отко ыргытылгандай жек көрүү.

2. Адамды Алланын ыраазычылыгы үчүн жакшы көрүү.

3. Ыймансыздык жолуна кайтуу үчүн кысым көрсөтүлүп, ага туруштук берген адам, алардан жогору турат.

3. عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «لَا تَدْخُلُونَ الْجَنَّةَ حَتَّى تُؤْمِنُوا، وَلَا تُؤْمِنُوا حَتَّى تَحَابُّوا، أَوَلَا أَدُلُّكُمْ عَلَى شَيْءٍ إِذَا فَعَلْتُمُوهُ تَحَابَبْتُمْ؟ أَفْشُوا السَّلَامَ بَيْنَكُمْ». رَوَاهُ مُسْلِمٌ.

3. *Абу Хурайрадан (р.а.) келген риваятта, Алланын элчиси мындайча буюрду:*

“Силер ыйман келтирмейинче бейишке кире албайсыңар. Бири-бириңерди сүймөйүнчө (толук) ыйман келтире албайсыңар.Силерге бир ишти айтайынбы, эгер аны кылсаңар, анда ортоңордо сүйүү жаралат – бири-бириңерге салам айтууну жайылткыла”.[36]

35. Бухари. *Ыйман.* 9, 14.; Муслим. *Ыйман.* 67.

36. Муслим. *Ыйман*. 93.

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Ыйман бейиштин ачкычы. Бейишке момундардан башкасы кире албайт. Ар бир пайгамбардын үммөтүнүн ичинен бейишке киргендер да болот. Бирок Исламдан кийин башка диндердин өкүмдөрү жокко чыгарылган.

2. Сүйүү – ыймандын негизи. Момундар бири-бирин жакшы көрүүлөрү, бул динибиздин милдети. Бири-бирин жакшы көрмөйүнчө толук мусулман боло алышпайт.

3. Сүйүү бул жөн эле сөз эмес. Ал адамга аткарылышы керек болгон бир катар милдеттерди жүктөйт.

4. Момундардын арасында сүйүүнүн жайылуусу үчүн аракеттенүү керек.

5. Сүйүүнү жайылтуунун бир нече жолу бар. Эң негизгиси бул саламдашууну кеңири жайылтуу.

4. عَنْ ابْنِ عَبَّاسٍ قَالَ: سَمِعْتُ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «عَيْنَانِ لَا تَمَسُّهُمَا النَّارُ: عَيْنٌ بَكَتْ مِنْ خَشْيَةِ اللَّهِ، وَعَيْنٌ بَاتَتْ تَحْرُسُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ». رَوَاهُ التِّرْمِذِيُّ.

4. *Ибн Аббасдан (р.а.) келген риваятта, Алланын элчиси мыйндай буюрду:*

“Эки көзгө тозок оту тийбейт. Алладан коркуп ыйлаган көз жана Алланын жолунда нөөмөткө туруп түнөгөн көз”.[37]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Алладан коркуу анын буйруктарын аткаруу жана тыюларынан сактануу камтыйт.

2. Ыйлоо бул өкүнүүнүн жана бушаймандыктын белгиси. Бушаймандык тообо келтирүү дегенди билдирет. Тообосу кабыл болгондор тозок азабынан кутулат.

3. Алла жолунда жүргөндөрдүн бир нече түрү бар. Бардыгы даражасына жараша пазилеттүү.

4. Алла жолунда жүргөн мусулман тозокто калбайт.

37. Тирмизи. *Фазаилу-л-жихад.* 12.

5. عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ، عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، قَالَ: «سَبْعَةٌ يُظِلُّهُمُ اللَّهُ فِي ظِلِّهِ يَوْمَ لَا ظِلَّ إِلَّا ظِلُّهُ: الْإِمَامُ الْعَادِلُ، وَشَابٌّ نَشَأَ بِعِبَادَةِ اللَّهِ، وَرَجُلٌ قَلْبُهُ مُعَلَّقٌ فِي الْمَسَاجِدِ، وَرَجُلَانِ تَحَابَّا فِي اللَّهِ اجْتَمَعَا عَلَيْهِ وَتَفَرَّقَا عَلَيْهِ، وَرَجُلٌ دَعَتْهُ امْرَأَةٌ ذَاتُ مَنْصِبٍ وَجَمَالٍ، فَقَالَ: إِنِّي أَخَافُ اللَّهَ، وَرَجُلٌ تَصَدَّقَ بِصَدَقَةٍ فَأَخْفَاهَا حَتَّى لَا تَعْلَمَ يَمِينُهُ مَا تُنْفِقُ شِمَالُهُ، وَرَجُلٌ ذَكَرَ اللَّهَ خَالِيًا، فَفَاضَتْ عَيْنَاهُ». مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ

5. *Абу Хурайрадан (р.а.) келген риваятта, Алланын элчиси мындайча буюрду:*

“Алла Таала 7 адамды өзүнүн көлөкөсүнөн башка көлөкө болбогон кыямат күнүндө, өзүнүн көлөкөсүнө калкалайт. Булар:

1) Адилеттүү падыша,

2) Алла Тааланын ибадатында чоңойгон жигит.

3) Жүрөгү мечитке байланган адам.

4) Алла Таала үчүн гана бири-бирин жакшы көрүп, ортолорунда эч бир дүйнөлүк максат болбогон, алардын жолугуусу да бөлүнүп кетүүсү да Алла үчүн болгон эки адам.

5) Абройлуу жана сулуу аял өзүнө чакырганда “Мен Алладан корком” деп буга жакындашпаган эркек.

6) Оң колу менен берген садаканы, сол колу билбей калганчалык жашырып берген адам.

7) Жалгыздыкта Алланы эстеп көздөрү жашка толуп ыйлаган адам”.[38]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Махшар күнү (сот жообуна тартылуу күнү) адамдар алоолонуп күйүп турган күн астында кыйналып күтүп турушат.

2. Алла ушул коркунучтуу күнү ибадаттарын чын ыкластуулук менен кылган пенделерин коргойт жана аларды өзү калкалайт.

3. Алла Таала кыямат күнү коргой турган адамдардын башына адилеттүү мамлекет башчысы келет.

4. Акыйкат башкаруу инсандардын тынчтыкта жашашын камсыз кылгандыктан Алла Таала адилеттүү башкаруучуларды жакшы көрөт жана алардан ыраазы болот.

5. Алла Таала пенделеринин жалгыз гана өзүнүн ыраазычылыгына ылайык келген амалдарынан ыраазы болот.

38. Бухари. *Азан.* 36; Муслим. *Зекет.* 91.

6. Алладан коркуп көз жашын төгүү, акыретте Алла Тааланын аршынын көлөкөсүндө баш калкалоо бактылуулугуна жетет.

6. عَنْ أَبِي مُوْسَى الأَشْعَرِيِّ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ أَنَّ النَّبِيَّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «المَرْءُ مَعَ مَنْ أَحَبَّ». مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

6. *Абу Муса аль-Ашъариден (р.а.) келген риваятта, Аз. Пайгамбар мындайча буюрду:*

“Киши жакшы көргөн адамы менен бирге болот”.[39]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Мусулман кимди жакшы көргөнүнө көңүл бурушу керек. Анткени жакшы көргөн, жакшы көргөн адамы сыяктуу болууга жана ага окшошууга аракет кылат. Бул дагы анын акыретине таасирин тийгизет.

2. Чынчыл жана мыкты инсандарды жакшы көрүү, бул акыретте да алар менен бирге болууга мүмкүнчүлүк берет.

3. Жакшы адамдарды жакшы көргөн, алар менен бирге болууну да жакшы көрөт.

4. Жакшы көргөндөрү менен бирге болуусу, кишинин бардык жагынан алар менен бирдей дегенди билдирбейт.

5. Алла жактырбаган адамдарды жактыруу туура эмес.

7. عَنْ عَائِشَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهَا قَالَتْ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «مَنْ أَحَبَّ لِقَاءَ اللَّهِ، أَحَبَّ اللَّهُ لِقَاءَهُ، وَمَنْ كَرِهَ لِقَاءَ اللَّهِ، كَرِهَ اللَّهُ لِقَاءَهُ» فَقُلْتُ: يَا نَبِيَّ اللَّهِ أَكَرَاهِيَةُ الْمَوْتِ؟ فَكُلُّنَا نَكْرَهُ الْمَوْتَ، فَقَالَ: «لَيْسَ كَذَلِكِ، وَلَكِنَّ الْمُؤْمِنَ إِذَا بُشِّرَ بِرَحْمَةِ اللَّهِ وَرِضْوَانِهِ وَجَنَّتِهِ، أَحَبَّ لِقَاءَ اللَّهِ، فَأَحَبَّ اللَّهُ لِقَاءَهُ، وَإِنَّ الْكَافِرَ إِذَا بُشِّرَ بِعَذَابِ اللَّهِ وَسَخَطِهِ، كَرِهَ لِقَاءَ اللَّهِ، وَكَرِهَ اللَّهُ لِقَاءَهُ». رَوَاهُ مُسْلِمٌ.

7. *Айша (р.а.) энебизден келген риваятта, Алланын элчиси мындайча буюрду:*

“Ким Аллага жетүүнү кааласа, Алла да ага жетүүнү каалайт. Ким Аллага жетүүнү каалабаса, Алла да ага жетүүнү каалабайт”, *– буюрду. Мен “Оо! Алланын элчиси өлүмдү*

39. Бухари. *Адаб.* 96; Муслим. *Бирр.* 165.

жакшы көрбөгөндүктөнбү (жетүүнү каалабайт)? Андай болсо баарыбыз өлүмдү жакшы көрбөйбүз", - дедим.

"Жок, андай эмес. Момун-мусулманга Алланын ырайымы, ыраазычылыгы жана бейиши сүйүнчүлөнгөндө Алла Таалага жетүүнү каалайт, ошол учурда Алла да ага жетүүнү каалайт. Каапырга Алланын азабы жана каары кабар берилгенде Аллага жетүүнү жактырбайт, Алла да ага жетүүнү жактырбайт", – *деп*[40] *буюрду.*

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Өлүм төшөгүндөгү мусулманга Алла Тааланын ырайымы, бейиши жана андан ыраазы экендиги кабарланат. Ошондой эле ал да өлүмдү кубаныч менен кабыл алат.

2. Өлүм төшөгүндөгү каапырга да Алланын андан ыраазы эместиги жана сөзсүз түрдө тозокко кирери кабар берилет. Ушундан улам ал да өлүмдү каалабайт. Албетту бул анын жүзүнөн эле билинип турат.

3. Ошондуктан ар бир момун-мусулман Алла Тааланын акыретте ага даярдалган жакшылыктары жөнүндө ойлонуп, ага жетүүнү каалашы керек. Акыл-эси жайында болсо, акыретти бул дүйнө жашоосунан артык көрүшү керек.

40. Муслим. *Зикр.* 14-17.

БӨЛҮМ II

ХАДИС ЖАНА ХАДИС ТЕРМИНОЛОГИЯСЫ

БӨЛҮМДҮН МАЗМУНУ

- А. ХАДИСТИН СӨЗДҮК ЖАНА ТЕРМИНОЛОГИЯЛЫК МААНИСИ
- Б. СҮННӨТТҮН ХАДИС МЕНЕН БАЙЛАНЫШЫ
- В. ХАДИСТИН ТҮРЛӨРҮ
- Г. ХАДИС ЖАНА ХАДИС ИЛИМИНИН МААНИЛҮҮЛҮГҮ
- Д. ХАДИСТИН БӨЛҮМДӨРҮ
- Е. РИВАЯТ ЖАНА РИВАЯТ МЕТОДДОРУ
- Ё. РАВИ ЖАНА РАВИДЕ ТАЛАП КЫЛЫНГАН ШАРТТАР
- Ж. РАВИЛЕРДИН ТАКТАЛУУСУ (ЖАРХ ЖАНА ТАЪДИЛ)

ДАЯРДЫКТАР

1. Бөлүмдүн аягындагы хадистердин бирин жакшылап окуп, изилдеп чыгыңыз. Түшүнгөнүңүздү досторуңуз менен бөлүшүңүз.
2. Эмне үчүн мурунку илимпоздордун эс тутуму негизинен күчтүү болгон? Мунун себептери жөнүндө ой-жүгүртүңүз.
3. Күндөлүк жашоодо хадис жана сүннөт терминдеринин кандай мааниде колдонулгандыгын изилдеңиз.
4. Хадис булактарындагы кудси хадистер менен набави хадистерди салыштырып, ортосундагы айырмачылыктарды белгилеңиз.

А. ХАДИСТИН СӨЗДҮК ЖАНА ТЕРМИНОЛОГИЯЛЫК МААНИСИ

Араб тилинде “хадис” сөзүнүн сөздүк мааниси “жаңы” дегенди билдиргендей эле, “аңгеме, риваят, тарыхый маалымат” дегенди да билдирет. Бирок эң көп колдонулган мааниси бул “сөз жана кабар”. Көбүнчө Куранда ушул мааниде колдонулат.

﴿فَبِأَيِّ حَدِيثٍ بَعْدَ اللَّهِ وَآيَاتِهِ يُؤْمِنُونَ﴾

“Эми алар Алланын аяттарынан кийин кайсыл сөзгө ишенишет?”[41]

﴿هَلْ أَتَاكَ حَدِيثُ مُوسَى﴾

“Сага Мусанын баяны жеттиби?”[42]

Ал эми “хадис” сөзүнүн терминологиялык мааниси Аз. Пайгамбардын сөзүн, жүрүм-турумун жана такрирлерин (жактыруусун) билдирген сүннөттүн оозеки түрдө билдирилиши.

Мухаддистердин аныктамасы боюнча хадис жалгыз гана Аз. Пайгамбардын сөзү, кыймыл-аракети жана такрирлери эле эмес, анын физиологиясы (адамдын сырткы келбети, дене түзүлүшү) жана адеп-ахлактык сыпаттары дагы хадис болуп саналат. Хадис сөзүн термин катары колдонулушу Пайгамбарыбыздын хадистеринде да кездешет.

Буга мисал катары Абу Хурайра: **“Оо, Алланын элчиси! Кыямат күнү сиздин шапаатыңызга ээ болгон эң бактылуу адам ким? – деп суроо узатканда, Аз. Пайгамбар: “Сенин хадиске болгон сүйүүңдү билгендиктен, сенден мурун бул жөнүндө эч ким мага суроо сурабайт деп божомолдоп жаткам. Кыямат күнү менин шапаатыма ээ боло турган эң бактылуу адам чын ыкластан “лааилааха иллаллах” деген адам”,**[43] – деп буюрган.

Кээ бир хадис аалымдар “хадис” түшүнүгүн Пайгамбарыбыздын сөздөрү үчүн гана эмес, сахаба жана табиундан келген диний мазмундагы сөздөр үчүн да колдонушкан.

“Хадис” сөзүнүн синоними катары колдонулган сөздөрдүн бири бул “кабар” сөзү. Бирок, бул сөз кеңири мааниде болуп, диний жана диний эмес мазмундагы ар кыл кабарлар камтылган.

Бул терминди башкалардан келген кабарлардан айырмалоо үчүн Пайгамбарыбыздан келген риваяттарга **хадис**, ал эми ушул илим менен алектенгендер **мухаддис** деп аталган. Сахаба, табиун жана башкалардан риваят кылынган сөздөр да **кабар** деп аталган.

41. Жаасия. 45/6.
42. Тооха. 20/9.
43. Бухари. *Сахих.* I. 33; IV. 204.

Б. СҮННӨТТҮН ХАДИС МЕНЕН БАЙЛАНЫШЫ

Сүннөт менен хадис бири-бири менен тыгыз байланышта болгон эки термин. Жада калса бири экинчисинин ордуна колдонулат. Айрым хадис аалымдары Аз. Пайгамбардын айткан сөздөрү, жүрүм-туруму жана жактыруусу (такрир) менен бирге анын физиологиялысын (хилки), адеп-ахлагын (хулки) жана мурдагы жашоосуна байланыштуу маалыматтарды да камтыгандыгын айтышкан. Ошондуктан хадисти сүннөткө караганда кеңири мааниде экендигин белгилешкен. Айрым мухаддистердин айтымында, хадис Пайгамбардын сөздөрүн гана камтыйт. Бул жагынан караганда сүннөт хадиске салыштырмалуу кеңири мааниде деп кабылдашкан. Булардын айтымында Аз. Пайгамбардын шамаили (физиологиялык жана адеп-ахлак боюнча өзгөчөлүктөрү) да сүннөттүн катарына кирет.

МААЛЫМАТ КУТУЧАСЫ

Бул Пайгамбарыбыздын физикалык өзгөчөлүктөрүнө берилген ысым. Шамаили-шариф жана хиля-и шарифтерде пайгамбардын сырткы көрүнүшү жана адеп-ахлактык өзгөчөлүктөрү кеңири түшүндүрүлгөн.

Сүннөт менен хадистин ортосунда так айырмачылык жок болсо да, мындай айырма бар деп айтууга болот. Сүннөт, бул оозеки риваят болуп болгонуна карабастан, диний жана укуктукка далалат кылат. Бирок, ар бир хадис үчүн муну айтуу мүмкүн эмес.

Мисалы Аз. Пайгамбарыбыз: “Намазды мен окугандай окугула” – деп айткан. Сахабалар да ага карап намаз окушкан. Ошентип, анын намаз окуу ыкмасы бизге сүннөт катары келген.

Ал эми, Пайгамбарыбыз (с.а.в.): *“Акыйкатта амалдар ниеттерге жараша. Акыйкатта пенде үчүн анын кылган ниети ашык атат”,*[44] – деп айтканы бул оозеки хадисти билдирет.

Сүннөт жана хадистин орток өзгөчөлүгү, бул экөө тең Пайгамбарыбыздан (с.а.в.) бизге карай риваят аркылуу келген. Бирок, хадис сүннөткө караганда кененирээк мааниге ээ, себеби анда Пайгамбарыбызга тиешелүү риваяттардын бардыгы камтылган. Корутундулап айтканда эң негизги нерсе, бул: *Бул эки термин синоним катары колдонулганы менен сүннөт көбүн эсе практикада ал эми хадис оозеки риваяттарда колдонулат.*

ТИЗМЕКТЕП ЧЫГАЛЫ

Сүннөт жана хадистин орток өзгөчөлүктөрү

а- .....

б- .....

44. Бухари. Сахих. Иман. 41, Никах. 5.

В. ХАДИС ЖАНА ХАДИС ИЛИМИНИН МААНИЛҮҮЛҮГҮ

1. Жогоруда хадис жана сүннөттүн Курандан кийинки эле экинчи негизги булак экендигин баса белгиле кеттик. Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) хадистерин динибиздеги ордун жана маанилүүлүгүн төмөнкүчө баяндоого болот.

а. *Куран аяттарына ылайык келип, аны кубаттап турат.* Мисалы Куранда: **“Эй ыйман келтиргендер! Бир-бириңдин мал-мүлкүңдү арам жолдор менен жеп койбогула!”**[45] – деп буюрулган. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) да бир мусулмандын мүлкү анын макулдугу жок башка бирөөгө адал болбой тургандыгын айткан.

б. *Куранды чечмелеп берет.* Мисалы, Куранда намаздын парз экени айтылды, бирок кайсыл убакта, канча рекет окула турганы туурасында маалымат жок. Аз. Пайгамбар бул боюнча маалымат алууну каалаган сахабаларга: “Мен намазды кандай окусам, ошондой окугула”, – буюруп, өзү чечмелеп берген. Ажылык жана зекетти орунтадуу жол жобосун билдирген хадистер да бар.

в. *Хадистер Куранда билдирилбеген өкүмдөрдү чыгарат:* Мисалы, деңиздеги өлгөн балыктын, качыр, эшек, арстан, жолборс, пил, карышкыр, маймыл жана ит сыяктуу жаныбарлар менен шумкар, карчыга, бүркүт сыяктуу жырткыч куштардын этинин арамдык өкүмү Куранда билдирилбегени менен хадистерде кеңири айтылган.

2. Хадистер Ислам дининде эле эмес, Ислам маданият тарыхы жагынан да маанилүү болуп саналат. Он миңдеген хадис материалы жана аларды бириктирген эбегейсиз зор хадистер жыйнагы Ислам коомчулугунун диний, саясий, экономикалык, социалдык жана маданий өнүгүүсүнө зор салым кошкон бай булак болуп саналат.

Бул булак, Исламдан мурун жана Ислам дининин алгачкы дооруларында жашаган адамзат коомдорунун каада-салттары, үрп-адаттары жана жашоо образы жөнүндө маалымат берүү жагынан чоң мааниге ээ.

Г. ХАДИСТИН ТҮРЛӨРҮ

Хадистер жалпы классификация боюнча эки топко бөлүнөт:

1. Набави хадистер
2. Кудси хадистер

Бул хадистердин булактарына ылайык жасалган классификация болуп саналат. Набави хадистер деп Аз. Пайгамбардын сөздөрүн, жүрүм-турумдарын жана такрирлерин билдирген риваяттарды айтабыз. Ал эми кудси деп мааниси Аллага, сөздөрү Пайгамбарга (с.а.в.) таандык хадистерди айтабыз. Башкача айтканда, Пайгамбарыбыз түш аркылуу же илхам менен Алладан келген кабарларды өз сөзү менен жеткирүүсү. Ушундай хадистер кудси, раббани же илахи хадистер деп да аталат.

Бирок булар вахий сыяктуу түшүрүлбөгөндүктөн Куран катары көрүлбөйт. Бул хадистер негизинен төмөнкүдөй сөздөр менен башталат:

قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فِيمَا يَرْوِيهِ عَنْ رَبِّهِ

45. Ниса. 4/29.

Алланын элчиси Раббысынан риваят кылып мындайча деди:

قَالَ اللَّهُ تَعَالَى فِيمَا رَوَاهُ عَنْهُ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ

Алланын элчиси риваят кылган хадисте Алла Таала мындайча буюрду..

"قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ اللَّهُ تَعَالَى"

Алла элчисинен риваят кылынганына караганда Алла Таала мындайча буюрду

Кудси хадиске төмөнкү хадисти мисал келтирсек болот:

حَدَّثَنَا إِسْحَاقُ بْنُ إِبْرَاهِيمَ، وَمُحَمَّدُ بْنُ الْمُثَنَّى، كِلَاهُمَا عَنْ عَبْدِ الصَّمَدِ بْنِ عَبْدِ الْوَارِثِ، حَدَّثَنَا هَمَّامٌ، حَدَّثَنَا قَتَادَةُ، عَنْ أَبِي قِلَابَةَ، عَنْ أَبِي أَسْمَاءَ، عَنْ أَبِي ذَرٍّ، قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: فِيمَا يَرْوِي عَنْ رَبِّهِ تَبَارَكَ وَتَعَالَى «إِنِّي حَرَّمْتُ عَلَى نَفْسِي الظُّلْمَ وَعَلَى عِبَادِي، فَلَا تَظَالَمُوا»

"... Пайгамбар (с.а.в.) Раббынан риваят кылып, мындайча деди: *"Оо, пенделерим! Мен зулумдукту өзүмө да, силерге да арам кылдым. Андыктан бири-бириңерге зулумдук кылбагыла".*[46]

Д. ХАДИСТИН БӨЛҮМДӨРҮ

Кандайдыр бир хадисти изилдей турган болсок, алгач анын эки бөлүмдөн турганын көрүүгө болот. Санад жана матн деп аталган бул бөлүмдөрдү катары менен карап көрөлү.

1. Санад

Санаддын терминологиялык мааниси: Хадистин алгачкы булагына чейинки жолду түзгөн равилердин чынжырчасы. Башкача айтканда, хадисти акыркы жеткирген мухаддис менен Аз. Пайгамбар ортосундагы равилердин ысымдары. Хадистин кимден келгендигин көрсөткөн жана документ катары каралган санад, хадистин кепилдиги болуп саналган. Мисалы:

حَدَّثَنَا آدَمُ بْنُ اَبِى اِيَاسٍ قَالَ حَدَّثَنَا شُعْبَةُ عَنْ عَبْدِ اللهِ بْنِ اَبِى السَّفَرِ وَاِسْمَاعِيل عَنِ الشَّعْبِى عَنْ عَبْدِ اللهِ بْنِ عَمْرٍو عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: اَلْمُسْلِمُ مَنْ سَلِمَ الْمُسْلِمُونَ مِنْ لِسَانِهِ وَيَدِهِ وَالْمُهَاجِرُ مَنْ هَجَرَ مَانَهَى اللهُ عَنْهُ.

Абу Курайб Мухаммед б. аль-Алаа (ө.248/863) – Ибрахим б. Муса (ө.225/840) – Ибн Аби Заида (ө.183/800) – Атасы (Закарийа б. Халид б. Маймун) (ө.147/765) – Халид б. Салама (ө.

46. Муслим. *Бирр.* 55.

132/750) – Бахийй (ө.?) – Урва (ө.94/173) – Айша (ө. 57/677) санады менен риваят кылганына караганда ал мындай деген: “Алла элчиси (с.а.в.) дайыма Алланы эскерет эле”.[47]

Буд хадисте *Абу Курайб Мухаммед б. аль-Алаа, Ибрахим б. Муса, Ибн Аби Заида, Атасы (Закариййа б. Халид б. Маймун), Халид б. Салама, Бахийй, Урва, Айша* хадисти риваят кылган равилер тактап айтканда санад бөлүмү болуп саналат. يَذْكُرُ اللهَ сөзүнөн тарта аягына чейин матн (текст) бөлүмү болуп саналат.

Хадиске байланыштуу дагы бир термин бул иснад.

“Санад” жана “иснад” терминдерин биринин ордун бирин колдонуу менен бирге иснад, хадистин санадын билдирилүүсү дегенди билдирет. Равилердин чынжырчасыны, т.а. санадды “хаддасана” (حَدَّثَنَا) (бизге айтты), “анбаана” (أَنْبَأَنَا) (бизге билдирди) жана “ахбарана” (أَخْبَرَنَا) (бизге кабар берди) жана (عَنْ) сыяктуу сөздөр менен билдирүү, сөздү ээсине таяндыруу дегенди билдирет. Эки терминдин тең көптүк түрү “асанид” деп аталат. Ошентип, хадистин алгачкы булагы болгон Пайгамбарыбызга жеткенге чейин үзгүлтүксүз равилер чынжырчасы түзүлөт. Бул иснад деп аталат. Эгер иснад чынжырында үзгүлтүк бар болсо, хадис алсыз жана кемчилдиктүү деп эсептелет. Ошондуктан хадис илиминде иснад өтө маанилүү болуп саналат. Табиин аалымдарынан Мухаммед б. Сирин: “Иснад динден. Диниңерди кимден алганыңарга көңүл бургула”, – деп айткан.

Хадис аалымдары бир хадисти түрдүү санаддар менен жеткиришкен. Бул санаддар күчтүүлүк жагынан бирдей даражада болбошу мүмкүн. Муну көрсөтүү үчүн хадисчилер көбүн эсе “бул хадис төмөнкү санад менен сахих, бул тарик менен илдеттүү (кемчиликтүү)” сыяктуу сөздөрдү көп колдонгондугун көрүүгө болот.

Көптөгөн хадис аалымдары хадистин туура экендигин аныктоо үчүн алгач санадка карашкан. Эгер санадды түзгөн равилер чынчыл жана ишенимдүү болушса, хадис текстинде кемчилдик жок болсо анда хадис сахих деп эсептелген. Ошондуктан, хадистин санады өтө маанилүү болгон.

2. Матн

Матн равилер чынжырчасынан кийин келген жана Аз. Пайгамбардын сөзү орун алган бөлүм болуп саналат. Матн (хадистин текстти) хадистин негизин түзөт жана иснаддан кийин келет. Негизи хадистин маңызы бул – матн. Хадис түзүмүнүн экинчи бөлүгүн түзөт. Терминологиялык мааниси “иснаддын бүткөн жери жана Аз. Пайгамбарга байланыштуу айтылган сөздөр” дегенди билдирет. Матн, иснад аркылуу риваят кылынган кабар болуп саналат. Негизинен, хадистин өзү матндан турат. Санад болсо, кийинчерээк кошулган бөлүк. Санад, сөздүн ээсине караштуу болуп болбогондугун аныктоого жардам берет. Хадистин бир равийден экинчи равийге берилиши – риваят, ал эми берилген хадис – марвий деп аталат.

Мисалы:

اَنَّ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: اِنَّمَا الْاِمَامُ لِيُؤْتَمَّ بِهِ اِذَا كَبَّرَ فَكَبِّرُوا
وَاِذَ رَكَعَ فَارْكَعُوا وَاِذَا قَالَ سَمِعَ اللهُ لِمَنْ حَمِدَهُ فَقُولُوا اللّٰهُمَّ رَبَّنَا لَكَ الْحَمْدُ

47. Муслим. *Хайз.* 3/30; Тирмизи. *Даават.* 44/9; Абу Давуд. *Тахарат.* 1/9; Ибн Маажа. *Тахарат.* 1/11; Ахмад б. Ханбал. *Муснад.* XL/473, XLII/112, XLIII/392; Абу Авана. *Муснад.* I/185; Абу Йаъла. *Муснад.* VIII, 152, 355; Ибн Хузайма. *Сахих.* I/104; Байхаки. *ас-Сунану-л-кубра.* I/90.

وَاِذَا سَجَدَ فَاسْجُدُوا وَلاَتَسْجُدُوا حَتَّى يَسْجُدَ وَاِذَا رَفَعَ فَارْفَعُوا وَلاَتَرْفَعُوا حَتَّى يَرْفَعَ وَاِذَ صَلَّى قَاعِدًا فَصَلُّوا قُعُودًا اَجْمَعُونَ.

Пайгамбар (с.а.в.) мындайча буюрду: *“Имамга баш ийишиңер керек. Ал такбир келтиргенде силер дагы келтиргиле, рукуга барганда силер дагы баргыла. Ал самиаллаху лиман хадима (Алла өзүнө мактоо айтканды угат) дегенде Аллахумма Раббана лака-л-хамд (Оо, Раббымыз! Мактоого өзүң гана татыктуусун) – деп айткыла. Ал саждага барганда силер дагы сажда баргыла. Ал сажда кылганга чейин силер сажда кылбагыла. Башын саждадан көтөргөндө силер дагы көтөргүлө. Ал көтөбөстөн көтөрбөгүлөр. Намазда отурганда, баарыңар чогулуп отургула*”.[48]

Е. РИВАЯТ ЖАНА РИВАЯТ МЕТОДДОРУ

Сөздү, окуяны уккандай же көргөндөй бирөөгө жеткирүү “риваят” деп аталат. Хадис илиминде риваят, бул хадис жана сүннөттүн жеткирилүүсү болуп саналат. Риваяттын максаты Аз. Пайгамбардын хадистерин кийинки муундарга туура жана так жеткирүү. Бүгүнкү күнгө чейин хадистер риваят аркылуу келген.

Пайгамбарыбыздын сөзүн уккан же жасаган иш-аракетин көргөн сахаба аны табиинге, табиин да өзүнөн кийинки муун болгон атбау-т-табиинге өткөрүп берген. Бул өткөрүп берүү оозек болгондой эле жазуу түрдүндө да болгон.

Хижрий III кылымдан бери оозеки же жазма түрүндөгү риваяттар белгилүү бир классификацияга бөлүнүп толук түрдө жазууга өткөрүлгөн. Ушул себептен бүгүнкү күнгө чейин хадис жыйнактары пайда болгон.

Хадис риваяты хадис усулунун эң маанилүү бөлүгүн түзөт. Хадис риваятына маани берген жана буга өтө кылдаттык мамиле жасаган хадис илимпоздору түрдүү ыкмаларды иштеп чыгышкан. Хадис алуунун (тахаммул) түрдүү жолдору бар. Дээрлик бардык хадис усулу китептери бул боюнча сегиз ыкмадан сөз кылышат. Бул сегизөөнүн ирети менен тизилишинде аалымдар бирдей пикирди карманып келишет. Булар катары менен *самаъ, ижазат, мунавала, китабат, иълам, васийят* жана *вижада* ыкмалары болуп саналат.

1. Самаъ (угуу)

“Самаъ” сөзүнүн сөздүк мааниси “угуу, тыңшоо” дегенди билдирет. Терминологиялык мааниси “устазы хадистерди шакиртине окуп берүүсү, шакиртинин да түздөн-түз устазынан угуу аркылуу хадистерди алуусу”, – дегенди түшүндүрөт. Самаъда устаздын хадистерди жатка же китебинен окуп берүүсү менен шакиртине жаздыруусунун (имла) ортосунда эч кандай айырмачылык байкалган эмес.

Самаъ – хадис усулунда хадис риваятында эң маанилүү жана эң жогорку даражалуу ыкма болуп саналат. Себеби хадис тарыхы, Аз. Пайгамбардын жашоосунда самаъ менен башталган жана негизинен самаъ менен уланган. Сахабалар Пайгамбардан (с.а.в.) уккан хадистерди ар дайым оозеки ыкма менен жеткиришкен. Мындай ыкма сахабадан кийинки муундар тарабынан дагы улантылып келген. Убакыттын өтүшү менен калган риваят ыкмалары колдонулуп келсе

48. Бухари. Салаа, 18.

дагы, самаъ ыкмасы өзүнүн күчүн жоготкон эмес. Мындай ыкмада устаз менен шакирттин жекеме-жеке жолугуулары милдеттүү болгондуктан, ишенимдүүлүгү боюнча башка ыкмаларга салыштырмалуу күчтүү деп таанылган.

Мен уктум деген маанидеги "самиъту" (سَمِعْتُ) сөзү, самаъ ыкмасына далалат кылган сөздөрдүн эң жогоркусу катары кабыл алынат. Мындан сырткары, шакирт жалгыз өзү эле хадисти устазынан самаъ ыкмасы аркылуу алса "хаддасании" (حَدَّثَنِي) (мага риваят кылды), топ-топ болуп алганда "хаддасанаа" (حَدَّثَنَا) (бизге риваят кылды) сөздөрүн колдонушу керек. Хижрий III. кылымдан баштап самаъ жолу менен алынган хадистер үчүн "каала" (قَالَ) (деди) сөзү колдонула баштаган.

2. Арз жана кыраат (сунуу жана окуп берүү)

"Кыраат" сөзү "окуу" дегенди түшүндүргөн "караа" (قَرَأَ) этишинин уңгусу (мастары) болуп саналат.[49] Арз жана кырааттын терминологиялык мааниси "шакирттин түздөн-түз хадис устазына риваяттарды окуп берүүсү же башка бирөө окуган риваяттарды тыңшоо аркылуу хадис алуусу", – дегенди билдирет. Бул ыкмада шакирттин китептен же жатка окуп берүүсү, хадис шейхинин хадисти жатка же колундагы жазылган нускадан көз салып туруусу ортосунда эч кандай айырмачылык байкалган эмес.

"Карату алаа фулаанин" (عَلَي فُلَانٍ قَرَأْتُ) (*паланчага окудум),* "каранаа алаа фуланин" (قَرَأْنَا عَلَي فُلَانٍ) (*паланчага окудук*,) "куриа алаа фуланин ва ана асмау " (قُرِأَ عَلَي فُلَانٍ وَأَنَا اَسْمَعُ) (*паланчага китеп окулду мен дагы тыңшадым)* сыяктуу сөздөр кыраат методуна далалат кылган сөздөрдөн болуп саналат. Мындан тышкары, "аразту" (عَرَضْتُ) (*сунуш кылдым, көргөздүм, окудум);* "ахбаранаа" (اَخْبَرَنَا) (*бизге кабар берди)*, "анбаанаа" (اَنْبَانَا) (*бизге кабар берди)* сыяктуу сөздөр дагы хадистердин кыраат ыкмасы менен келгендигин ырастаган сөздөрдүн катарына кирет.

3. Ижаазат (уруксат)

"Ижазат" сөзүнүн сөздүк мааниси "өтүү, туура келүү, уруксат берүү, өткөзүү, адалдоо" дегенди туюндурат.[50] Оозеки же болбосо жазма түрдө уруксат берүү дегенди билдирген ижазат – хадис устазынын оозеки же жазуу түрүндө же кат аркылуу шакиртине риваяттарын берүүсү жана хадистерди өзүнөн риваят кылуу үчүн ачык-айкын билдирүүсү. Демек, ижазаттын терминологиялык мааниси *"шакирттин устазына окубастан андан алган хадистерди риваят кылуу үчүн уруксат суроосу жана устазынын ага уруксат берүүсү"* дегенди билдирет.

Бул аныктамалардан белгилүү болгондой ижазат – хадистерди риваят кылууга, башкача айтканда, *риваят кылуу укугуна ээ болгондугун тастыктаган уруксат кагазы* дегенди билдирет. Уруксат берүү негизинен жазуу жана оозеки түрдө болуп бөлүнөт. Рави, устаздын жеке өзүнөн тыңшоо же арз ыкмасы менен алууга күчү жетпеген хадистерди риваят кылуу укугуна ээ болот. Ошондой эле ижазат аркылуу устазынан алган хадистерди башка бирөөгө үйрөтүү же риваят кылуу үчүн өзүнө берилген уруксат кагазы дагы риваяттын санадына тиркелет.

49. Asım Efendi, *Kamus,* c.1, s.80.

50. Asım Efendi, *Kamus,* c.2, s.786-787.

Ё. РАВИ ЖАНА РАВИДЕ ТАЛАП КЫЛЫНГАН ШАРТТАР

Хадис жеткиргендер “рави” деп аталат. Хадистин ишенимдүүлүгү биринчи кезекте аны жеткиргендердин ишенимдүүлүгү менен билинет. Бул жагынан алып караганда, дин жана дүйнө иштеринде чынчыл, Ислам динининин буйруктарына баш ийип, анын тыюу салууларынан оолак адам болушу керектелет.

Равини ишенимдүү кылган белгилүү сапаттар төмөнкүлөр:

1. Адилеттүүлүк / Адалат (العَدَالَةُ)

“Адалат” сөзүнүн сөздүк мааниси “туралык жана чынчылдык” дегенди билдирет. Хадис терминологиясында равинин риваят кылууга татыктуу болушу деген маанини берет. Адилеттүүлүк, бул равини такыбалыкка алып баруучу жана аны жаңылыштыктардан алыстатуучу өзгөчөлүк болуп саналат. Адилеттүүлүк, бул жакшы пенде болуунун жана толук мусулман болуунун зарылчылыгы. Себеби динибиз жакшы адеп-ахлактуу болууну жана жакшылыкты жайылтууну буюрган. Бул жерде адилеттүүлүк түшүнүгү зулумдун карама-каршысы эмес, бардык күнөөлөрдөн узак жана чын дилден мусулман болуу дегенди билдирет. Хадис риваятында адилеттүүлүк равиде керек болгон эң маанилүү сапаттардын бири.

Равиде адилеттүүлүк сапатынын болушу үчүн төмөнкү шарттар талап кылынат:

а. Равинин мусулман болуусу.

б. Равинин күнөөгө батыруучу ар кандай сөздөрдөн жана жүрүм-турумдардан алыс болуусу.

в. Равинин жакшылык ээси болуусу.

2. Забт

Забт, равинин эс тутумунун күчтүү болуусу дегенди билдирет. Башкача айтканда рави жаттаган хадисти башка бирөөгө риваят кылганга чейин эч бир өзгөтүүгө учуратпастан эсинде тутуусу. Бул өзгөчөлүк адилеттүүлүктөн кийин болушу керек болгон экинчи маанилүү шарт. Забт, равинин алган хадисин риваят кылганга чейин өзгөртпөстөн өзүндөй сактоосу.

3. Акылдуу жана балагатка жетүү

Хадис риваят кылуучу акыл эси ордунда болуп, эмне риваят кылганын билиши шарт. Акылдан максат, жакшы менен жаманды айырмалай билүү (тамйиз) жөндөмдүүлүгүнө ээ болуусу. Хадис риваятында белгилүү бир жаш курагы чектелген эмес, бирок балагатка жеткен же болбосо жакшы менен жаманды айырмалай билген ар жаштагы баланын риваяты кабылданган.

Ушундай үч шартка ээ болгон рави, хадиси кабылданган ишенимдүү (сика) равилерден болуп эсептелет.

Ж. РАВИЛЕРДИН ТАКТАЛУУСУ (ЖАРХ ЖАНА ТАЪДИЛ)

“Жарх” сөзүнүн лексикалык мааниси “жарадар кылуу, дартын козгоо, четке кагуу” дегенди билдирет. Терминологиялык мааниси “равиде же анын риваятындагы кемчиликтен улам равини же болбосо риваятын четке кагуу” дегенди туюндурат. Жарх, бул равинин ишенимсиздигин,

т.а., адилеттүүлүк жана забт сыпаттарына ээ эместигин билдирет. Кемчилдиги аныкталган рави “мажрух” деп аталат.[51]

“Таъдил” сөзүнүн лексикалык мааниси “ырастоо, тазалоо, түзөтүү, адилеттүүлүк менен өкүм жүргүзүү” дегенди түшүндүрөт. Терминологиялык мааниси “бир равинин адилеттүү экендигин айтып, анын риваяттарын кабылдоо” дегенди туюндурат. Таъдил кылынган, башкача айтканда, адилеттүүлүгү аныкталган равилер үчүн “сика” (ишенимдүү), “сабт” (бекем) жана “хужжат” (далил) сыяктуу терминдер колдонулат.[52]

Хадис илиминде равилердин “жарх” жана “таъдил” жагын изилдеген илим “жарх жана таъдил илими” деп аталат. Бул илимде айрым терминдер аркылуу равилердин кемчилдиктери жана артыкчылыктары иликтөөгө алынат.[53] Жарх жана таъдил, бул хадис риваят кылуучуларды сынга алып, алардын хадис риваят кылуудагы катачылыктарын же болбосо ишенимдүүлүгүн өзгөчө айрым терминдер менен ачыкка чыгаруу дегенди туюндурат.[54]

Жарх жана таъдил илими, хадистин эки негизги бөлүгүнүн бири жана ишенимдүү хадис матнына (хадис тексти) жетүү каражаты катары эсептелген иснадды жөнгө салуучу система болуп саналат. Бул системанын жардамы менен хадис жеткиргендердин диний жана илимий даражалары, ошондой эле хадистердин ишенимдүүлүгү жана тууралыгы ачыкка чыгат.

Рави келтирген кээ бир кемчиликтеринен улам адилеттүүлүк жана забт сапаттарын жоготуп коюшу мүмкүн. Бул кемчиликтердин бир бөлүгү равинин адилеттүүлүгүн жана экинчи бөлүгү забт сапаттарын жок кылат. Равинин адилеттүүлүк жана забт сапатын жокко чыгарган мындай өзгөчөлүктөр “равинин сынга кабылган негиздери” маанисинде “тан себептери” (каралоо себептери) деп аталат. Бул кемчиликтердин бешөөсү адилеттүүлүк, калган бешөөсү забт сыпатына тиешелүү. Ошондуктан алар жалпылап алганда матаин-и ашара деген ат менен белгилүү болгон.

Равинин адилеттүүлүгүн жокко чыгарган себептер:

1. **Кизбу-р-рави (كِذْبُ الرَّاوِي):** Равинин жалганчы болуусу дегенди билдирет. Хадис илиминде жалганчылык, бул равинин Аз. Пайгамбардын оозунан чыкпаган сөздү атайлап ага таяндырып риваят кылуусу. Кемчиликтери аныкталган мындай равинин риваяты кабылданбайт.

2. **Иттихаму-р-рави би-л-кизб** (اِتِّهَامُ الرَّاوِي بِالْكِذْبِ): Аз. Пайгамбардын хадистери тууралуу жалган айткандыгы белгисиз болгону менен күнүмдүк жашоодо жалган сүйлөдү деп айыпталуусу. Бул равинин жалганчы катары таанылышына алып келет. Бул “иттихаму-р-рави би-л-кизб” (равинин жалганчылык менен айыпталышы) деп аталат жана риваяттын четке кагылышына себеп болот.

3. **Фыску-р-рави (فِسْقُ الرَّاوِي):** Рави диний буйруктарга кайдыгер мамиле жасап, күнөө иштерди кылуусу. Тактап айтканда, рави сөз жана кыймылдарында куфурга алып барбаган айрым терс жүрүм-турумдарды жасоосу.

4. **Бидату-р-рави (بِدْعَةُ الرَّاوِي):** Бидат – динде болбогон, кийинчерек пайда болгон диний ишеним жана иш-аракеттер. Равинин Ислам динининин негизги принциптерине каршы келген көз-

51. Aşıkkutlu, “Cerh ve Tadil” mad., *DİA*, VII/394; Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis*, s.42.
52. Ünal, İmam Hatip Liseleri İçin Hadis, s.42.
53. Çakan, Anahatlarıyla Hadis, s.86.
54. Subhî es-Sâlih, Hadis İlimleri ve Hadis Istılahları, s.87.

караштарга ээ болуусу жана ушул сыяктуу көз-караштарды карманган топтордун катарына кошулуусу.

5. Жахалату-р-рави (جَهَالَةُ الرَّاوِي): Жахалату-р-рави – равинин жеке өзү же хадис риваят кылууга татыктуу болуп-болбогондугу жагынан жетиштүү деңгээлде таанылбай-билинбей калышы. Бул риваятынын кабыл алынбай калышына себеп болгон кемчилдик катары кабылданат.

Равинин забтын жарх кылган себептер.

Рави, адилеттүүлүк жагынан сынга кабылгандай эле забт жагынан да беш түрдүү сынга кабылат. Булар *"фухш-и галат, гафлат, вахм, су-и хифз, мухалафат"* болуп бешке бөлүнөт. Негизинен, булар эс-тутумга тиешелүү терс абалдарды билдирет. Равидеги бул кемчиликтер адилеттүүлүккө тиешелүү болгондор менен салыштырылганда жеңил катары каралат. Анткени атайлаган максат көрүнбөйт. Чындыгында адам байкабастан ката кетириши мүмкүн. Анткени ар бир адамдын эс-тутуму бирдей эмес. Сейрек кездешүүчү каталардан улам күнөөлө туура эмес. Керек болсо рави тууралуу сынга алган себеп катары көрүлбөшү мүмкүн. Бирок бул катачылыктардын артуусу, адатка айлануусу, риваяттын тууралыгы үчүн жана равиге болгон мамилени өзгөртөт. Бул каталар риваяттарынын жарымын же андан көбүн түзсө, равини таштоого жагдай жаратат.

1. Вахм (الوَهْمُ): Равинин риваят эрежелеринин билбегендиги же болбосо хадисти туура деп баамдап ката риваят кылуусу вахм аталып, забт жагынан бир кемчилик катары каралат.

2. Фарту-л-гафла (فَرْطُ الْغَفْلَة): Рави риваят кылууда өтө кылдат жана этият мамиле кылбагандыгын билдирет. Равинин ашыкча кош көңүл болуусу. Рави тактыкка жана кылдаттыкка басым жасаса, бул кемчилиги жоюулушу мүмкүн. Негизинен, галат бул равинин риваят учурунда кетирген катачылыктары болуп саналат. Рави кылдаттыкты талап кылган жерде кош көңүл мамиле жасаса, риваятынын четке кагылуусуна себеп жаратат.

3. Касрату-л-галат (كَثْرَةُ الْغَلَط): Рави риваят кылууда көп ката кетирүүсү. Бул кемчилик равинин риваяттарын кабыл алууда тоскоолдук жаратат. Равинин забт сапатын жокко чыгара турган катанын канчалык болушу керек деген маселеде аалымдар бир пикирди карманбаса да, көп ката кетирүүсү негиз болгон.

4. Суи-л-хыфз (سُوءِ الْحِفْظ): Равинин эс тутумунун начардыгы, жаттагандарын кем же кошуп жаттоосу жана дароо унутуусу. Мындай эс-тутуму начар жана унутчаак рави көп ката кетирет. Мындай рави эс-тутуму начар маанисинде "سيء الحفظ" деп аталат. Эс-тутумдун начардыгы бул равинин туруктуу сапаты катары каралганы менен кээде убактылуу деп да эсептелет.

5. Мухалафату-с-сикат (مُخَالَفَةُ الثِّقَات): Равинин санад же матнда башка равилердин риваятына каршы риваят кылуусу. Зайыф (алсыз) рави сика (ишеничтүү) равилерге же болбосо ишеничтүү рави өзүнөн дагы ишеничтүү равиге каршы риваят кылса, анда мухаллафату-с-сикат деп аталат.

Ушул сын пикирлерден (танкид) көрүнүп тургандай, Ислам буйруктарына баш ийип татыктуу жашоо өткөрбөгөн, сафих (кумары, напси үчүн акча чачкандарга), жалганчы, фасык (бузуку), зындык, Исламдын негизги принциптерине карама-каршы көз-карашты тутунгандар, риваят кылган хадистерде өтө көп ката кетирген, эмне риваят кылганын билбеген равилердин хадистери кабыл алынбайт. Айрыкча эс тутуму начар жана риваят кылууда толук кандуу аракет жасабагандардын хадистери сахих катары каралбайт.

Ушул он кемчиликтин бирөөнө да ээ болбогон равилер ар тараптан ишенимдүү деп эсептелет. Булар термин катары “сика” (ишенимдүү) деп аталат. Эгер равиде ушундай кемчилдиктердин бири же бир нечеси болсо, мисалы **каззаб** (жалганчы) жалган хадис таркатса анда **мажхулу-л-хал** сыяктуу жархка байланыштуу терминдер колдонулат.

Жогоруда белгилеп өткөн танкиддердин бардыгы хадистердин санадын түзгөн равилер менен байланыштуу. Мындай кемчилдиктери жок равилердин риваяттары негизинен кабылданган. Бирок санаддагы равилердин бардыгы сика катары белгилүү болгону менен айрым хадис матндары да сынга кабылган.

Окуу бөлүмү

ХАДИСТЕРДИ ОКУГАН САЙЫН

Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) эң сонун үлгү экендигин кабар берген аяттар, андан өрнөк алуубузду буюрат. Алланын элчиси үйүндө кандай жашады? Көчөгө кантип чыгат эле? Жолдо кантип жүрдү? Көргөн адамдарга кандай мамиле кылат эле? Мечитке барган маалда кантип ибадат кылат эле? Ислам динин кантип үйрөтөт эле? Анын али мусулман эместерге болгон мамилеси кандай эле? Исламды аларга кантип жеткирди? Адамдар турсун жаныбарларга, атүгүл буюмдарга кандай мамиле кылган? Ушул жана башка маселелердин бардыгын үйрөнүп, Исламды туура жашай алганыбыз, бул Алланын элчисин таанып-билүүгө, Пайгамбарды (с.а.в.) таанып-билүүбүз да хадистердеги Исламды үйрөнүүбүз менен тыгыз байланышта.

Хадистерди окуп-үйрөнгөндөн кийин ийгиликтерге кадам таштай баштайбыз. Жакшы менен жаманды айырмалай алабыз. Терс жүрүм-турумдарыбызды байкап, кемчилдиктерден алыс болууга аракет кылабыз.

Хадистерге болгон кызыгуубуз күчөгөн сайын, адамдар менен болгон мамилебиз мурункуга салыштырмалуу жакшыраак болуп калгандыгын түшүнөбүз.

Пайгамбарыбызга окшоп, адамдарды барктап аларга жакшы мамиле кылсак, алардын да бизге жылуу жана чын ыкластан мамиле кылганын көрөбүз. Ошондо Пайгамбарыбыздын адеп-ахлагынын өрнөк экендигин түшүнөбүз.

Пайгамбарыбызды жана анын сүннөтүн билбегенибизден же сүннөттөргө ылайык жашаганыбыздан улам кээде таң калыштуу жагдайларга туш болуп, адам баласынын табиатына дал келбеген иштерди жасайбыз.

Хадистер бизге таарынычтын терс жактарын, таарынышып жүргөндөрдү жараштыруу бул нафил намаз окуудан, ал эми нафил оорозо тутуу садака берүүдөн да кайырдуу экендигин үйрөтөт.[55] Дүйнөдө кемчиликсиз инсандардын болбогондугун баары билет. Пайгамбарыбыздын (с.а.в.): “Ким дүйнөдө мусулман бир тууганынын айыбын жашырса, Алла Таала да анын айыбын акыретте жашырат”,[56] – деп буйурганын уккан же окугандар өздөрүнө жасалган каталарды жеңилирээк кечиришет.

Хадистерди окуганда адам баласында терең түшүнүк жана оор сабырдуулук пайда болот. Биз адамдарды сүйүүгө, түшүнүүгө жана аны кечирүүгө үйрөнөбүз.

Куранда намаз окугула буюрулган, бирок кандай окуу туурасында маалымат берилген эмес. Биз толук маалыматты Аз. Пайгамбардын сүннөтүнөн үйрөнсөк болот. Ошондой эле Куранда

55. Абу Давуд. Адаб. 50.
56. Бухари. Мазалим. 3; Муслим. Бирр. 58,72.

“зекет бергиле” буюрулган, бирок канча, кандай малдан берилерин хадистер аркылуу гана биле алабыз.[57]

Кыскасы, хадистер болбогондо Ислам динин толук мааниде үйрөнө алмак эмесбиз. Мен мусулманмын деген адам аны алып келген Пайгамбар сыяктуу Исламды жашоого аракет кылгандыктан, алгач Алла элчисинин хадистерин жана сүннөтүн үйрөнүүгө аракет кылышы керек. Күн сайын, жок дегенде, бир-эки хадис, эгер бар болсо, түшүндүрмөлөрүн окуп, Пайгамбарыбыздын көзү менен дүйнөнү караганга аракет кылышы керек.

Кыскача айтканда хадистер болбогондо Ислам динин толук түшүнө алмак эмеспиз. Мен мусулманмын деген ар бир адам Ислам динин алып келген пайгамбар сыяктуу жашаганга аракет кылгандай анын хадистерин жана сүннөттөрүн үйрөнүшү керек. Күн сайын жок дегенде, бир-эки хадис мүмкүнчүлүк болсо алардын да түшүндүрмөлөрүн окуп, Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) көзү менен дүйнөнү караганга аракет кылышы керек.

57. Абу Давуд. Адаб. 50.

СУРООЛОР БӨЛҮМҮ

А. ТӨМӨНДӨГҮ СУРООЛОРГО ЖООП БЕРГИЛЕ?

1. **Хадис сөзүнүн терминологиялык мааниси?**

.....

.....

.....

2. **Сүннөт менен хадистин орток өзгөчөлүктөрү кайсылар?**

.....

.....

.....

3. Хадистердин мааниси жана маанилүүлүгү?

.....

.....

.....

4. Набави хадис деген эмне? Бир мисал бериңиз?

.....

.....

.....

5. Кудси хадис деген эмне? Бир мисал бериңиз?

.....

.....

.....

6. Хадис риваятынын негизги методдору кайсылар?

.....

.....

.....

7. Равинин адилеттүүлүк жана забт ээси болуусу деген эмнени түшүндүрөт?

.....

.....

.....

8. Равинин адилеттүүлүгүнө байланыштуу шарттар кайсылар?

.....

.....

.....

9. Равинин забтына байланыштуу шарттар кайсылар?

.....

.....

.....

10. Хадис илиминде “жарх жана таъдил” деген эмне?

.....

.....

.....

Б. ТӨМӨНДӨГҮ СУРООЛОРДУН ТУУРА ВАРИАНТЫН БЕЛГИЛЕГИЛЕ?

1. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы “хадис” сөзүнүн маанилеринин бири эмес?

А. Жаңы

Б. Окуя

В. Икая

Г. Сөз

Д. Кабар

2. Хадис жана сүннөт боюнча төмөндөгү сүйлөмдөрдүн кайсынысы туура эмес?

А. Хадис жана сүннөттүн экөө тең Аз. Пайгамбарга таандык.

Б. Сүннөт көбүнчө практиканы, ал эми хадис оозеки риваяттарды билдирет.

В. Сүннөт диний жана укуктук маселелерди билдирет.

Г. Сүннөт жана хадис терминдери ортосунда эч кандай байланыш жок.

Д. Айрым хадис аалымдары сүннөт менен хадисти синоним катары колдонушкан.

3. Хадис жана хадис илиминин маанилүүлүгүнө байланыштуу төмөнкү сүйлөмдөрдүн кайсынысы туура эмес?

А. Куран аяттарына ылайык келип, аларды бекемдейт.

Б. Куранга түшүндүрмө берет.

В. Хадистерде Куранда билдирилбеген өкүмдөр камтылган.

Г. Хадистер Ислам маданиятынын тарыхы жагынан өтө маанилүү.

Д. Хадистерди дааратсыз окууга болбойт.

4. Хадистердин жалпы классификациясына байланыштуу кайсы сүйлөм туура эмес?

А. Хадистер жалпысынан кудси жана набави болуп эки топко бөлүнөт.

Б. Сөзү Аллага таандык болгон хадистер кудси деп аталат.

В. Маани жана сөзү Пайгамбарыбызга (с.а.в.) таандык болгондор “набави” хадис деп аталат.

Г. Кудси хадистер илахи жана раббани деп да аталат.

Д. Кудси хадистер негизинен “Алла мындай буюрду”, – деп башталат.

5. Качыр, эшек, арстан, жолборс, пил, карышкыр, маймыл ит сыяктуу жаныбарлар менен шумкар, карчыга, бүркүт сыяктуу жырткыч куштардын этин жегендик арам болгондугу өкүмү Куранда билдирилбегени менен хадистерде айтылган.

Бул жагдай хадистердин көбүн эсе кайсы өзгөчөлүгүнө байланыштуу?

А. Хадистер Куранда билдирилбеген өкүмдөрдү айтат.

Б. Хадистердин жашоону камтуусу.

В. Хадисте аты аталбаган жаныбарларды эттерин жесе болгондугу.

Г. Хадистердин Куран менен бирдей болуусу.

Д. Хадистердин Курандан да түшүнүктүү болуусу.

6. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы хадис риваятындагы негизги ыкмалардын бири эмес?

А. Самаъ

Б. Иснад

В. Арз

Г. Кыраат

Д. Ижазат

7. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы равини такыбаалыкка алып барган жана адамдык баалуулуктарга туура келбеген каталардан жана жүрүм-турумдан сактаган өзгөчөлүк болуп саналат?

А. Адилеттүүлүк

Б. Забт

В. Санад

Г. Матн

Д. Рави

8. Төмөндөгү сөздөрдүн кайсынысы “жаттаган бир хадисти башка бирөөгө риваят кылганга чейин эч өзгөртпөй эсинде сактап калуусу” дегенди билдирет?

А. Адилеттүүлүк

Б. Иснад

В. Суу-л хифз

Г. Забт

Д. Кизб

9. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы равинин адилеттүүлүн талкуулаган критерийлердин бири эмес?

А. Кизбу-р-рави

Б. Фиску-р-рави

В. Бидату-р-рави

Г. Жахалату-р-рави

Д. Мухалафату-с-сикат

10. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы равинин забтын талкуулаган критерийлердин бири эмес?

А. Кизбу-р-рави

Б. Касрату-л-галат

В. Суу-л-хифз

Г. Вахм

Д. Гафлат

В. КАШАНЫН ИЧИНДЕГИ СӨЗДӨРДҮ КОЛДОНУП БОШ ЖЕРЛЕРДИ ТОЛТУРГУЛА

(Сүннөт, хадис, набави хадис, кудси хадис, ижазат, самаъ, матн, санад)

1. Пайгамбарыбыздын сөздөрүн, жүрүм-турумун жана такрирлерин жеткирген риваяттар …… ……. деп аталат.

2. Сөзү пайгамбарыбызга таандык болгону менен мааниси Аллага таандык хадистер ……. деп аталат.

3. …… көбүрөөк жүрүм-турумдарды,……..... болсо оозеки риваяттарды билдирет.

4. Хадисти жеке өзү шейх аттуу адамдан угуусу ……..... деп аталат.

5. ……. равилер чынжырынан кийин келген, Аз. Пайгамбардын оозунан чыккан сөз.

6. Хадистин алгачкы булагына жеткенге чейинки жол …… деп аталат.

7. Устаздын шакиртине риваят кылуу укугуна ээ болгон хадистерди жеткирүүсү үчүн жазма жана оозеки түрдө уруксат берүүсү …….. деп аталат.

ИБАДАТТАРГА БАЙЛАНЫШТУУ ТАНДАЛМА ХАДИСТЕР

1. عَنْ ابْنِ عُمَرَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «بُنِيَ الْإِسْلَامُ عَلَى خَمْسٍ: شَهَادَةِ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللَّهُ وَأَنَّ مُحَمَّدًا رَسُولُ اللَّهِ، وَإِقَامِ الصَّلَاةِ، وَإِيتَاءِ الزَّكَاةِ، وَحَجِّ الْبَيْتِ، وَصَوْمِ رَمَضَانَ». مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

1. Ибн Умардан (р.а.) келген риваятта, Алланын элчиси мындайча буюрган:

“Ислам беш нерсенин үстүнө курулган: Алладан башка кудай жок, Мухаммед (с.а.в.) Алланын кулу жана элчиси экендигине күбөлүк айтуу, намазды толук окуу, зекет берүү, Рамазан айында орозо тутуу жана мүмкүнчүлүгү болгондор үчүн Алланын үйүнө ажылыкка баруу.[58]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Ишенимсиз ибадатты элестетүү мүмкүн эмес.

2. Хадисте келтирилген беш негиз бул Исламдын негизги принциптеринен болуп саналат. Бирок Исламды булар менен чектеп койууга болбойт.

3. Эгерде ушул беш негиз бекем болсо, адамдын диний жашоосунун пайдубалы бекем болот.

2. عَنْ أَبِي عَبْدِ الرَّحْمَنِ عَبدِ اللهِ بْنِ مَسْعُودٍ رَضِيَ اللهُ عَنْهُ قَالَ سَأَلْتُ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: أَيُّ الْعَمَلِ أَحَبُّ إِلَى اللهِ تَعَالَى؟ قَالَ: ((الصَّلاَةُ عَلَى وَقْتِهَا)). قُلْتُ: ثُمَّ أَيٌّ؟ قَالَ: ((بِرُّ الْوَالِدَيْنِ)). قُلْتُ: ثُمَّ أَيٌّ؟ قَالَ: ((الْجِهَادُ فِي سَبِيلِ اللهِ)). مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

2. Абу Абдуррахман Абдуллах Ибн Масъуд (р.а.) мындайча буюрду: Аз. Пайгамбарга Алла Тааланын эң сүйүктүү амалы кайсыл? – деп сурадым. Ал **“Маалында окулган намаз”,** - деп жооп берди. Андан кийинки жакшы көргөн кайсыл ибадат деп сурадым. **“Ата-энеге жакшылык кылуу жана моюн сунуу”,** - деп айтты. Мындан кийин кайсынысын жакшы көрөт деп сурадым. **“Алла жолунда жихад кылуу**”,[59] - деп айтты.

58. Бухари. *Иман*.1,2 ; Муслим. *Иман.* 1922-.

59. Бухари. *Мавакит.* 5; Муслим. *Ыйман.* 137-139.

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Алла Тааланын пенделеринен талап кылган эң чоң акысы ыймандан кийин эле намаз турат.

2. Пенделердин ичинен эң чоң акы ата-эне акысы болуп саналат.

3. عَنْ أَمِيْرِ الْمُؤْمِنِيْنَ أَبِي حَفْصٍ عُمَرِ بْنِ الْخَطَّابِ رَضِيَ اللهُ عَنْهُ قَالَ سَمِعْتُ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُوْلُ: ((إِنَّمَا الْأَعْمَالُ بِالنِّيَاتِ وَإِنَّمَا لِكُلِّ امْرِئٍ مَا نَوَى. فَمَنْ كَانَتْ هِجْرَتُهُ إِلَى اللهِ وَ رَسُولِهِ فَهِجْرَتُهُ إِلَى اللهِ وَ رَسُولِهِ, وَ مَنْ كَانَتْ هِجْرَتُهُ لِدُنْيَا يُصِيبُهَا, أَوْ امْرَأَةٍ يَنْكِحُهَا فَهِجْرَتُهُ إِلَى مَا هَاجَرَ إِلَيْهِ)). مُتَّفَقٌ عَلَى صِحَّتِهِ.

3. Момундардын башчысы Абу Хафс Умар Ибн Хаттаб (р.а.) Аз. Пайгамбар айтып жатканда кулак салдым, деди: “Амалдар ниетке жараша болот. Киши эмнеге ниет кылса ошону алат. Ушул себептүү кимде кимдин хижраты Алла жана пайгамбары үчүн болсо анын хижраты Алла жана пайгамбары үчүн болгон болот. Ошондой эле кимдин хижраты байлык топтоо же болбосо үйлөнө турган аял үчүн болсо, анын хижраты да ошого жараша болот!”[60]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Жасалган иштерден сооп табыш үчүн, ал ишти ак ниеттүүлүк менен баштоо керек.

2. Ниет жүрөктөн чыгышы маанилүү болгондугу үчүн айрыкча аны тил менен айтуу шарт эмес.

3. Алланын ыраазычылыгы жок жасалган иштерден сооп келбейт.

4. Инсан көрүнгөндөй болуп, дүйнөлүк кызыкчылык үчүн динди колдонбошу керек.

5. Ыкыластуулук, ниеттин бекемдигин билдирет.

6. Ниетибиз чын дилден болсо, ошончолук ишибиз майнаптуу болот.

4. عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللهُ عَنْهُ قَالَ: سَمِعْتُ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: ((أَرَأَيْتُمْ لَوْ أَنَّ نَهْرًا بِبَابِ أَحَدِكُمْ يَغْتَسِلُ مِنْهُ كُلَّ يَوْمٍ خَمْسَ مَرَّاتٍ هَلْ يَبْقَى مِنْ دَرَنِهِ شَيْئٌ ؟)) قَالُوا: لَايَبْقَى مِنْ دَرَنِهِ شَيْئٌ، قَالَ: فَذَلِكَ مَثَلُ الصَّلَوَاتِ الْخَمْسِ يَمْحُو اللهُ بِهِنَّ الْخَطَايَا)). مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

60. Бухарий. *Бадуль-Вахий.* 1, Иман. 41, *Никах.* 5; Муслим. *Имарат.* 155.

4. Абу Хурайрадан (р.а.) келген риваятта, Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) мындай дегенин уктум: **“Эгер бирөөнөрдүн үйүнөрдүн алдында дарыя акса жана ал дарыяга беш маал жуунуп турса, ал кишиде бир кир калабы?”** Сахабалар: “Жок, эч кир калбайт”, – деп жооп узаттылар. Анда Пайгамбарыбыз (с.а.в.): ”**Ушул сыяктуу эле, Алла беш убак намаз себептүү күнөөлөрүңөрдү тазалап турат”,**[61] – деп буюрган.

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Беш убак намаз, бул акыл эси ордундагы жалпы мусулмандардын маанилүү жана эң пазилеттүү күнүмдүк ибадаттарынан болуп саналат.

2. Беш маал намаз окууну аң-сезим менен улантуу адамдарды чоң күнөөлөрдөн коргойт.

3. Окуган намаздарыбыз билип-билбей кылган кичинекей күнөөлөрүбүздүн Алла Таала тарабынан кечирилишине себеп болот.

4. Беш убак намаз адамды руханий кирлерден тазалайт.

5. عَنْ ابْنِ عُمَرَ رَضِيَ اللهُ عَنْهُمَا أَنَّ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: ((صَلاَةُ الْجَمَاعَةِ أَفْضَلُ مِنْ صَلاَةِ الفَذِّ بِسَبْعٍ وَعِشْرِينَ دَرَجَةً)). مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

5. Ибн Умардан (р.а.) келген риваятта, Аз. Пайгамбар мындайча буюрду: “Жамаат менен окулган намаздын сообу, жалгыз окулган намаздын сообунан жыйырма жети эсе көбүрөөк”.[62]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Ислам жамаат дини болуп, эң башта намазда жамаат болууга өзгөчө маани берет.

2. Эң негизгиси парз намаздарды жамаат менен окуу.

3. Жамаат менен окулган намаздын пазилеттүүлүгү жалгыз башына окулган намаздан бир нече эсе көп.

4. Ибадаттын жана жакшылыктын пазилеттүүлүк жагынан даражасын биле албайбыз. Бул жагынан Алланын элчисинен келген маалыматтарга так ишенүү керек.

5. Ислам дини биргелешип жашоого үндөйт.

6. عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللهُ عَنْهُ عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: ((مَنْ صَامَ رَمَضَانَ إِيمَانًا وَاحْتِسَابًا غُفِرَ لَهُ مَاتَقَدَّمَ مِنْ ذَنْبِهِ)). مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

61. Бухари. *Мавакит*. 6; Муслим. *Масажид*. 283.

62. Бухари. *Азан.* 30; Муслим. *Масажид.* 249.

6. Абу Хурайрадан (р.а.) келген риваятта, Алланын элчиси мындайча буюрду: “Кимдеким (Аллага) чындап ишенип, Алладан жакшылык күтүп, Рамазанда орозо кармаса, анын ага чейинки күнөөлөрү кечирилет”.[63]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Орозо ибадатын Алла Таала буйрук кылгандыгы үчүн тутуу керек.

2. Рамазан орозосуна ишенип, Алладан жакшылыкты үмүт кылып орозо тутса, мурун кылган күнөөлөрү кечирилет.

3. Аллага ишенип, үзүрүн Андан күтүү бардык ибадаттардын кабыл болуусуна шарт.

63. Бухари. *Ыйман.* 28; Муслим. *Сиям.* 203.

بسم الله الرحمن الرحيم

عن علي رضي الله تعالى عنه كان إذا وصف النبي صلى الله عليه وسلم قال لم يكن بالطويل المتمط ولا بالقصير المتردد كان ربعة من القوم ولم يكن بالجعد القطط كان جعدا رجلا ولم يكن بالسبط أبيض مشرب أدعج العينين أهدب الأشفار ذو مسربة شثن الكفين والقدمين كأنما يمشي في صبب وإذا التفت التفت جميعا خاتم النبوة وهو خاتم النبيين أجود الناس صدرا وأصدقهم لهجة وألينهم عريكة وأكرمهم عشرة من رآه بديهة هابه ومن خالطه معرفة أحبه يقول ناعتوه لم أر قبله ولا بعده مثله صلى الله عليه وسلم

محمد صلى الله عليه وسلم

БӨЛҮМ III

ХАДИС ТҮРЛӨРҮ

БӨЛҮМДҮН МАЗМУНУ

- А. БУЛАГЫ ЖАГЫНАН ХАДИСТИН ТҮРЛӨРҮ
- Б. РАВИЛЕРДИН САНЫНА ЖАРАША ХАДИСТЕР
- В. САХИХТИК ДАРАЖАСЫНА ЖАРАША ХАДИСТЕР
- Г. МАВЗУЪ ХАДИСТЕР ЖАНА АНЫ ТААНЫП-БИЛҮҮНҮН ЖОЛДОРУ
TO KNOW THEM

ДАЯРДЫКТАР

1. Өзүңүз билген сахих хадисти досторуңуз бөлүшүңүз.
2. Эл арасында хадистин атак-даңкга ээ болуусу эмнени түшүндүрөт? Өз ара талкуулагыла.
3. Сиз уккан же окуган бир хадис тексти боюнча хадис жыйнактарын изилдөө жүргүзгүлө?
4. Жалган адистердин жайылуусуна себеп болгон маселелердин үстүндө талкуу жүргүзгүлө.

ХАДИС ТҮРЛӨРҮ

Хадистер түрдүү классификацияга бөлүнөт. Мисалы булагы жагынан хадистер, равилердин санына жараша хадистер жана сахихтик даражасына жараша хадистер болуп үч топко бөлүнөт.

А. БУЛАГЫ ЖАГЫНАН ХАДИСТИН ТҮРЛӨРҮ

Хадистер риваяттын булагы жагынан төрт түргө бөлүнөт.

1. Кудси хадис

Аз. Пайгамбардын Аллага таяндырып риваят кылган хадистер “кудси хадис” деп аталат. Кудси хадистердин мааниси Аллага, сөздөрү Пайгамбарга (с.а.в.) таандык. Бир риваяттын кудси хадис экендиги башындагы сөздөрдөн эле билинет. Мисалы:

عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ، عَنْ رَسُولِ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: قَالَ اللَّهُ عَزَّ وَجَلَّ:

Абу Хурайрадан келген риваятта, Алланын элчиси мындайча айтты: **“Алла Азза ва Жалла мындай деди...”.**

Куран менен кудси хадистин ортосунда кандай айырмачылык бар?

Кудси хадис менен Куран аятынын ортосундагы окшоштугу, бул экөөнүн тең вахий экендигин билдирет. Кудси хадистердин мааниси Алладан келсе да бир топ Курандан айырмаланып турат. Биринчиден, кудси хадистер Пайгамбардын (с.а.в.) сөзү катары каралат. Мааниси Аллага таандык болсо да Пайгамбар бул маанини өз сөзү менен адамдарга жеткирген. Ал эми Курандын мааниси да, сөзү да Аллага таандык. Анын коргоосу астында турат. Башка жагынан алганда Курандын окшошун алып келүүдө адамдар алсыз. Ал ушунчалык уникалдуу жана кереметтүү касиетке ээ. Кудси хадистер Куран сыяктуу уникалдуу жана кереметтүү касиетке, өзгөчөлүккө ээ эмес жана эч качан аяттын ордун баса албайт.[64]

64. Uğur, Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü, s.189; Yücel, Ahmet, Hadis Usûlü, s.135.

БӨЛҮШӨЛҮ

Төмөндө жазылган кудси хадисти жоромолдоп, өз корутундуңузду досторуңуз менен бөлүшүңүз.

Абу Хурайрадан (р.а.) келген риваятта, Аз. Пайгамбар мындай деп айтты:

“Алла Таала мындайча буюрду: “Мен пендемдин оюндамын. Ал мени эстегенде аны менен бирге болом. Эгер ал мени жалгыз турган абалда эстесе мен да аны жалгыз өзүм эстеймин. Эгер ал мени адамдардын арасында эстесе – мен аны алардан да жакшыраактардын алдында эстеймин. Ошентип пендем мага бир карыш жакындаса, мен ага бир чыканак жакындаймын. Эгерде ал мага бир чыканак жакындаса, мен ага бир кулач жакындаймын. Ал мага басып келсе анда мен ага чуркап барам”, – деген.[1] (муттафакун алейх)

1. Бухари. *Тавхид*. 50; Муслим. *Зикр.* 2, 3.

2. Марфуъ хадис

Марфуъ – санаддагы ажырымга карабастан пайгамбарга (с.а.в.) таандык болгон сөз, кыймыл-аракет, такрир (тастыктоосу) жана сыпаттар.[65] Аз. Пайгамбарга таяндырылган бардык сөз, жүрүм-турум жана такрирлер марфуъ хадис деп аталат.

Хадистин бул түрүн набави хадис деп да аташат. Буга чейин Пайгамбарыбыздан (с.а.в.) риваят кылган сөздөрдүн бардыгы “хадис” деп айтып өткөнбүз. Бул жерде марфуъ хадис деп аталып калышынын себеби сахабалардын жана табииндердин айткандарынан айырмалоо максатында.

Аз. Пайгамбардын сөздөрү, кыймыл-аракеттери жана такрирлери сахабалар тарабынан негизинен төмөнкүдөй таризде келген:

“Мен Алланын элчисинен уктум, мындайча буюрду:”

“Алланын элчиси ушундай айтты”,

“Мен Алла элчисинин ушундай кылып жаткандыгын көрдүм”.

Абу Хурайрадан (р.а.) келген риваятта Алланын элчиси мындайча буюрду*: “Алла Таала силердин сырткы келбетиңерге жана мал-мүлкүңөргө эмес, жүрөктөрүңөргө жана жасаган иштериңерге карайт”.*[66] Бул хадисти мисал катары карасак болот.

3. Мавкуф хадис

Мавкуф – сахабаларга таандык болгон сөз, кыймыл-аракет жана такрирлер. Сахабага таяндырылган риваяттардын “мавкуф” деп аталып калышынын себеби, санаддын сахабага келип токтоосу жана Пайгамбарга (с.а.в.) жетпей калышы болуп саналат.[67] Тактап айтканда сөз жана жүрүм-турум Аз. Пайгамбарга эмес сахабаларга таандык.

65. Koçyiğit, *Hadis Usûlü*, s.160.
66. Муслим. Бирр. 34.
67. Koçyiğit, *Hadis Usûlü*, s.162.

Равинин "*Умар б. Хаттаб мындай деди*" же *"Али б. Аби Талиб ушундай кылды",* же болбосо *"Аз. Абу Бакрдын маңдайында мындай кылды, бирок ал бир нерсе айтып четке каккан жок"* – деп айтуусу риваяттын мавкуф экендигин көрсөтөт.[68]

Сахабалардын сөзүнүн хадис деп аталып калышынын себеби, алардын динге байланыштуу сөздөрү жана жүрүм-туруму көбүн эсе Пайгамбарга (с.а.в.) барып такалат. Ошондуктан мавкуф хадистер так далилдердин катарына кирбесе да, диний өкүмдөрдүн булактарынын катарына кирет.

Мавкуф хадистер да марфуъ хадистер сыяктуу ривилер жагынан да, санад жагынан да сахих жана зайиф (алсыз) болушу мүмкүн.

Мавкуф хадиске Абу Аййуб аль-Ансаринин айтканын мисал катары берсек болот. Ал өз сөзүндө: *"Илимдин өнүгүүсүн, түшүнүгүнүн калыптанышын каалаган, өз уруусунан алыстап башкалар менен бирге (хижратка) барсын".*[69]

4. Мактуъ хадис

Мактуъ – сахабадан кийинки муун болгон табиинге же болбосо андан кийинки аалымдардын бирине таандык сөз жана жүрүм-турумдар. Мактуъ хадис санады табиинге чейин жеткен, табиинде токтоп андан ары уланбаган хадис.[70] Мактуъ хадистен максат санад эмес, матндын сыпаты болуп саналат. Мындай хадистердин мактуъ деп аталышы хадистин текстти менен байланыштуу.

Мындай учурда, бизге жеткен кабардын санады табиинге жетип токтойт. Диний жоболорду аныктоодо табииндердин айткандары жана жүрүм-турумдары эске алынганы менен далил катары колдонулбайт. Мактуъ хадиске мисал катары Хасан аль-Басринин: *"Салам берүү сүннөт, ал эми алик алуу парз"*[71] хадисин берсек болот.

Б. РАВИЛЕРДИН САНЫНА ЖАРАША ХАДИСТЕР

Хадистер Аз. Пайгамбардан баштап ар бир катмардагы риваятчылардын санына жараша ар кандай классификацияга бөлүнүшкөн.

1. Мутаватир хадистер

Пайгамбардын (с.а.в.) атынан жалган айтуулары мүмкүн болбогон ар бир табакада көптөгөн сандагы рави тобун көрүп же угуп риваят кылган хадистер мутаватир деп аталат.[72] Мутаватир хадистин ушундай жол менен өткөрүп берилүүсү "таватур" деп аталат. Сахаба, табиин жана атбау-табиин доорунда равилердин санынын көп болуусу, хадистин эч качан күмөнү жок эң ишенимдүү хадистер экендигин билдирет.

Мутаватир хадис менен амал кылуу парз, аны чекке каккан динден чыгат. Мындай хадистердин өкүмү тактыкты билдирет. Мутаватир хадистер далил болуу жагынан Куранга жакын күчтүү далил.

---

68. Subhi es-Salih, Hadis İlimleri ve Hadis Istılahları, s. 175.
69. Çakan, Eyüp Sultan Hazretlerinden Kırk Hadis, 145
70. Ибну-с-Салах. Улуму-л-хадис. 47-б.; Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.209.
71. Бухари. *аль-Адабу-л-муфрад.* 358-б.
72. Uğur, Mücteba, Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü, s.306.

Мутаватир хадистер экиге бөлүнөт.

а. Лафзи (сөзмө-сөз) мутаватир:

Мутаватир деп айтылганда эске лафзи мутаватир түшөт. Ар бир табакадагы равилердин бардыгы сөзмө-сөз риваят кылган хадистер лафзи мутаватир деп аталат. Аз. Пайгамбардын хадистерин бардык дооорлордо сөзмө-сөз, дал өзүндөй кылып риваят кылуусу мүмкүн болгон эмес. Ошондуктан мындай хадистердин саны өтө эле аз. Мисалы, лафзи мутаватирге 70 жакын сахаба тарабынан риваят кылынган хадисти берсек болот.

«مَنْ كَذَبَ عَلَيَّ مُتَعَمِّدًا، فَلْيَتَبَوَّأْ مَقْعَدَهُ مِنَ النَّارِ»

"Менин атыма жалган айтпагыла. Ким менин атымдан жалган айтса – Тозокко кирет".[73]

б. Маънави (маанисине жараша) мутаватир

Сөзү жана мааниси жагынан айрымачылыктар болгону менен, бардык равилерди жалпы мааниде бириктирген хадистер маънави мутаватир деп аталат. Маънави мутаватир хадистер саны жагынан лафзи мутаватирге салыштырмалуу өтө эле көп. Маънави мутаватирге Пайгамбардын (с.а.в.) дуба кылууда колун өйдө көтөрүүсү жөнүндөгү хадисти мисал катары берсек болот. Бул хадистин жүзгө жакын риваяты бар. Ар кыл сөздөр менен риваят кылынганына карабастан окшоштук жагы дуба маалында колдорун өйдө көтөрүүсү болуп саналат. Дуба учурунда колдорду көтөрүүсү манъави таватур аркылуу бизге чейин келген. Ошондой эле Аз. Пайгамбардын даарат, намаз, зекет жана ажылык сыяктуу ибадаттарды орундалышын билдирген түрдүү сөздөр менен риваят кылган көптөгөн хадистери бар. Булардын да көпчүлүгү таватур даражасына жеткен.[74]

2. Ахад хадис

Ахад хадис деп, кайсы бир табакада равинин саны мутаватир хадистеги равилердин санына жетпеген хадистер айтылат. Аталган аныктамадан маалым болгондой кандайдыр бир табакада мутаватирдин даражасына жетсе дагы башка табакаларда мутаватир даражасына жетпей калган хадистер ахад хадистердин категориясында каралат. Ушул өндүү риваяттар "хабар-и вахида" жана "хабар-и хасса" деп да аталат.

Аз. Пайгамбардан риваят кылынган хадистердин дээрлик көпчүлүгү ушундай хадистерден турат. Башкача айтканда, хадистерге толгон китептерде дээрлик баары ахад хадистер түзөт.[75] Хадис илиминин темасы да дал ушул ахад хадистер.[76]

Ахад хадистер ар катмарда аларды риваят кылган равилердин санына жараша "машхур", "азиз" жана "гариб" болуп үч топко бөлүнөт.

73. Бухари. *Илим.* 38; Муслим. *Зухд.* 72.
74. Ünal, İsmail Hakkı, İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı, s.45.
75. Çakan, İsmail Lütfi, *Hadis Usûlü*, s.94.
76. Koçyiğit, Talat, İmam Hatip Liseleri İçin Hadis 2, s.82.

а. Машхур хадис:

“Машхур” сөзүнүн сөздүк мааниси атак-даңкка жетип, эл арасында атактуулукка ээ болуу дегенди билдирет. Терминологиялык мааниси табакалардын биринде эң аз үч рависи болгон, бирок таватур даражасына жетпеген хадистер.

Машхур хадистер атак-даңкы канчалык жогоруласа жогоруласын мутаватир даражасына көтөрүлө албайт. Кайсы бир табакада эң аз үч киши тарабынан риваят кылынган хадис, башка табакаларда мутаватир хадистин даражасына жеткен болсо деле машхур хадис бойдон калат. Башталышында бир эки киши тарабынан риваят кылынып, кийинчерээк көп киши тарабынан риваят кылынган хадистер машхур хадистин категориясына кирет.

Хадис усулунда “машхур” термини лексикологиялык маанисине ылайык түрдө эл арасында атак-даңкка ээ болгон риваяттар үчүн да колдонулуп жүрөт. Бул мааниде машхур санады болсо да болбосо да негизи болсун болбосун эл оозундагы бардык хадистерди камтыйт.

Машхурга төмөнкү хадисти мисал берсек болот:

المؤمن يأكل في معى واحد و الكافر يأكل في سبعة أمعاء

Момун мусулман бир ашказанды тойгуза турганчалык гана жеп-ичет, ал эми каапыр болсо жети ашказанды тойгуза турганчалык жеп-ичет”.[77]

б. Азиз хадис:

Кайсы бир табакада равилердин саны эң аз экиге түшүп калган хадистер “азиз хадис” деп аталат. Азиз хадистин санадында орун алган риваят табакаларынын ар биринде равилердин саны экиден аз болбошу керек. Ар табакада эң аз эки кишинин болуусу шарты менен айрым табакаларда үч же андан көбүрөөк рави болсо деле айырмасы жок. Анткени азиз хадис үчүн эреже негизинен санадда орун алган рави табакаларынын эң азына жараша коюлган.[78] Хадистер равинин санына жараша аталса, равилердин санынын “эң аз санга” түшкөн орду эске алынат. Бул “الإعتبار على الأقل” деп аталат. Хадис да ушуга жараша аталат.[79]

Азизге төмөнкү хадисти мисал берсек болот:

لاَ يُؤْمِنُ أَحَدُكُمْ حَتَّى أَكُونَ أَحَبَّ إِلَيْهِ مِنْ وَالِدِهِ وَوَلَدِهِ وَالنَّاسِ أَجْمَعِينَ

“Силердин араңардан кимдир бирөө мен ага атасынан, бала-чакасынан жана бардык адамдардан да сүйүктүү болмоюнча толук ыйман келтирген болбойт!”[80]

в. Гариб хадис:

“Гариб” сөздүктө “бөтөн, шордуу, эч кимиси жок жана мекенинен алыс жерде жалгыз башына калган киши” деген маанилерге келет. Хадис илиминде бир киши тарабынан риваят кылынган же болбосо кайсы табакадан болсо болсун рави жалгыз өзү эле риваят кылган хадис.[81]

77. Бухарий. *Атима*. 12; Муслим. *Ашриба*. 184, 185.
78. Tahhân, Mahmûd, *Teysîru Mustalahi'l-Hadîs*, s.35.
79. Kahraman, Hüseyin, *Hadis El Kitabı*, s.297.
80. Бухарий. *Иман*. 8; Муслим. *Илим*. 13.
81. Talat Koçyiğit, *Hadis Usulü*, T.D.V.Y., s. 26.



В. САХИХТИК ДАРАЖАСЫНА ЖАРАША ХАДИСТЕР

Сиххат даражасына жараша хадистер сахих, хасан жана зайыф болуп үч топко бөлүнөт.

1. Сахих хадистер жана алардын өзгөчөлүктөрү

Сахих хадис – санаддын башынан аягына чейин адилеттүүлүк жана забт ээси равилердин муттасыл (үзгүлтүксүз) санад менен ривает кылган, шаз жана муъаллал (илдеттүү) болбогон хадис.[82]

Сахих хадистин аныктамасында бир хадис сахих катары эсептелүүсү үчүн негизги беш өзгөчлүккө ээ болушу шарт. “Шуруту-с-сихха” деп аталган беш сиххат шарт төмөнкүлөр:

а. Равилердин адилеттүүлүгү

Сөздүктө “туралык жана чынчылдык” маанисинде келген адилеттүүлүк, хадис терминологиясында равинин ривает кылууга татыктуу болушу. Адилеттүүлүк, бул равинин дини бүтүн, ишеними бекем жана күнөөлөрдөн алыс болуусу. Рави Алланын буйругун толук аткарып, тыюу салган арам нерселерден алыс болот.

Сахих хадистин равилери адилеттүү болушу зарыл. Тагыраак айтканда, адилеттүүлүк сапатына ээ мусулман, балагатка жеткен, такыба жана мурувват (адилеттүүлүк сапаты) ээси болушу керек. Мурувват равинин кадыр-барктуу, Алла жана анын элчисинин буйрук жана тыюуларына моюн сунуусу, коомчулукта ар-намысына шек келтирүүчү сөз жана кыймыл-аракеттерден оолак болууга үгүттөгөн өзгөчөлүк. Мындай сапатка ээ рави ишеничтүү катары кабылдангандыктан ал ривает кылган хадистер ишенимдүү болуп саналат.

б. Равилердин забт болуусу:

Сахих хадистин равилери забт болушу керек. Забт – равинин эс тутумунун күчтүү болушу дегенди туюндурат. Тагыраак айтканда забт, бул рави устазынан уккан же алган хадисти башкага ривает кылганга чейин унутпастан, сөздөрүн өзгөртпөстөн болгонун болгондой эске тутуусу жана сактоосу болуп саналат. Эгер жатка ривает кылып жаткан болсо, жакшылап жаттоосу, эгер жазуу түрүндө ривает кылып жаткан болсо, өзгөртпөстөн эске сактоосу зарыл.[83]

82. Ибну-с-Салах. *Улуму-л-хадис.* 11-12-б.

83. Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı*, s.41-42; Efendioğlu, Sahih” mad., *DİA*, XXXV/524.

Эс тутуму начар риваятчы уккан хадисти уккандай кылып айтып бере албайт. Анын сөздөрүнүн кээ бирин унутуп калса же болбосо сөздөрдү алмаштырса анда бул рави забт жагынан алсыз болуп саналат. Мындай риваятчылардан хадистер алынбайт.

в. Санадынын муттасыл (үзгүлтүксүз) болуусу:

Сахих хадистин санады муттасыл болот. Хадистин муттасыл болуусу, алгачкы булагына чейин үзгүлтүксүз санад менен келүүсү (иттисал) же иснаддын бир жеринде ажырымдын (инкита) болбоосу дегенди билдирет. Иснаддагы ар бир рави өзүнүн устазы же шейхи менен жоолугуп, хадисти өз оозунан угушу керек.

Иснаддагы ажырым равинин өзүнөн хадис риваят кылган шейхтен хадис укпаса да уккандай кылып андан хадис риваят кылуусу. Мындай хадис муттасыл болбогондуктан зайыф болуп саналат.

г. Хадистин шаз болбоосу:

Сахих хадис шаз болбошу керек. Бир хадис жогорудагы сахих хадистин үч шартына ээ болсо дагы шаз болгонуна улам сахихтик өзгөчөлүгүнү жоготот. Шаз – ишенимдүү рави өзүнөн дагы ишенимдүү равинин хадисине карама-каршы риваят кылуусу жана риваятта жалгыз калуусу дегенди билдирет. Мындай учурда ишенимдүү равилерден келген хадис кабылданат. Ал эми шаз болгон риваят болсо зайыф өкүмүндө калат.

д. Хадис муъаллал болбошу керек:

Хадистин муъаллал болуусу, бул анын алсыз экендигине себеп болгон жашыруун кемчилдик ичинде жатат. Көбүн эсе мындай кемчилдик жашыруун бойдон калат жана хадисчилердин бары эле байкай бербейт. Бир нече убакытка чейин сахих катары риваят кылынган бул хадис, хадис аалымынын бул ооруну тапкандан кийин муъаллал катары билинет.

Сахих хадис муъаллал тагыраак айтканда, илдеттүү болбошу керек. Бир хадистин сахих болушу үчүн жашыруун кемчилдиктен оолак болуу. Иллат (илдет) – хадис илиминин адис аалымдары тарабынан билинген санад же матндагы жашыруун кемчилдиктер. Бул кемчилдик байкалган маалда тышкы көрүнүшүнөн сахих катары кабылданган сахихтик өзгөчөлүгүн жоготот. Илдеттүү экендиги аныкталган хадис “муъаллал” деп аталат жана зайыф хадистердин катарына кирет.[84]

Жогорудагы тизмектелгендер сахих хадистин өзгөчөлүктөрү жана анын шарттары болуп саналат. Эгер ушул өзгөчөлүктөрдүн бири же бир нечеси жок болсо, анда хадис сахихтик өзгөчөлүгүн жоготот жана зайыф хадистердин катарына кирет.

84. Koçyiğit, *Hadis Usûlü*, s.32-33.

Сахих хадисти билүүнүн жолдору

Сахих хадистерди таанып-билүүнүн кээ бир негиздери бар. Бул принциптерди төмөнкүчө тизмелесек?

1. Сахих хадис Куранга жана сахих сүннөткө карама-каршы келбейт.

Эгер бир хадис Куранга же сахих сүннөткө каршы келсе, анда хадис Пайгамбарыбыздын оозунан чыкпаган болуп саналат.

2. Сахих хадис логикага каршы келбейт.

Ислам акылга басым жасаган дин. Эгер бир хадисте акылга сыйбас маселелер болсо, анда аны хадис деп айтууга болбойт.

Аз. Пайгамбарды айткан сөздөрү акылга, логикага жана тажрыйбага төп келет. Каршы келет деп айтуу туура эмес. Мисалы, *"Нухтун кемеси Каабаны жети жолу таваф кылды; Ибрахимдин макамынын (ордунун) аркасында эки рекет намаз окуду"* деген риваятты айтсак болот. Бул хадисти акылга жана логикага салууга болбойт. Алла өзүн аттын терисинден жараткандыгын билдирген ривает менен баклажандын бардык ооруга даба жана адам хадис ривает кылып жатканда чүчкүрүүсү туура айткандыгын тастыктагандыгы туурасындагы ривает акылга, тажрыйбага жана илим-билимге каршы келгендиги үчүн жалган хадис болуп саналат.[85]

3. Сахих хадистин текстинде жана маанисинде түшүнүксүз жагдайлар жок

Аз. Пайгамбар араб тилин мыкты билген. Ошондуктан анын сөздөрүндө тактык, тууралык, аныктык, логикага таянган жана чечендик сыяктуу араб тилинин эрежелерине (балага) шайкеш келген өзгөчөлүк бар. Ушундай эрежелерден улам хадисчилер сөздөрү жана маанилери түшүнүксүз болгон хадистерди "мавзуъ" (жалган) деп аташкан. Мындай риваяттар кулака жагымсыз, уккулуксуз келет жана адам баласынын табиятына туура келбейт. Мисалы, "Жашылды жана сулуу айымды кароо көрүү сезимин күчтөндүрөт", "Төрт нерсе төрт нерседен тойбойт: аял эркектен, топурак жамгырдан, көз көрүүдөн, кулак угуудан", "Короз менин досум жана менин досумдун досу, менин душманымдын душманы", сыяктуу айтылган жалган хадистердин айрымдары ушулар. Өзгөчө элди жакшылыкка үндөө, аз амал менен көп соопко ээ болуу жана кичинекей күнөөнү оор жазалар менен коркутуу сыяктуу хадистер дагы маанисиз жана ченеми жок катары кабылданат.

4. Сахих хадис тарыхый окуяларга каршы келбейт.

Хадистердин тарыхый окуяларга дал келбеши хадистин жалган экендигин көрсөтөт. Хадис аалымдары мавзуъ хадистерди аныктоодо тарыхый маалыматтардан өтө көп пайдаланышкан. Көптөгөн жалган хадистер тарыхый маалыматтардын жардамы менен аныкталган. Мисалы, "Сууктан этият болгула. Анткени суук Абу Дарданы өлтүрдү", деген хадис жалган болуп саналат. Аз. Пайгамбардын мындай хадис ривает кылуусу мүмкүн эмес эле. Себеби Абу Дарда Пайгамбардын көзү өткөндөн кийин, 22 жылдан кийин кайтыш болгон. Сууктан тоңуп өлүп-өлбөгөнү белгисиз. Аз. Фатиманын Мираждан кийин төрөлгөндүгү жана андан бейиштин жыты жыттангандыгы туурасындагы риваяттар дагы тарыхка дал келбейт. Себеби Аз. Фатима Пайгамбарга пайгамбарлык милдети келе электен 7 жыл мурун төрөлгөн.

85. Ибн Каййим аль-Жавзиййа. аль-Манару-л-муниф. 39-40-б.; Koçyiğit, *Hadis Usûlü,* s.119; Cihan, *Uydurma Hadislerin Doğuşu ve Sosyo-Politik Olaylarla İlgisi,* s.19.

5. Бир нече адамдын көрүүсү же болбосо билүүсү керек болгон маанилүү окуяны жеткирген сахих хадистин рависи жалгыз болбойт.

Бир хадис бир нече сахабага айтылып, жалгыз бир рави тарабынан риваят кылынса, бул мавзуъ хадис экендигин билдирет. Анткени көп сахаба уккан хадисти жок эле дегенде бир нече сахаба риваят кылуусу керек эле. Мисал катары Аз. Пайгамбар вада (коштошуу) ажылыгынан кайтып жатып, Гадиру Хум деп аталган жерде тыныгуу маалында өзүнөн кийинки халифа катары Аз. Алини дайындагандыгын, бирок ал жердеги сахабалар бул кабарды жашырган деп айткан Рафизилердин ырастоолорун берсек болот. Бул жаатгагы жалган кабардын санады сахих эмес. Башка жагынан алып караганда бардык мусулмандарга тиешелүү маанилүү маселеде, миңдеген сахабанын алдында айтылган сөздөрдү, халифалык маселеси боюнча пикир келишпестиктер чыккан учурларда бир дагы риваят кылган сахаба чыккан эмес. Аз. Пайгамбар асыр намазынын убактысын өткөрүп жиберип, анын урматына күндүн кайра чыгуусун билдирген риваят дагы жалгыз Умму Салама аркылуу келген. Буга окшош хадис Аз. Али үчүн дагы риваят кылынган. Хадисти риваят кылган Асма б. Умайс күндүн батуу жана кайра чыгуу мезгилдерине күбө болгондугун айткан. Бирок мындай окуяны бир эмес бир канча инсандын күбө болуусу керек эле. Бул принциптен улам жалган хадис деген өкүм берилген.

6. Сахих хадис кичинекей кылынган жакшылык үчүн апырткан сооптору убада кылбайт.

Кичинекей кылынган жакшылыкка сыйлык катары чоң сооптордун убада кылынуусу жана кыпындай каталарга өтө оор жазага тартылаары жөнүндөгү хадистер жалган болуп саналат. Мына ушулардын катарына икая айткандар тарабынан риваят кылынган хадистер да кирет. Мисалы, Ашура күнүндө орозо туткандарга бериле турган сооптун көлөмдүүлүгү туурасында: “Ким де ким Ашура күнүндө орозо тутса, Алла ага орозо тутуп, намаз окуп жетимиш жыл ибадат кылгандай сооп берет. Айрыкча он миң периштенин, он миң шейиттин, бир ажынын, миң жолу умра кылгандын сообунчалык сооп алат”, – деген хадис жалган экендиги бул принциптин негизинде билинген. Жалган хадистердин катарын толуктаган хадистер төмөн-күлөр: “Апрель айынын бүтүп баратканын сүйүнчүлөгөнгө бейишке кирүүсүнө кепил боломун”, жана “Кимде ким (ха) тамгасын бир көздүү кылбастан бисмиллах деп жазса, Алла ага бир миллион жакшылык жазат жана даражасын миллион жолу көтөрөт”, “Ким адал жол менен тапкан бир курма менен ифтар (ооз ачса) кылса, окуган намазына төрт жүз намаз кошулат”.

2. Хасан хадис

“Хасан” сөзүнүн сөздүк мааниси “жакшы” дегенди билдирет. Хасан хадис – сахих хадистин бардык сапаттарына ээ болгону менен равилердин биринин же бир канчасынын забт сапатында кемчилдик байкалган хадис. Хасан хадис, сахих менен зайыфтин ортосунда жайгашкан бирок сахих хадиске дагы жакыныраак болгон хадистин түрү.

Бул терминди алгачкылардан болуп хадис аалымы Имам Тирмизи колдонгон. Анын айтымында, хасан хадис сахих хадистин шарттарына ээ болгону менен равилердин забт жагынан сахих равилердин даражасына көтөрүлбөгөн равилердин хадистери болуп саналат.

Хасан хадистин сахих хадистен бир гана айырмачылыгы равинин забт жагынан кемчилдиги. Көпчүлүк хадис имамдарынын айтымында, хасан хадис далил болуу жагынан сахих хадис сыяктуу.

ЖАЗАБЫЗ

Хасан хадиске мисал катары Бахз б. Хакимдин атасы аркылуу чоң атасынан риваят кылган хадисти келтирсек болот:

Ибн Маажа мындайча айтты: Бизге Мухаммед б. Йахйа билдирди, бизге Абдурразак риваят кылды, бизге Мамар, Жабир аль-Жуфиден, ал Икримадан, ал дагы Ибн Аббастан кабар берди, ал мындайча деген: Расулуллах (с.а.в.) мындайча буюрган: *“Башкаларга зыян келтирүүгө болбойт, зыянга зыян менен да жооп берүү да болбойт”.*[1]

“Оо, Алланын элчиси! Ата-энемдин кимисине көбүрөөк көңүл бурушум керек?” — деп сураганда, Аз. Пайгамбар (с.а.в.) “энеңе” деди. Кийин кимге? деп сурадым, “энеңе” деди. Кийин кимге? деп сурадым “энеңе” деп жооп берди. Кийин кимге? деп сурадым “атаңа, андан кийин туугандарың”, деп жооп берди.[2]

1. Ибн Маажа. *Ахкам.* 17.
2. Тирмизи. *Бирр.* 1.

3. Зайыф хадистер жана алардын аламаттары

“Зайыф” сөзүнүн лексикалык мааниси “алсыз, күчсүз” дегенди билдирет. Терминологиялык мааниси, сахих же хасан хадистердеги шарттардын бирине же бир канчасына ээ болбогон, хасан даражасына жетпеген, бирок жалган экендиги айтылбаган хадистер зайыф хадис деп аталат. Мындай хадистер диний маселерде далил боло албайт. Бирок айрым аалымдар ибадаттардын пазилети жана адеп-ахлактык темаларда зайыф хадистер менен амал кылууга болоорун белгилешкен.

Зайыф хадистин белгилери:

а) Зайыф хадистин равилери адилеттүү эмес.

б) Зайыф хадистин равилери забт ээси эмес.

в) Зайыф хадистин санады муттасыл эмес.

г) Зайыф хадис шаз болуп саналат.

д) Зайыф хадистин жашыруун кемчилдиги бар.

е) Зайыф хадистин рависи адилеттүүлүк жана забт жагынан белгисиз.

Г. МАВЗУЪ ХАДИСТЕР ЖАНА АЛАРДЫ БИЛҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

1. Мавзуъ хадистин аныктамасы

Мавзуъ хадис – Пайгамбар (с.а.в.) айтпаса дагы ар кыл себептерден улам ага таяндырылган сөздөр. Чынында эле мындай хадистерди хадис деп атоого болбойт. Хадис деп аталып калышынын себеби хадис жалган болсо да санад жана матн жагынан башка риваяттарга окшоштугу же болбосо токулган сөздү хадис деп таануулануусу болуп саналат.[86] Мавзуъ

86. Aydınlı, *A.g.e.*, s.57; Yücel, *Hadis Usûlü*, s.195.

риваяттардын сөздүк мааниде “хадис” (сөз) деп аталып калышы коркунучтуу деп эсептелген эмес. Мындай хадистер Пайгамбарыбыздын көзү өткөндөн кийин пайда болгон.

БӨЛҮШӨЛҮ

Мавзуъ хадистердин сөздөрүндө жана маанилеринде бир нече түшүнүксүз жагдайлар бар. Хадисчилер мындай түшүнүксүз жагдайларды “ракакат” деп аташат. Сахих хадис менен мавзуъ хадисти бири-биринен ажыратуу үчүн төмөнкү аныктаманы беришкен: “Хадисте күндүн нуруна окшош нур бар; сиз аны заматта таанып, кабыл аласыз. Бир хадисте да түнкү караңгылык сыяктуу караңгылык бар; ошондуктан сиз аны четке кагасыз”.[1]

1. Talat Koçyiğit, Mücteba Uğur, İ. Hakkı Ünal, İmam-Hatib Liseleri İçin Hadis Usulü, 11. sınıf: 55.

2. Мавзуъ хадистердин негизги өзгөчөлүктөрү

Мавзуъ хадистердеги бир катар кемчиликтерден улам аларды таанып-билүүгө жардам берет. Алардын бир нечесин төмөнкүчө белгилеп кетүүгө болот:

а. Куранга жана сахих сүннөткө каршы келүүсү: Кыяматтын болоор убактысы боюнча: Аз. Пайгамбарга таяндырылган *“Дүйнөнүн өмүрү жети миң жыл, биз жетинчи миңдин ичиндебиз”* риваяты дагы *“Сенден кыямат качан болоорун сурашат. (Сен аларга:) “Чындыгында, анын маалыматы Эгемдин алдында. Анын убактысын Ал гана ачыкка чыгарат”, – дегин”*[87] деп келген аятка карама-каршы келет.[88]

б. Мавзуъ хадистен бир катар сөздөрүндө жана манисинде түшүнүксүз жагдайлар бар. Бул маанилердеги түшүнүксүздүк анын Куранга жана сахих сүннөткө каршы экендигин көрсөтүп турат.

в. Мавзуъ хадистин дагы бир өзгөчөлүгүнүн бири кичинекей бир жакшылык үчүн көптөгөн соопторду убада кылуу же кичинекей күнөө үчүн катаал жазаларды берүү. Мисал катары: *“Кимде ким лаа илааха иллаллах десе, Алла бул сөзү үчүн кушту жаратат. Куштун 70 миң тили бар жана ар бир тил 70 миңге жакын тилди билет. Баардыгы ошол адам үчүн Алладан кечирим сурашат”.*

г. Хадистин белгилүү тарыхый окуяларга таптакыр карама-каршы келиши. Бул да анын мавзуъ экендигин көрсөткөн өзгөчөлүктөрдүн бири.

д. Бүгүнкү күндөгү ишенимдүү хадис булактарында орун албагандыгы анын мавзуъ экендигин билдирет.

3. Жалган хадис таркатуунун себептери

а. Исламга болгон ишенимди жана динди жок кылуу. Айрым адамдар Ислам дининин тез жайылышы менен алардын динине коркунуч туулуп жаткандыгын көрүшкөн. Ошентип, алар Исламдан жана мусулмандардан өч алууну каалашкан. Мусулман катары көрүнүп, ислам динине карама-каршы келген ишенимдерди жайылтууга киришишкен. Ушул максатта, алар ойдон хадис чыгаруу аракетин башташкан.

87. Арааф. 7/187.

88. Kandemir, Mevzû Hadisler, s.181-182; Uğur, Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü, s.232.

б. Мусулмандар арасында атак-даңкка ээ болуу. Булар көбүн эсе мечиттерде атак-даңкка жетүүнү арзуулаган кызматкерлер. Алар коомго көбүрөөк таасир этип, атак-даңкка жетүү үчүн таасирдүү окуяларды ойлоп табышкан. Бул окуялардын натыйжалуу болушу үчүн аларды хадис деп аташкан.

в. Шаар жана шаарчаларды мактоо. Мавзуъ хадистердин катарында айрым шааралрды мактоого алган жана айрымдарын кемсинткен хадистерди да көрүүгө болот. Булардын негизги себеби, жалганчы хадисчилердин жеке кызыкчылыктары.

г. Улут жана уруулларды мактоо же кемсинтүү. Аз. Пайгамбарыбыз расалык дискриминацияга карандай каршы болгон. Бир катар ойдон хадис чыгаргандар жеке кызыкчылыктары жогору коюшуп, мисалы жалган хадистери аркылуу арабтын башка улуттардан же болбосо актын карадан жогору экендини далилдөөгө аракет кылышкан.

д. Мазхабчылык. Ар кандай агымдарды тутунган кээ бир жалганчылар да, өздөрүнө тарапташ топтоо үчүн карманган мазхабтарын жана мазхаб имамдарын макташып, башка мазхаб имамдарын жамандашкан.

е. Жетекчилерге жагалдануу. Айрым ачкөз жалганчылар да халифага же башчыларга жагалдануу, аларды кубантып, алардын көздөрүнө кирип белектерди алуу же кызматка отуруу үчүн жалган хадис таркатышкан.

ё. Жакшылыкка үндөө жана аны жамандыктан алыстатуу. Ниети жакшы, бирок жакшылык менен жамандыкты айырмалай албагандар элди жакшы иштерге чакыруу жана жаман күнөө иштерден оолак тутуу максатында хадис ойлоп табышкан.

Жогоруда мисалдардан тышкары, айлар, күндөр, ар кандай тамак аш түрлөрү боюнча да жалган хадистер таркатылган. Атайын жалган хадистерди топтогон жыйнактардан мындай хадистердин түрүн көрүүгө болот.

Натыйжада, бул иш-аракеттердин бардыгы Ислам коомчулугуна чоң зыян алып келген. Мисалы динди бурмалоо, мусулмандарды бири-бирине душман кылып фитна (бүлүк) чыгаруу жана бөлүп-жаруу негизги зыяндарынан болуп саналат. Хадис илиминин жана усулунун пайда болушунда булар маанилүү фактор болгон.

БИЛЕСИҢЕРБИ?

Хадис аалымдарынын изилдөөсүнүн натыйжасында мавзуъ болгондугу аныкталгандар төмөнкүлөр:

“Мисвак колдонгондун кооз сүйлөө жөндөмдүүлүгү көбөйөт”.

“Алла Таала ачууланганда вахийди араб тилинде; ыраазы болгондо перс тилинде түшүрөт”.

“Роза, Аз. Пайгамбардын (же Буректын) терисинен жаратылган”.

“Күрүч адам болгондо, акыл-эси ордунда бири болмок”.

“Түнкүсүн асмандан көрүнгөн ак - бул асмандын эшиги”.

“Дасторконго нан келгенге чейин 360 устанын колунан өтөт. Алардын биринчиси Микаил болуп саналат”.

“Кимдир бирөө хадис айтып жатканда чүчкүрүп койсо, анда ал хадис туура”.

“Алинин жүзүн көрүү ибадат”.

“Канаты кесилген көгүчкөндөрдү баккыла, анткени алар балдарыңардан жиндерди кууп чыгарышат”.

“Инсандардын ичинен сүрөтчүлөр жана тигүүчүлөр эң жалганчылар болуп саналат”.

Мавзуъ хадистер боюнча кеңири маалымат алуу үчүн: Aliyyu’l-Kari, Mevzu Hadisler, İlim Yayınları, Tercüme M. Yaşar Kandemir.



Окуу бөлүмү

ХАДИСТИН МААНИЛҮҮЛҮГҮ

Аз. Пайгамбардын аманаты болгон сүннөт казынасын бизге чейин жеткирген улуу Ислам аалымдары анын баалуулугун жана маанилүүлүгүн эң мыкты билишкен. Аманатты кийинки муунга өткөрүп берүү учурунда, алар биздин оюбузга жана кыялдарыбызга келбей турган өтө кылдаттыкты көрсөтүштү.

Абдуллах ибн Масуъд бизге Алла элчисинен 848 хадис риваят кылган. Хадис риваят кылуу учурунда ката кетирип алышым ыктымал деген ойдо “Алланын элчиси мындай буюрду” деп айтуудан коркуп, көздөрү жашка толуп, мойнундагы тамырлары шишип, маңдайынан тер куйула баштайт эле.

Табиин аалымдарынан Мухаммед ибн Мункадир хадис жаттагандыгы жана кыраат алымы катары белгилүү болгон. Ал хадис окуп баштаар замат көздөрү жашка толгон.

Хасан Басри эң жакшы көргөн жана “Басра жаштарынын устаты” деп атагаган табиин аалымдарынан Аййуб ас-Сахтийани да хадис жатка билген улуу аалымдардан эле. Жүзүнөн жылмайуу кетпеген Аййуб хадис риваят кылып жатканда Пайгамбарыбыздын сөзүн жеткирүү жоопкерчилигин ойлоп ыйлап баштайт эле. Анын көздөрүндөгү жашты көргөн шакирттеринин жүрөгү сыздайт эле.

Сүннөттүн булагы катары белгилүү болгон Мадина шаарынын улуу аалымдарынан Имам Малике Расулулла боюнча айтылганда ага жана анын хадистерине болгон терең урмат-сыйдан улам өңү бозоруп, бели бүгүлүп, эшикте күтүп жаткан шакирттерин көрүп кызматчысы эшике чыгып:

“Хадис окууга келдиңерби же диний маселе үйрөнүү үчүн келдиңерби?” – деп сурайт эле. Күтүп отургандар дини маселеси жөнүндө суро берерин айтышса, имам Малик ошол замат алардын жанына келип, алардын суроолоруна жооп берет эле. Эгер алар хадис үйрөнүү үчүн келсе, ал гусул же даарат алып, эң сонун кийимин жана чапанын кийип, чачын тарап, селдесин ороп, жыпар жыттан сееп, сыртка чыгып, ага атайын даярдалган орудукка отурат эле. Сабактын аягына чейин, андан чыккан жыпар жыттын руханий чөйрөсүндө хадис айтууну уланткан. Бул жүрүм-турумдун боюнча сурагандарга анын хадистерге болгон терең урмат-сыйы деп айтышкан. Жолдо, көчөдө, туруп алып же башка жерде хадис риваят кылууну туура көргөн эмес. Жолдо андан хадис сураган шакирттерине эскертүү берчү.

Абдуррахман Ибни Махди (198/813-ж.) табаут-табиин муунунун белгилүү хадис жана фыкх илимпоздорунун бир болгон. Ибни Махди сабак башталганда шакирттерине “Пайгамбарыбыздын үнүн басуу үчүн үнүңдү көтөрбө” деген аятты окуп берип, хадис сабагында үн чыгарбоолорун өтүнөт эле. Ал: “Алла элчисинин сөзүн угуп жатканда үн чыгарбаш керек болсо, хадистерди окуп жатканда да ошондой кылыш керек”, – деген.

СУРООЛОР БӨЛҮМҮ

А. ТӨМӨНДӨГҮ СУРООЛОРГО ЖООП БЕРГИЛЕ?

1. **Текстин кимге таандык экендиги боюнча хадистердин түрлөрү кайсылар? Түшүндүрүп бериңиз.**

.....

.....

.....

2. **Мутаватир хадис деген эмне? Түшүндүрүп бериңиз.**

.....

.....

.....

3. **Ахад хадистер риваят кылган равилердин санына жараша канча топко бөлүнөт? Түшүндүрүп бериңиз.**

.....

.....

.....

4. **Сиххат даражасына жараша хадистер канчага бөлүнөт?**

.....

.....

.....

5. **Сахих хадистин өзгөчөлүктөрү кайсылар?**

.....

.....

.....

6. **Сахих хадисти таанып-билүүнүн жолдору кайсылар?**

.....

.....

.....

7. **Зайыф хадистердин кандай белгилери бар?**

.....

.....

.....

8. **Жалган хадис таркатуу аракеттеринин себептери кайсылар?**

.....

.....

.....

Б. ТӨМӨНДӨГҮ СУРООЛОРДУН ТУУРА ВАРИАНТЫН БЕЛГИЛЕГИЛЕ?

1. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы зайыф хадистердин белгилеринин бири эмес?

А. Хадистин равилери адилеттүү эмес.

Б. Хадистин равилери забт ээси эмес.

В. Хадистин санады муттасыл эмес.

Г. Хадис шаз эмес.

Д. Хадисте жашыруун кемчилдик бар.

2. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы мавзуъ хадистин себептеринин бири эмес?

А. Исламга кызмат кылуу тилеги.

Б. Мазхабчылык.

В. Халифа жана башчыларга жакындоо максаты.

Г. Шаар жана шаарчаларды мактоо же кемсинтүү.

Д. Ислам ишенимин жок кылуу жана динди бузуу.

3. Төмөндөгү хадис терминдеринин кайсынысы сөз, жүрүм-турум жана такрир жагынан пайгамбарга барып такалат?

А. Мактуъ хадис

Б. Мавкуф хадис

В. Марфуъ хадис

Г. Мавзуъ хадис

4. Төмөндө түшүндүрмөсү берилген хадис түрү кайсы?

Сөздүк мааниси “жалгыз, бир киши” дегенди билдирет. Хадис илиминде табакалардын кандайдыр бир жеринде жалгыз рависи болгон хадистер үчүн колдонулат.

А. Ахад

Б. Машхур

В. Гариб

Г. Хасан

Д. Мактуъ

5. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы мааниси Аллага, сөзү пайгамбарга таандык болгон хадис?

А. Мактуъ хадис

Б. Мавкуф хадис

В. Матрук хадис

Г. Кудси хадис

Д. Марфуъ

6. Абдуллах б. Масъуд: “Астрологго же көзү ачыкка барып, алардын айткандарын кабылдаган адам Аз. Пайгамбарга түшүрүлгөндү четке каккан болот”, – деди. Бул хадистин кайсыл түрүнө кирет?

А. Мавкуф хадис

Б. Мактуъ хадис

В. Марфуъ хадис

Г. Мутаватир хадис

Д. Ахад хадис

В. КАШАНЫН ИЧИНДЕГИ СӨЗДӨРДҮ КОЛДОНУП БОШ ЖЕРЛЕРДИ ТОЛТУРГУЛА

(Лафзи мутаватир – хасан хадис – азиз хадис – Имам Тирмизи – маънави мутаватир – мавзуъ хадис)

1. ……. хадис сахих хадис менен зайыф хадисттин ортосунда орун алган, бирок сахих хадиске өтө жакын болгон хадис.

2. Санаддагы бардык равилер бирдей сөздөр менен риваят кылган хадис **…….** деп аталат.

3. Намаз, орозо, зекет сыяктуу ибадаттардын аткарылышы …….сүннөткө мисал катары берсек болот.

4. Равилердин саны эң аз экиге түшүп калган хадистер ..... деп аталат.

5. Мавзуъ хадис Аз. Пайгамбар айтпаган бир сөздү ар кыл себептерден улам ага таяндырылган сөздөр. Мындай хадистер ..... деп аталат.

6. Хасан терминин алгачкылардан болуп ..... колдонгон.

ИЛИМ ҮЙРӨНҮҮНҮН ПАЗИЛЕТТЕРИ ТУУРАЛУУ ХАДИСТЕР

1. عَنْ عُثْمَانَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ، عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «خَيْرُكُمْ مَنْ تَعَلَّمَ القُرْآنَ وَعَلَّمَهُ». رَوَاهُ الْبُخَارِيُّ.

1. Осман бин Аффандан (р.а.) келген риваятта, Алла элчиси мындайча буюрду:

“Силердин эң жакшыңар – Куранды үйрөнгөн жана аны башкаларга үйрөткөнүңөр”.[89]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Жалпысынан алганда Мухаммед пайгамбардын бүткүл үммөтү жана аалымдар туурасында сөз болууда.

2. Куранды үрөнгөн жана аны башкаларга үйрөткөндөр үммөттүн эң жакшылары болуп саналат.

3. Куранды үйрөнүү жана үйрөтүүдөн максат, окуганды үйрөнүп башкаларга үйрөтүү.

4. Куран илимин үйрөнүү, бул адамдын пазилетин арттырат.

5. Жашоо образына айланган илим жана билим динде мактоого арзыган эң чоң маалымат.

6. Ар бир мусулман Куран окуга жана окутууга колдон келишинче маани бериши керек.

2. عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «وَمَا اجْتَمَعَ قَوْمٌ فِي بَيْتٍ مِنْ بُيُوتِ اللَّهِ، يَتْلُونَ كِتَابَ اللَّهِ، وَيَتَدَارَسُونَهُ بَيْنَهُمْ، إِلَّا نَزَلَتْ عَلَيْهِمِ السَّكِينَةُ، وَغَشِيَتْهُمُ الرَّحْمَةُ وَحَفَّتْهُمُ الْمَلَائِكَةُ، وَذَكَرَهُمُ اللَّهُ فِيمَنْ عِنْدَهُ». رَوَاهُ مُسْلِمٌ.

2. Абу Хурайрадан (р.а.) келген риваятта, Алланын элчиси мындайча буюрган:

89. Бухари. *Фазаили-л-Куран.* 21.

“Бир коом Алланын үйлөрүнөн бир үйгө чогулушуп, Алланын китебин окушуп, өз ара сабак кылышса анда аларга бейпилдик түшөт, аларды ырайым оройт жана периштелер курчайт. Алла Таалаа аларды периштелердин алдында эскерет”.[90]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Мечитте, намазканада, медреседе жана үйлөрдө топтолуп Куран окуу жана өз ара талкуулоо эң чоң амалдардан болуп саналат.

2. Куран илимине, акыйдасына, фыкхтык өкүмдөрүнө, адеп-ахлагына байланыштуу маалыматтар алуу кайсы тармакта болбосун, мусулмандын билиминин негизи болушу керек.

3. Куран окулган жана илим үйрөнүлгөн жерде бейпилдик орнойт, ырайым каптайт жана периштелер курчап турат.

4. Куранды окуу жана аны жаттоо менен чектелүү бул жетишсиз. Ушуну менен катар эле, акылыбызды жана түшүнүгүбүздү топтоп, аны түшүнүүгө аракет жасашыбыз керек.

5. Куранды окуп, аны баалаган жана өз ара талкуулаган пенделерди Алла Таала асманда периштелер арасында эскерип, даражасын көтөрөт.

3. عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «إِذَا مَاتَ الْإِنْسَانُ انْقَطَعَ عَنْهُ عَمَلُهُ إِلَّا مِنْ ثَلَاثَةٍ: إِلَّا مِنْ صَدَقَةٍ جَارِيَةٍ، أَوْ عِلْمٍ يُنْتَفَعُ بِهِ، أَوْ وَلَدٍ صَالِحٍ يَدْعُو لَهُ». رَوَاهُ مُسْلِمٌ.

3. Абу Хурайрадан (р.а.) келген риваятта Алла элчиси мындай деди:

“Адам өлгөндө, анын бардык амалдары үзүлөт, бул үчөөнөн башкасы: үзгүлтүксүз садака, пайда алып келип жаткан илим же ал үчүн дуа кылып туруучу салих перзент”.[91]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Акыретке жашоону алып баруунун жолу - бул хадисте билдирилген үч жакшылыктан (эл пайдалана турган садака, пайдаланган илим жана дуба кыла турган ыймандуу бала) жок дегенде бирөөнө ээ болуш керек.

2. Жалгыз илим алуу менен чектелип калбастан, аны башкаларга үйрөтүү жана жеткирүү.

3. Садака-и жария – бардык адамдар пайдалана турган, үзгүлтүксүз жакшы иштер үчүн колдонулган жалпы термин. Мисалы: Ибадатканаларды, мектептерди, көпүрөөлөрдү жана жакырлар үйүн куруу ж.у.б.с.

90. Муслим. *Зикр.* 38.

91. Муслим. *Васиййат*. 14.

4. عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللهُ عَنْهُ أَنَّ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: ((وَمَنْ سَلَكَ طَرِيقًا يَلْتَمِسُ فِيهِ عِلْمًا سَهَّلَ اللهُ لَهُ طَرِيقًا إِلَى الْجَنَّةِ)). رَوَاهُ مُسْلِمٌ.

4. Абу Хурайрадан (р.а.) келген риваятта, Алла элчиси мындайча деди:

"Кимде ким илим алуу үчүн сапарга аттанса, Алла Таала анын бейишке баруучу жолун жеңилдетет".[92]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Илим үйрөнүү, бул эң жакшы амалдардын бири.

2. Бейишке кирүү жолдорунун бири, бул илим алуу. Анткени билим адамга акыйкаттыкты үйрөтөт.

3. Ислам динининн негизги максаттарынын бири илим үйрөнүү жана так маалыматка ээ болуу.

5. عَنْ عَبْدِ اللَّهِ بْنِ عَمْرِو بْنِ الْعَاصِ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا قَالَ: سَمِعْتُ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «إِنَّ اللَّهَ لاَ يَقْبِضُ العِلْمَ انْتِزَاعًا يَنْتَزِعُهُ مِنَ العِبَادِ، وَلَكِنْ يَقْبِضُ العِلْمَ بِقَبْضِ العُلَمَاءِ، حَتَّى إِذَا لَمْ يُبْقِ عَالِمًا اتَّخَذَ النَّاسُ رُءُوسًا جُهَّالًا، فَسُئِلُوا فَأَفْتَوْا بِغَيْرِ عِلْمٍ، فَضَلُّوا وَأَضَلُّوا». مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

5. Абдуллах Ибни Амр Ибни Ас (р.а.) мындайча буюрду: Алла элчисинен уктум:

"Алла илимди инсандардын эс-тутумунан алып-салуу аркылуу менен эмес, аалымдардын өлүмү менен алат. Натыйжада тирүү бир дагы аалым калбайт. Адамдардын кээ бири сабатсыздарды лидер тутушат. Аларга кээ бир маселе суроолор берилгенде, алар билбесе да фатва беришет. Жыйынтыктап айтканда өзүлөрү да жана башка адамдарды да туура жолдон адаштырышат".[93]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Илим эс-тутумдан өчүү аркылуу эмес, аалымдардын жок болуп кетиши менен жоголот.

2. Жер жүзүндөгү адамдардын эң ишенимдүүсү, булар алымдар.

3. Аалымдарды пазилеттүү кылган нерсе, бул алардын алган илими.

4. Мусулман коомдорунун милдети, бул илимди жана аалымды барктоо жана аалымдардын санын көбөйтүү үчүн аракеттенүү.

92. Муслим. *Зикр*. 39.

93. Бухари. *Илим*. 34; Муслим. *Илим*. 13; Тирмизи. *Илим*. 5.

5. Илимсиз жана маалыматсыз диний маселелерден кеп салуудан өтө этият болуш керек.

6. عَنْ ابْنِ عُمَرَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «لَا حَسَدَ إِلَّا فِي اثْنَتَيْنِ: رَجُلٌ آتَاهُ اللَّهُ الْقُرْآنَ فَهُوَ يَقُومُ بِهِ آنَاءَ اللَّيْلِ، وَآنَاءَ النَّهَارِ، وَرَجُلٌ آتَاهُ اللَّهُ مَالًا، فَهُوَ يُنْفِقُهُ آنَاءَ اللَّيْلِ، وَآنَاءَ النَّهَارِ». مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

6. Ибн Умардан (р.а.) келген риваятта, Расулулла мындайча буюрду:

"Ушул эки адамга суктанса болот. Бири Алланын берген Кураны менен күнү-түнү убакыт өткөргөн адам. Экинчиси Алланын берген мал-мүлкүн күнү-түнү Анын жолунда сарптаган адам".[94]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Ислам дининде ниматтын жок болушун тилек кылууга т.а. кызгануунга тыюу салынган.

2. Жакшы адамдарга суктанууга жана алар сыяктуу болууну каалоого болот.

3. Куранды жаттоого, аны кырааты менен окууга, маанисин түшүнүүгө, илимине ээ болууга жана ага амал кылууга тилек кылуу мустахаб болуп саналат.

4. Байлар жана байлыктарынын акысын берип, Алла жолунда мал-мүлкүн сарптагандар, булар даражасы жогору болгондор. Аларга суктанса болот.

5. Динибиз Алла берген мал-мүлктү анын жолунда Анын ыраазычылыгына ылайык сарптоого абдан маани берет.

7. عَنْ أَبِي مَسْعُودٍ عُقبَةَ بْن عمْرٍو الأَنْصَارِيّ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «مَنْ دَلَّ عَلَى خَيْرٍ فَلَهُ مِثْلُ أَجْرِ فَاعِلِهِ». رَوَاهُ مُسْلِمٌ.

7. Абу Мусъуд Укба Ибни Амрдан (р.а.) келген риваятта, Алла элчиси мындайча деди:

"Жакшылыкка себепкер болгон адам, жакшылыкты кылгандай сооп алат".[95]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Жакшылыкка себепкер болуу, аны жасагандай сооп алат.

3. Жакшылыкка себепкер болгонго бериле турган сооп, жакшылык кылгандын сообунан кыпындай нерсе кемитбейт.

4. Жакшылыкта уюмдашуу бүгүнкү күндөгү эң негизи муктаждыктардын бири.

94. Бухари. *Илим*. 15, *Зекет*. 5, *Ахкам*. 3; Муслим. *Мусафирин*. 266-268.

95. Муслим. *Имара*. 133; Абу Давуд. *Адаб*. 115; Тирмизи. *Илим*. 14.

БӨЛҮМ IV

АЗ. ПАЙГАМБАР ЖАНА САХАБА ДООРУНДА ХАДИС

БӨЛҮМДҮН МАЗМУНУ

- **А. АЗ. ПАЙГАМБАР ДООРУ**
- **Б. САХАБА ДООРУ**

ДАЯРДЫКТАР

1. Пайгамбарыбыздын доорунда жазуу шаймандары чектелүү экендигин эске алып, досторуңуз менен хадистер кийинки муундарга кандайча өткөрүлүп берилгендиги жөнүндө ой бөлүшүңүз.
2. Сахабалардын пазилети жөнүндө аят-хадистерди карап чыгыңыз. Бул темага байланыштуу бирден аят жана хадисти дептериңерге жазгыла.
3. Сабатсыз араб коомунун ичинен илим үчүн жанын аябаган муундун пайда болуусун кандай түшүндүрөсүз?
4. Билим үчүн ар бир курмандыкты издеген сабатсыз араб коомунан элита муунунун пайда болушун эмне менен түшүндүрдүңүз?
5. Сиз билген сахабалардын аттарын досторуңар менен бөлүшкүлө. Тайпаңарда сахабалардын аты коюлган канча досуңуз бар?

А. АЗ. ПАЙГАМБАР ДООРУ

1. АЗ. ПАЙГАМБАРДЫН ХАДИС ҮЙРӨНҮҮГӨ ҮГҮТТӨӨСҮ

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) илим жаатында да сахабаларына жол көрсөтүп келген. Ал илим алуунун зарылчылдыгын сунуштап гана койбостон, аны өзүнүн иш-аракеттери аркылуу айланачөйрөсүнө да көрсөткөн. Ошондуктан Исламдагы биринчи мугалим, бул Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) жеке өзү. Анын илим алууга үгүттөгөн кээ бир хадистери төмөнкүлөр:

"Кимге Алла Таала жакшылык кааласа, динден түшүнүк берет".[96]

"Кимде ким илим алуу үчүн сапарга аттанса, Алла Таала анын бейишке баруучу жолун жеңилдетет". [97]

Куран Аз. Пайгамбарга 23 жыл аралыгында түшүрүлгөн. Ал акырындык менен түшкөн аяттарды сахабаларына түшүндүрүп көрсөтүп берген. Пайгамбардын (с.а.в.) доорунда илим алуу каражаттары чектелүү жана жетишсиз болгондуктан, негизинен жаттоо басымдуулук кылган. Чындыгында, араб коомчулугу маани берген поэзия жана аңгемелер сыяктуу адабий жанрлар жаттоо аркылуу өткөрүлүп келген. Ушул себептен, алгачкы мезгилдеги илимий иш-аракеттерде мындай оозеки маданияттын маанилүү таасири бар.

Сахабалар Аз. Пайгамбардан уккандарын жана көргөндөрү өз ара талкуулашып, аны күнүмдүк жашоолорунда колдонууга аракет кылышкан. Алардын сүннөткө жана хадиске болгон мамилелери Куран менен бирге хадистердин жанданышына себеп болгон.

Чындыгында бул жыйнак сахабалардын колунда жазуу түрүндө эмес, эс-тутумунда сакталгандыгы белгилүү. Себеби Пайгамбарыбыз хадистерди аяттар менен аралашып кетүү коркунучунан улам жазууга тыюу салган. Андан кийин кооптуу жагдай азайганда саналуу сахабаларга, андан кийин бардык сахабаларга уруксат берген. Ошентип, алгач жатталып эсте тутулган хадистер кийин жазылып, үйрөнүү дагы да жеңилдеп жана ушундай жол менен бүткүл Ислам дүйнөсүнө жайылуусуна мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

МААЛЫМАТ КУТУЧАСЫ

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз кээ бир сахабаларга хадистерди жазууга уруксат берген. Алардын айрымдары төмөнкүлөр: Абдуллах Ибну Амр Ибну-л-Ас, Абу Хурайра, Али б. Абу Талиб, Жабир б. Абдиллах, Анас б. Малик, Самура б. Жундаб жана Абдуллах б. Аббас.

96. Бухари. *Илим*. 13.

97. Муслим. *Зикр*. 39.

2. АЗ. ПАЙГАМБАР ДООРУНДА ХАДИС ҮЙРӨНҮҮ ЖОЛДОРУ

Пайгамбарыбыздын доорунда хадистер төмөнкүдөй жолдор менен үйрөнүлгөн:

а. Музакара

Көптөгөн сахабалар дайыма эле Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) жанында боло беришкен эмес. Ошондуктан, анын айткандарын жана кылып жаткан иштерин ар дайым уга да көрө да алышпаган. Алар жеке Аз. Пайгамбардын өзүнөн уккан сахабалар менен сүйлөшүп, үйрөнүшкөн. Анас б. Маликтин айткандары ушул маселеге байланыштуу: *"Пайгамбарыбыз (с.а.в.) жанында жүрүп уккандарыбызды өз ара жакшылап түшүнүктүү болгонго чейин талкуулайт элек"*. Бул талкуу көбүнчө Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) мечитинде жана "суффа" деп аталган жакыр жана жалгыз жашаган сахабалар жашаган жерде болот эле.

б. Жаттоо

Жогоруда да белгилеп кеткендей Пайгамбарыбыздын доорунда хадистерди үйрөнүү жана жеткирүү жолдорунун эң маанилүүсү, бул жаттоо болгон. Ушул жаттоодо Пайгамбарыбыздын "Бизден бир хадис угуп, аны жаттагандай башка бирине жеткирсе, Алла Таала анын жүзүн агарттысын",[98] – деген хадиси чоң таасир берген.

в Жазуу

Жогоруда да айтылгандай, Пайгамбарыбыз (с.а.в.) хадис жазууга уруксат бергенден кийин, бир нече сахаба жаттаган хадистерин жазуу түрүндө да аныкташкан. Ал эми эс тутумуна ишене албагандар жазууга басым жасашкан.

г. Илимий жыйындар

Сахабалар мезгил-мезгили менен Пайгамбарыбыздын айланасында отурушуп, аны кунт коюп угушкан жана анын айткан хадистерин үйрөнүшкөн. Сахабалар негизинен намаздан кийинки ушундай жыйындарда анын буйруктарын, насааттарын жана кеңештерин угуп, хадистерди үйрөнүшкөн.

д. Суроо берүү

Хадис үйрөнүүдө суроо берүү ыкмасы сахабалар үчүн натыйжалуу ыкма болгон. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) берилген суроолорго жооп берип жатып, алардын билимин жана түшүнүгүн эске алган. Кайра-кайра суроо берилбеши үчүн суроолорго кылдат жооп берген. Мисалы, алар кандайдыр бир жапайы жаныбарлардын этин жегенге болобу деп сураганда, ошол жаныбардын этин гана эмес, жапайы жаныбарлардын кайсынысынын этин жеп жана жебей тургандыгын түшүндүрүп берген.

е. Ээрчүү

Кээ бир сахабалар ар дайым Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) жанында жүрүп, андан хадис үйрөнүшкөн. Алардын эң атактуусу болгон Абу Хурайра (р.а.) мындай дейт: **"**Мухажир бир туугандарыбыз базарларда соода-сатык кылганда, анснарлар да дыйканчылык менен алектенип жатышканда, Абу Хурайра курсагын тойгузуу үчүн Аз. Пайгамбарга кызмат кылып, алардын көрүп-билбеген нерселерине күбө болуп жүргөн".[99]

98. Тирмизи. *Илим*. 2628.
99. *Ибн Хиббан. Сахих. XVI/105.*

ОЙЛОНУП КӨРӨЛҮ

Сахаба жашоосунда хадис жана сүннөттүн орду

3. ХАДИСТЕРДИН КООМГО ЖЕТҮҮСҮ

Ислам дини дүйнөдө жана акыретте инсандын жана коомдун бактылуулугун бардык нерседен жогору койгон. Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) дүйнөлүк жана руханий иштерин жөнгө салган хадистери бул бактылуулукка кепилдик берүүчү принциптерге бай. Тавхид ишенимине негизделген жаңы коом куруу милдети жүктөлгөн Азирети Мухаммеддин ар бир сөзү жана кылган иши коомго жетүүсү жагынан өтө маанилүү. Бирок, бул жеткирүүнү жүзөгө ашыруучу айрым факторлор бар. Алардын негизгилерин төмөнкүчө тизмектөөгө болот:

а. Аз. Пайгамбардын үгүттөөсү

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) Ислам дининин негизги кабарын бардык адамзатка жетүүсүн каалаган. Ал бул кабардын жетүүсүндө негизги ролду ойногон сахабалардын бул милдетти так аткаруусун көзөмөлдөп турган. Сахабалар да жоопкерчиликтерин сезишип бүт дүйнө жүзүнө өздөрүнө берилген кабарды жайылтышкан. Анткени акыйкатты жана адилеттүүлүктү издеген бардык адамзат мындай курманчылыкка муктаж эле.

Аз. Пайгамбардын мындай үгүтүн билдирген кээ бир хадистер төмөнкүлөр:

“Бир аят болсо дагы Менден башкаларына кабарлаңыз”.[100]

“Бул сөздөрдү ушул жерде отургандар укпагандарга үгүттөсүн! Балким ушул жерде отургандар уккандарын өзүнөн дагы да түшүнүктүү бирине жеткирген болот”.[101]

б. Сахабанын илимге кызыгуусу жана хадис үйрөнүү аракети

Сахабалар Куранды жакшылап түшүнүү, өздөрүн сабатсыздыктан арылткан Ислам динин үйрөнүү үчүн бардык дараметин жумшашкан. Ошондуктан алар болгон күчүн жумшоодон качышкан эмес.

Сахабалар Аз. Пайгамбардан он аят үйрөнгөндөн кийин, аларды жакшылап жаттап жашоодо ишке ашырмайынча башка аяттарга өтүшкөн эмес. Алар Куранды илим катары үйрөнүшкөн жана аны жашоосунда колдонушкан.

в. Аз. Пайгамбардын үй-бүлөлөрү

Хадистерди коомго жеткирүүдө Пайгамбарыбыздын аялдарынын салым чоң. Өзгөчө үй-бүлө жана үй-бүлөлүк жашоосу тууралыдагы маалыматтар Аз. Пайгамбардын жубайларынан алынган. Аз. Айшанын бул жаатта салымы чоң. Ал көптөгөн сахабаларга жана табииндерге

100. Бухари. *Анбия*. 50; Айрыкча караңыз: Тирмизи. *Илим*. 13.

101. Бухари. *Хаж*. 132; Абу Давуд. *Хаж*. 63.

илим үйрөтүп, Аз. Пайгамбардан да көптөгөн хадистерди риваят кылган. Анткени ал хадистерди риваят кылган жети сахабанын бири болуп саналат.

г. Аз. Пайгамбардын элчилери

Пайгамбар (с.а.в.) жаңыдан мусулман болгон уруулларга Куранды жана Ислам динининн негиздерин үйрөтүү үчүн айрым сахабаларды тандап жиберген. Алар кайсы жерде болбосун, өз милдеттерин аткарышып, Пайгамбардын (с.а.в.) сөздөрүн, жасаган иштерин жана өкүмдөрүн элге жеткиришкен.

Аз. Пайгамбар аларга бир нече көрсөтмөлөрдү берген. Мисалы, Абу Муса аль-Ашъари жана Муаз б. Жабалдын Йеменге жөнөтүп жатып, *“Жеңилдеткиле, оорлоштурбагыла! Сүйүнчүлөгүлө, ирээнжитпегиле!”* [102.] – деген эскертүүсүн берген. Хадистер ушул элчилер аркылуу коомго жеткирилип турган.

д. Сырттан келген элчилер

Мадина шаарына мусулман болуу, мусулман экендигин билдирүү, Ислам динининн негиздерин үйрөнүү же болбосо Аз. Пайгамбардын чакырыктарына ар кандай делегациялар келип турушчу. Алар Пайгамбарыбыздын сахабалары менен жолугушуп, алардан бир нерселерди үйрөнүшкөн. Алар үйрөнгөндөрүн башкаларга жеткиришкен. Ошондой эле Аз. Пайгамбар үйрөнгөндөрүн башкаларга үйрөтүүнү буюрган.



4. ХАДИСТЕРДИН КООМДУК ЖАШООДОГУ ОРДУ

Аз. Мухаммед Алла тарабынан Ислам динин жеткирүү үчүн адамзатка жиберилген акыркы пайгамбар. Куранда Пайгамбарга баш ийүү – Аллага баш ийүүнү билдирет. Ага каршы чыгуу – Аллага каршы чыгууга барабар экендиги жана анда адамдар үчүн сонун үлгүлөр бар экендиги баяндалган. Анын буйруктарын аткаруу жана тыюларынан оолак болуу диний жоопкерчилик болуп саналат.

Караңгы мезгилден тынчтыкка, адилеттүүлүккө жана адеп-ахлак цивилизациясына өтүүсүнө себеп болгон Ислам Пайгамбары (с.а.в.) айланасындагы ыйман келтиргендер үчүн эң сонун үлгү

102. Бухари. *Илим*. 11, *Магази*. 60; Муслим. *Жихад*. 4.

болгон. Ыймандуулар аны бардык жагынан үлгү алышып, өздөрүнө лидер тутунушкан. Ушул себептен Пайгамбарыбыздын сүннөттөрү жана хадистер коомго чоң таасирин тийгизген.

Ислам коомчулугунда сүннөт мурда кандай болсо азыр деле эч өзгөрүүсүз сакталып келүүдө. Анын издерин каада-салт жана үрп-адаттардан да көрүүгө болот. Коомдук турмушубузда уланып келе жаткан мындай салттар сүннөттүн дагы деле тирүү уланып келе жаткандыгын жана таасири бар экендигин билдирет. Ошондуктан, мурункудай эле күнүбүздө да Аз. Пайгамбардын сөздөрү жана жүрүм-туруму мусулмандар үчүн негизги булак.

Б. САХАБА ДООРУНДА ХАДИС

1. САХАБАНЫН АНЫКТАМАСЫ

"Сахаба" сахаби сөзүнүн көптүк түрү, "достор, курбулар жана чогу болгондор" дегенди билдирет. Терминологиялык мааниси "Пайгамбарды (с.а.в.) пайгамбарлык озуйпасы берилгенден кийин көргөн, аны менен сүйлөшүп көрүшкөн жана мусулман болуп жан бергендерг".[103]

Ислам аалымдарынын көпчүлүгү сахабаларга төмөндөгүдөй аныктама беришкен. Андыктан сахаба болуу үчүн:

- ✓ Аз. Пайгамбар менен жолугушуу
- ✓ Аны менен маектешүү
- ✓ Ага ыйман келтирүү
- ✓ Мусулман болуп жан берүү

Сахаба болуунун биринчи жана эң негизги шарты, бул мусулман болуу. Ал эми аны мусулман болуп көргөнү менен кийинчерээк динден чыккан (муртад) адам сахаба катары эсептелбейт. Ушул сыяктуу эле, каапыр болуп жүрүп Аз. Пайгамбарды көрүп, ал өлгөндөн кийин мусулман болгон адам сахаба болуп саналбайт.

ЭСКЕ САКТАЙБЫЗ

Бир адамдын сахаба экендигин анын атактуулугу, сахаба же табиндин күбөлүгү же өзүнүн сахаба экендигин билдирүүсү менен билүүгө болот. Акыркы сахаба хижрий 110-жылы көз жумган деп болжолдонууда. Ошол күндөн кийин "мен сахабамын" дегендердин сөздөрүнө ишеним көрсөтүлбөйт.[1]

1. Koçyiğit, İmam Hatip Liseleri İçin Hadis 1 (Lise 2. Sınıf), s.69-70; Çakan, Anahatlarıyla Hadis, 95.

2. САХАБАНЫ ТААНЫП-БИЛҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

Кимдир бирөөнүн сахаба экендигин төмөнкүдөй жолдор менен билүүгө болот:

103. Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.334; Efendioğlu, Mehmet, "Sahabe", mad., *DİA*, XXXV/491.

1. **Таватур аркылуу:** Жалган айтуулары жана жалган айтуу үчүн биригүүлөрү мүмкүн болбогон көп сандаган кишинин бир кабарды бир ооздон айтып жеткирүүлөрү, бир темада бирдей көз карашты кармануулары билдирет. Сахаба экендиги таватур жолу аркылуу белгилүү болгондорго мисалы, Аз. Абу Бакр, Аз. Умар, Аз. Усман, Аз. Али, Талха, Зубайр б. Аввам, Саад б. Аби Ваккас, Абу Муса аль-Ашарий жана башкаларды атасак болот. Жогоруда аталган сахабалардын Аз. Пайгамбар менен пайгамбарлык мезгилинде момун катары жүз көрүшкөнүн жана момун катары өлгөнүн ар бир доордо жүз миңдеген адамдар тарабынан бир ооздон кабар берилип келген.

2. **Атак-даңк аркылуу:** Сөздүк боюнча атактуу деген мааниге келүү менен бирге кишинин сахаба экендигин таватур даражасынан төмөнүрөөк жол менен билингендигин түшүндүрөт. Маселен, Димам б. Салаба жана Уккаша б. Михсандын сахаба экендигин таватур даражасына жетпеген маалымат аркылуу билингендиктен булардын сахаба экендиги атак-даңкы боюнча аныкталган.

3. **Сахаба же табииндин күбөлүгү аркылуу:** Буга мисал катары Хумама б. Аби Хумаманы берсек болот. Хумама мусулмандар Исфахан шаарын каратып алган учурда ич оорудан улам кайтыш болгон. Ошол кездеги таанымал сахабалардын бири Абу Муса аль-Ашарий, Хумаманын Пайгамбар (с.а.в.) менен кездешкенин, пайгамбарыбыздын анын шейит болуп өлөт деп айтканын билдирген. Ошентип, Хумаманын сахаба экендиги башка бир сахабанын кабар берүүсү менен белгилүү болгон.

4. **Икрар жолу менен (сахабанын өз сөзү менен):**

"Мен сахабамын" деген кишинин адилеттүү, тактап айтканда, ар тараптан чынчыл жана ишенимдүү болуусу жана хижраттын 110-жылына чейин жашагандардан болсун деген шарттар талап кылынат. Анткени эң акыркы сахаба хижрий 110-жылы өлгөн деп кабыл алынат. Ошондуктан ушул жылдан кийин "мен сахабамын", деп айткан кишинин сөзү өтүмдүү болбойт.[104]

БӨЛҮШӨЛҮ

Сахабалар хадистерге өтө кылдат мамиле жасашкан

Аз. Абу Бакрга (р.а.) улгайып калган эне келип, чоң эненин мурасы туурасында сурайт: "Сен үчүн Алланын китебинде өкүм жок. Алла элчисинин бул маселе боюнча бир нерсе айтып айтпаганын да билбейм", – деп жооп узатат. Аркасындагы жамаатка карап: "Бул боюнча укканыңар барбы?" – деп сурайт. Мугийра (р.а.) ордунан туруп: "Пайгамбардын (с.а.в.) чоң энеге мурастын алтыдан бирин бергенине күбө болдум", – деп айтат.

Аз. Абу Бакр (р.а.) жоопко ыраазы болбойт: "Буга күбө болгон барбы?" – деп күбө издейт. Мухаммед бин Маслама күбө экендигин айтканда, ал чоң энеге алтыда бир берилери боюнча өкүм чыгарат.

104. Koçyiğit, İmam Hatip Liseleri İçin Hadis 1 (Lise 2. Sınıf), s.69-70; Çakan, Anahatlarıyla Hadis, 95.

3. САХАБАНЫН ПАЗИЛЕТИ

Куранда сахабалар туурасында *“Адамзат үчүн жиберилген эң жакшы коом”,*[105] – деп сыпатталган. Куран аяттарында жана Аз. Пайгамбардын хадистеринде сахабаларды үммөттүн ичинен эң кадырлуу жана пазилеттүү муун экендиги билдирилген.[106] Алар мындай кадыр-баркка жана пазилетке негизинен күчтүү ыйманы жана үлүгүлүү жүрүм-турумдары аркылуу жетишкен. Алар Исламды алгач кабыл алган күндөн тартып диндин ар бир буйругун жан дили менен берилип аткарышкан. Ислам динине киргенге жана анын буйруктарын аткарууга мажбурланбаса да дээрлик көпчүлүгү бүт өмүрүн Алланын элчисинин жанында өткөрүп, аны менен бирге согуштарга катышкан жана Исламды жайылтуу үчүн болгон күчүн жумшашкан. Ислам душмандарынын коркутуп-үркүтүүлөрүнө жана азап-кыйноолоруна, ал гана эмес өлүмгө да дуушар болуп, байырлаган өз мекенин, мал-мүлкүн, жубайын жана бала-чакасын таштап, башка жерлерге көчкөнгө аргасыз болушкан. Бирок Алла Таалага жана Алланын элчисине болгон ишенимдеринен эч качан баш тарткан эмес.[107]

Куранда сахабалар туурасында төмөнкүчө баяндалат:

“Мухажирлардан, ансарлардан алгач ыйман келтиргендер жана жакшы иштерде аларды ээрчигендерден Алла ыраазы болду. Алар да Алладан ыраазы болушту”.[108]

“Алла алар даректын түбүндө туруп ант бергенде аларга чындап ыраазы болгон”.[109]

“Мухаммед Алланын элчиси жана аны менен бирге болгондор каапырларга катаал, ал эми бири-бирине мээримдүү. Алар рүкү, сежде кылышып, Алланын ырайымын жана ыраазылык талап кылышканын көрөсүң. Алардын белгиси, маңдайларындагы сежденин изи. Алардын бул белгилери Тооратта да, Инжилде да берилген. Жерге ташталган урук сабагын чыгарып, анан бекемдей баштайт да, жоонойуп, сабагында бекем турат. Бул эгин сепкендерди таңдантып, каапырлардын ачуусун келтирүү үчүн. Алардын арасынан ыйман келтирип, жакшы иштерди кылгандар үчүн Алла кечиримин жана зор сыйлыктарды убада кылган!”[110]

Бул аяттардын кээ бири негизинен Ислам үммөтүнө кайрылуусу болгону менен, Куран түшө баштаган доордо жашаган жана Ислам үммөтүнүн өзөгүн түзгөн сахабалар жөнүндө Пайгамбарыбыз (с.а.в.) да сахаба тууралуу төмөнкүдөй айткан:

“Үммөтүмдүн эң кайырдуулары менин доорумда жашагандар, андан кийин аларды ээрчигендер, андан соң алардын да аркасынан ээрчигендер”.[111]

4. САХАБА ДООРУНДА ХАДИС

Сахабалар өз ара эки доорго бөлүнөт. Биринчиси, Пайгамбардын (с.а.в.) көзү тирүү кезиндеги доор, экинчиси Пайгамбардын көзү өткөндөн кийинки акыркы сахабанын өлгөн жылы деп кабыл алынган хижрий 110-жылга чейинки доор.

105. Аалу Имран. 3/110.
106. Бухари. *Фадаилу асхаби-н-наби.* 1.
107. Efendioğlu, “Sahâbe” mad., *DİA*, XXXV/492.
108. Тавба. 9/100.
109. Фатх. 48/18.
110. Фатх. 48/29.
111. Бухарий. *Фадаилу Асхабин-Набий.* 1; *Муслим. Фадаилус-Сахаба.* 211-212.

Сахабалар Аз. Пайгамбардын көзү тирүү кезинде ар кыл маселелерди сурап, маселенин чоожайын үйрөнүп алышат эле. Алардын жаңы диний өкүмдөрдү үйрөнүүгө болгон ынтызарлыгы хадис жана сүннөттүн кеңири таралышына өбөлгө түзгөн. Аз. Пайгамбардын сөздөрү жана жүрүм-турумдары сахабалар доорунда таркатылган. Анткени бул доордо хадисти ойдон чыгаруу иш-аракети байкалган эмес, айрым бир жаңылыш түшүнүктөр да пайгамбарыбыз тарабынан оңдолуп түздөлүп турган. Чынында, Пайгамбар (с.а.в.) көзү өткөндөн кийинки доордо саясий жана социалдык көйгөйлөрдүн күч алуусу, диний ишеним жана ой-пикирде бөлүнүүчүлүктөрдүн пайда боло башташы менен бирге бат эле жалган хадис айтуу иш-аракети байкалган. Натыйжада, жалпы хадистердин саны Пайгамбардын көзү өткөнгө чейинки доорго салыштырмалуу бир нече эсе көбөйүп кеткен.

Халифалардын мезгилинде жүргүзүлгөн аскердик жортуулдардын натыйжасында Ислам кошуундары тарабынан каратып алынган аймактардын баарына Ислам жөнүндө түшүнүк жана Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) хадистери жеткен. Аз. Абу Бакрдын учурунда хадистерди чогултуу боюнча демилге көтөрүлүп, бирок ар кайсы ой-пикирлерден улам бул иш токтоп калган. Аз. Осмондун учурунда Куран көбөйтүлөт да жаңы каратып алынган аймактарга жөнөтүлүүсү менен жаңы мусулман болгондор Исламдын эң башкы булагына ээ болушкан. Хадистерди жайылтуу болсо халифа Умардын доорунан баштап жаңы түптөлгөн шаарларга мугалимдердин жөнөтүлүүсү менен жүзөгө ашкан. Куфага Абдуллах бин Масуд, Басрага Абу Муса аль-Ашарий, Абуд-Дарда, Палестина аймагына Муаз бин Жабал жана башка сахабалар мугалим катары жөнөтүлгөн. Алар адамдарга Куранды, Аз. Пайгамбардын бүтүндөй жашоосун, сүннөтүн жана хадистерин үйрөтүшкөн. Ал турсун ички пикир келишпестиктер жана каргашалар болуп кеткен учурда жоон топ сахаба өздөрүн толугу менен илимге арнап, бир гана адамдарга илим берүү менен алек болушкан. Хижаз, Ирак жана Шам аймагында илим борборлору түптөлүп, ар бир борбордо илимий чогулуштар болуп, акырындык менен илимий эрежелер пайда боло баштаган. Аз. Айша, Ибн Умар, Ибн Масуд, Али бин Абу Талиб, Муаз бин Жабал, Абуд-Дарда, Ибн Аббас, Анас бин Малик сыяктуу сахабалар көп сандаган шакирт-терди тарбиялашкан. Алар да устаттарынан алган хадистерин шакирттерине үйрөтүшкөн.

Хадис илимий жактан сахаба доору хадис тарыхынын хыфз жана китабат доорун өз ичине камтыйт. Хадис тарыхы боюнча сахаба доору бир системага киргизилбесе да табииндерге өткөрүлүшү жана бүгүнкү күнгө жетпесе да алгач эле жазуу түрүндөгү хадистердин документ катары калыптанып калышы эң маанилүү жетишкендик болуп саналат.

Сахабалардын эң маанилүү өзөгөчөлүгү алардын хадис окуп-үйрөнүүгө болгон кызыгуулары. Башкача айтканда, бардык сахабалар Алланын элчиси менен күнүмдүк турмуштагы керектүү сабактарды алып турушкан. Бир жагынан жашоонун жоопкерчилиги болгон үй-бүлөнү багуу ж.б.у.с., бир жагынан Алла элчисинин айткан жана кылгандарын окуп-үйрөнүүгө аракеттенүүсүн көрүүгө мүмкүн. Айрым сахабалар хадисти базарда же болбосо курма бакчасында күнүмдүк тиричиликтери менен кошо үйрөнүүгө аргасыз болсо, Суффада жашаган сахабалар Пайгамбарыбыз (с.а.в.) менен бирге көбүрөөк болушуп көп нерсени үйрөнүшкөн. Сахабалардын Аз. Пайгамбардан хадистерди угуу жолдору төмөнкүчө жүзөгө ашкан:

1. Алла элчисинен суралган суроолор.

2. Аз. Пайгамбардын жошоосу, ар кандай кыйынчылык учурлардагы жүрүм-туруму жана айткан насааттары.

3. Алланын элчиси тарабынан жазылгандар.

4. Башка сахабалар аркылуу окуп-үйрөнүү.

Сүннөт менен хадистин сахабадан табиинге өтүшү жана риват кылуу ыкмалары да сахабалардын хадиске болгон мамилесинин өзгөчө мааниге ээ экендигин айгинелейт.

ОЙЛОНУП КӨРӨЛҮ

Абдуллах б. Умар (р.а.) сүннөткө катуу берилген белгилүү сахабалардын бири эле. Ибн Умар Мекке менен Мадина шаарларынын ортосунда жайгашкан даректын түбүндө көзү илинип кетет. Эмне себептен уктадың деп сураганда “Бул даректын түбүндө Алланын элчиси уктаган”, – деп жооп берет.

Дагы башка бир мисалда, Алланын элчиси аль-Масжиди Набавинин бир эшиги боюнча “Бул эшикти аялдарга таштасак”, - деп айткандыгы үчүн Абдулла Ибн Умар (р.а.) өлгөнгө чейин, ошол эшиктен өткөн эмес.

5. ХАДИС РИВАЯТЫ МЕНЕН АТАГЫ ЧЫККАН САХАБАЛАР

Бардык сахабалар аздыр-көптүр Аз. Пайгамбардын хадистерин укканы менен риваят кылган хадистеринин саны ар башка. Көптөгөн хадистерди риваят кылып атак-даңкка жеткен сахабалардын саны анчалык деле көп эмес. Аз. Пайгамбардын жакындары, төрт халифа жана хадис риваяты менен белгилүү болгон кээ бир сахабалар төмөнкүлөр.

1. Аз. Абу Бакр: Биринчи халифа Абу Бакр Куранга чоң кызмат кылган. Анын халифалык доорунда Куран мусхаф абалына келтирилген. Хадис риваят кылууга өтө кылдат мамиле жасаган. Анын риваят кылган хадистеринин саны 142 ден ашпайт.

2. Аз. Умар: Умар экинчи халифа катары белгилүү. Ал Аз. Пайгамбардан 573 хадис риваят кылган.

3. Аз. Осмон: Ал Курандыны санын көбөйтүп Ислам дүйнөсүнүн бардык булуң-бурчтарына жөнөтүп, ар кандай Курандын окулушун алдын алып, мусулмандардын бул маселедеги талаш-тартыштарын токтотту. Аз. Осмон убактысын Куран окуу жана ибадат менен өткөргөн. Жалпысынан 146 хадис риваят кылган.

4. Аз. Али: Азирети Али хадистерди кабыл алууда жана хадис риваят кылууда өтө кылдаттык менен мамиле кылган. Ал хадис риваят кылгандарга ант ичиргенден кийин гана хадистерди кабыл алган. Риваят кылынган хадистердин саны 586 га жетет.

Хадис аалымдары сахабалардан риваят кылган хадистерин санына жараша эки топко бөлүп карашкан:

1. **Муксирун:** Эң көп хадис риваят кылган сахабалар.

2. Мукиллун: Аз санда хадис риваят кылгандар.

Кээ бир сахабалар Пайгамбардан (с.а.в.) көп сандаган хадис риваят кылса, айрымдары аз эле хадис риваят кылышкан. Хадисчилер сахабаларды хадис риваят кылганына жараша

классификацияга бөлгөн жана миң хадистен ашык риваят кылган сахабаларга “муксируун”; миң хадистен аз риваят кылгандарды “мукиллуун” деп аташкан.[112]

1. **Муксируун**

а. Абу Хурайра: Өз аты Абдуррахман б. Сахр. Аз. Пайгамбардын жанында мышыктын баласын көтөрүп жүргөндүгү үчүн Абу Хурайра (мышыктын атасы) деген атка конгон. Хижрий 7-жылы (б.з.ч. 629) мусулман болуп, Мадинада суффада жашап пайгамбардын жанынан кетпей дайыма хадис жана илим алган. Абу Хурайра эң көп хадис риваят кылган сахабалардын бири. Ал пайгамбардан 5374 хадис риваят кылган.

б. Абдулла б. Умар: Абу Хурайдан кийин эле эң көп хадис риваят кылган сахабалардын бири. Ал 2630 хадис риваят кылган. Ибн Умар Азрети Умардын уулу. Атасын менен бирге 10 жашында мусулман болуп, Мадина шаарына атасынан мурун көчүп барган. Абдулла Ибн Умар зухд жана такыбалыкта жашаган.

в. Анас б. Малик: Риваят кылган 2286 хадис менен муксирун сахабаларынын арасында үчүнчү орунда турат. Хижраттан кийин ал кичинекей кезинде Пайгамбарга (с.а.в.) кызмат кылып, анын тарбиясы менен чоңойгон.

д. Азрети Айша: Аз. Абу Бакрдын кызы жана Аз. Пайгамбардын жубайы. Момундардын энеси деген лакабы менен атагы чыккан. Хижраттын экинчи жылында Пайгамбарыбыз менен турмуш курган. Андан көптөгөн сахабалар жана табииндер хадис риваят кылган. Аз. Пайгамбардын көзү өткөндөн кийин узак убакыт жашагандыктан, ар кандай көйгөйлү маселелерди чечүүдө көп жолу кайрылуу болгон. Ал риваят кылган хадистердин саны 2210.

Жогоруда аты аталган көп хадис риваят кылуу менен белгилүү болгон сахабалардын катарына Абдулла ибн Аббас, Жабир б. Абдулла жана Абу Саид аль-Худри сыяктуу сахабаларды да белгилеп кетүү керек.

2. **Мукиллуун**

Сахабалардын арасынан Аз. Пайгамбар тирүү кезинде анын жанынан эч айрылбагандар болгондой эле, аны менен аз убакыт гана маектешип калгандар да болгон. Мындай көрүнүш табигый түрдө Аз. Пайгамбарга тиешелүү сөз жана кыймыл-аракеттен бир сахабанын билгенин башка бир сахабанын билбей калышына түрткү болгон. Ансыз деле Пайгамбардын (с.а.в.) таасирдүү сөздөрү менен жетишкен сахабалардын бары хадис менен бирдей деңгээлде алектенген

112. Uğur, Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü, s.268.

деп айтуу мүмкүн эмес. Илим менен шугулданган сахабалардын саны алардын санына салыштырмалуу өтө эле аз. Бул да болсо табигый көрүнүш болуп саналат. Алардан бизге чейин хадис риваят кылып келген сахабалардын саны да жалпы сахабалардын санынан өтө эле төмөн.

а. Абдулла б. Масъуд: Алгачкы мусулмандардын алтынчысы. Абдулла б. Масъуд Куран жана хадис илими боюнча кеңири маалыматтарга ээ болгон. Мухаддистердин арасында Абдулла ысымы жалгыз колдонулганда Абдулла б. Масъуд экени белгилүү. Ал риваят кылган хадистердин саны 848.

б. Абдулла б. Амр б. аль-Ас: Амр б. Астын уулу. Атасынан мурун мусулман болгон. Ал өзүн хадис үйрөнүүгө арнаган. Пайгамбар хадистерди жазууга уруксат бергенден кийин, андан укканларын жаза баштаган. Жалпы 900 хадис риваят кылган

в. Абу Зарр аль-Гифари: Ислам динин кабыл алгандардын бешинчиси. Ал материалдык нерселерге маани бербеген, өзү үчүн жетиштүүгө ыраазы болуп, ашыкчасын бөлүштүргөн адам болгон. Ал 281 хадис риваят кылынган.

Булардан сырткары. Саъд б. Аби Ваккас, Абу Дарда, Муаз б. Жабал да аз хадис риваят кылган сахабалардын катарына кирет.

Окуу бөлүмү

ЭҢ КӨП ХАДИС РИВАЯТ КЫЛГАН АЙША АС-СЫДДЫКА (Р.А.) ЭНЕБИЗ

Аз. Айша (р.а.) Алла элчисинин куттуу жубайы жана момундардын энеси. Никеси Алла Тааланын буйругунун негизинде кыйылган жаш, акылдуу, адептүү жана ар намыстуу айым. Илимий жөндөмдүүлүгү жана Исламга болгон кызматынан улам Аз. Пайгамбардын сүйүүсүнө ээ болгон.

Аз. Айша (р.а.) Меккеде, хижраттан сегиз жыл мурун (614 м.) төрөлгөн. Ал мусулман үй-бүлөдө чоңойгон. Анын атасы Аз. Абу Бакр Сыддык (р.а.) жана апасы Умм Руман болчу. Аз. Пайгамбар менен сегиз жыл жашаган. Алар башынан кыйынчылык күндөрдү өткөрүшкөн. Кээде үйүндө тамак-ашы жок болуп калган учурлар болгон. Бир да жолу ал жөнүндө арызданган эмес. Аз. Пайгамбардын жүрөгүн оорута турган эч кандай иш жасаган да жок. Анын жүрөгү мээримге толуп, пайгамбарды аябай жакшы көрчү. Пайгамбар (с.а.в.) да аны аябай жакшы көрчү.

Аз. Айша энебиз (р.а.) адеп-ахлак жана пазилет жагынан үлгүлүү жашоо өткөрдү. Ал Пайгамбарыбыздын үйүндө анын тарбиясы менен чоңойду. Аз. Пайгамбар ага ар бир маселе боюнча маалымат берип турчу. Анын түшүнүгүнө жараша мамиле кылчу. Кээде аны менен кошо чуркаган күндөр да болду.

Аз. Айша кыска убакыттын ичинде аалым сахабалардын маалымат булагына айланды. Бул боюнча Абу Муса Ашъари (р.а) мындайча деди: “Пайгамбарыбыздын хадисин түшүнө албай калсак же оор маселеге кабылсак Аз. Айшадан сурайт элек. Ал да бизге канааттандырарлык туура маалымат берет эле”, – деди.

Ал жети фыкх аалымдарынын катарына кирген. Булар Аз. Умар, Аз. Али, Ибни Масъуд, Ибни Аббас, Зайд ибни Сабит жана Аз. Айша эле. Анын фыкх жана өкүм чыгаруу тармагында пикири курч болчу. Ал фараиз (мурас) илимин мыкты билген. Шакирти Масрук мындай деген: “Аллага ант берем, белгилүү сахабалар мурас боюнча Аз. Айшадан сурайт эле”.

Аз. Пайгамбар хижрий 11-жылы ооруп калып, өмүрүнүн акыркы күндөрүн Айша энебиздин жанында өткөрөт. Аз. Айша 2210 хадис риваят кылып, эң көп хадис риваят кылган беш сахабанын катарына кирген. Аз. Айша (р.а.) энебиз Пайгамбарыбыздан (с.а.в.) кийин кырк жети жыл жашаган. 66 жашында о дүйнөгө сапар тарткан.

СУРООЛОР БӨЛҮМҮ

А. ТӨМӨНДӨГҮ СУРООЛОРГО ЖООП БЕРГИЛЕ?

1. **Аз. Пайгамбар доорунда хадис үйрөнүү жолдору кайсылар?**

.....

.....

.....

2. **Хадистердин коомго жетүүсүн камсыз кылган факторлор кайсылар?**

.....

.....

.....

3. **Сахаба доорунун хадис илими жагынан маанилүүлүгү эмнеде?**

.....

.....

.....

4. **Сахабаны таанып билүүнүн түрлөрү кайсылар?**

.....

.....

.....

5. **Хадистердин коомдук жашоодогу маанилүүлүгүн кыскача түшүндүрүңүз.**

.....

.....

.....

Б. ТӨМӨНДӨГҮ СУРООЛОРДУН ТУУРА ВАРИАНТЫН БЕЛГИЛЕГИЛЕ?

1. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы Пайгамбарыбыздын доорунда хадис үйрөнүү ыкмаларынын бири эмес?

А. Жаттоо

Б. Суроо берүү

В. Талкуулоо

Г. Тартышуу

Д. Жазуу

2. Төмөнкү хадистердин коомго жеткирилиши маселесинде кайсыл фактордун маанилүүлүгү баса белгиленүүдө?

“Бул сөздөрдү ушул жерде отургандар укпагандарга үгүттөсүн! Балким ушул жерде отургандар укпагандарын өзүнөн дагы да түшүнүктүү бирине жеткирген болот”.[113]

А. Аз. Пайгамбардын үй-бүлөсү

Б. Аз. Пайгамбардын үгүтү

В. Сахабанын илимге кызыгуусу жана хадис үйрөнүү аракети

Г. Курандын илим алууга үгүтү

Д. Акыл

3. Ислам аалымдарынын көпчүлүгүнүн аныктамасында сахаба болуу үчүн төмөнкү шарттардын кайсынысы керек эмес?

А. Мусулман катары өлүү шарт.

Б. Ага ишенүү

В. Аз. Пайгамбар менен жолугушуу

Г. Андан кийин жан берүү

Д. Аны менен маектешүү

4. “Муксирун’’ көп хадис риваят кылган сахабалар үчүн колдонулган термин. Андыктан төмөнкүлөрдүн кимиси бул топко кирбейт?

А. Абу Хурайра

Б. Абдулла б. Умар

В. Аз. Айша

Г. Анас б. Малик

Д. Абу Зарр аль-Гифари

5. Төмөндө маалымат берилген сахаба ким?

Ислам динин кабыл алгандардын бешинчиси. Ал материалдык нерселерге маани бербеген, өзү үчүн жетиштүүгө ыраазы болгон жана ашыкчасын башкаларга бөлүшкөн адам болгон. Малмүлк жана байлыкка кызыккандарды эч тартынбай сынга алган. 281 хадис риваят кылынган.

А. Саъд б. Аби Ваккас

Б. Абу Дарда

В. Муаз б. Жабал

Г. Абу Зарр аль-Гифари

Д. Абдуллах б. Масъуд

113. Бухари. Хаж. 132; Абу Давуд. Хаж. 63.

В. КАШАНЫН ИЧИНДЕГИ СӨЗДӨРДҮ КОЛДОНУП БОШ ЖЕРЛЕРДИ ТОЛТУРГУЛА

(Аз. Айша – Абу Хурайра – сахаба – жатка – рихла – суффа)

1. Сахабалар үй-бүлө жана үй-бүлөлүк жашоого байланыштуу маалыматтарды Аз. Пайгамбардын жубайларынан үйрөнүп турушкан. Өзгөчө ..... бир нече сахабага жана табииндерге илим үйрөткөн жана Аз. Пайгамбардан бир нече хадис ривает кылган.

2. Сахабалар хадис сабактарын көбүн эсе Аз. Пайгамбардын мечитинде жана ..... деп аталган жакыр жана эч кими жок сахабалар жашаган жерде өткөрүп турган.

3. Аз. Пайгамбардын доорунда илимдин мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жана аз болгондуктан маалыматты жеткирүү ..... таянган.

4. ..... сахаби сөзүнүн көптүк түрү жана достор деген маанини билдирет.

5. Хадис тарыхында ..... деп аталган бул оор илимий сапарда алгачкы мусулмандар илим үчүн жанын аябаган эмес.

6. …… эң көп хадис ривает кылган сахабалардын сап башында турат. Аз. Пайгамбардан 5374 хадис ривает кылган.

КООМДУК ЖАШООГО БАЙЛАНЫШТУУ ХАДИСТЕР

1. عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «حَقُّ الْمُسْلِمِ عَلَى الْمُسْلِمِ خَمْسٌ: رَدُّ السَّلاَمِ، وَعِيَادَةُ المَرِيضِ، وَاتِّبَاعُ الجَنَائِزِ، وَإِجَابَةُ الدَّعْوَةِ، وَتَشْمِيتُ العَاطِسِ». مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

1. Абу Хурайрадан (р.а.) келген риваятта, Алланын элчиси мындайча буюрган:

“Мусулмандын мусулманда беш акысы бар: [1] Саламга алик алуу, [2] орулуудан кабар алуу, [3] маркумду узатуу (жаназасына катышуу) [4] чакырган жерине баруу, [5] чүчкүргөн адам (Альхамдулиллях деп айтса), ярхакумуллох - деп ага жакшылык тилөө”.[114]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Мусулмандардын бири-бирине моралдык жана материалдык укуктары бар.

2. Ар бир акы өзү менен кошо бир милдетти алып келет. Милдеттенмелерди аткарбай койгондор жоопко тартылат. Бул жоопкерчилик дүйнөлүк же диний болушу мүмкүн.

3. Салам берүү сүннөт, ал эми алик алуу парз.

4. Оорулудан кабар алуу сүннөт.

5. Жаназа намазын окуу жана кабырга көмүү фарз кифая, мындан тышкаркылар сүннөт жана мустахаб болуп саналат.

6. Чүчкүрүп “алхамдулиллах” деп айтканга, “йархамукаллах” деп жооп кайтаруу керек.

7. Кеңеш сурап кайрылгандарга насаат кылуу, багыт берип жол көрсөтүү күчү жеткендердин диний милдети болуп саналат.

8. Мусулмандар бир туугандыкты, достукту, тилектештикти жана боорукердикти камсыз кылуучу милдеттерди сөзсүз аткарышы керек.

114. Бухари. *Жанаиз*. 2; Муслим. *Салам*. 4; Айрыкча: Ибн Маажа. *Жанаиз.* 1.

2. عَنِ ابْنِ عُمَرَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا قَالَ: سَمِعْتُ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «كُلُّكُمْ رَاعٍ، وَكُلُّكُمْ مَسْئُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ، الإِمَامُ رَاعٍ وَمَسْئُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ، وَالرَّجُلُ رَاعٍ فِي أَهْلِهِ وَهُوَ مَسْئُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ، وَالمَرْأَةُ رَاعِيَةٌ فِي بَيْتِ زَوْجِهَا وَمَسْئُولَةٌ عَنْ رَعِيَّتِهَا، وَالخَادِمُ رَاعٍ فِي مَالِ سَيِّدِهِ وَمَسْئُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ- وَحَسِبْتُ أَنْ قَدْ قَالَ- وَالرَّجُلُ رَاعٍ فِي مَالِ أَبِيهِ وَمَسْئُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ، وَكُلُّكُمْ رَاعٍ وَمَسْئُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ». مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

2. Ибн Умар (р.а.) риваятында, Алланын элчисинин мындайча буюрганын уккан:

“Силер баарыңар кайтаруучусуңар (койчусуңар) жана баарыңар кайтарган нерсеңер үчүн жоопкерсиңер. Адамдарга башчы болгон адам кайтаруучу жана ал алардан жоопкер. Эркек өзүнүн үй-бүлөсүн кайтаруучу жана ал алардан жоопкер. Аял күйөөсүнүн үйүндө жана анын баласын кайтаруучу жана алардан жоопкер. Кул өзүнүн кожоюнунун мал-мүлкүн кайтаруучу жана алардан жоопкер. Силердин баарыңар кайтаруучусуңар жана кайтарган нерсеңерге жоопкерсиңер”.[115]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Аз. Пайгамбар дүйнөдө жоопкерчиликсиз эч ким жок экендигин баса белгилеген.

2. Адам өзүнүн үй-бүлөсү үчүн жооптуу болгон материалдык муктаждыктардан тышкары, руханий муктаждыктар дагы бар. Ишенүүсү керек болгон диндин негиздерин, аткаруусу керек болгон ибадаттын негиздерин жана адеп-ахлак принциптерин үйрөтүү, бул үй-бүлө башчысынын эң башкы милдети.

3. Аларга руханий муктаждыктарды берүү материалдык муктаждыктарга караганда алда канча маанилүү жана пайдалуу.

4. “Оо, ыйман келтиргендер! Өзүңүздөрдү жана үй-бүлөңүздөрдү оттон сактагыла”. (Тахрим. сүрөсү. 6). Бул жерде руханий жоопкерчилик жөнүндө сөз болгон.

3. عَنْ أَنَسٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «لَا يُؤْمِنُ أَحَدُكُمْ، حَتَّى يُحِبَّ لِأَخِيهِ مَا يُحِبُّ لِنَفْسِهِ». مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

3. Анасдан (р.а) келген риваятта, Аз. Пайгамбар мындайча буюрган:

“Эч кимиңер өзүнө каалаган жакшы нерсени мусулман туганына да кааламайынча толук момун боло албайт”.[116]

115. Бухари. *Жума.* 11; *Истикраз*. 20, *Итк*. 17, 19, *Васая*. 9, *Никах*. 81. 90. *Ахкам*; Муслим. *Имарат*. 20.
116. Бухари. *Иман*. 7; Муслим. *Иман*. 71-72.

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Өзүнө каалаганды момун-муслуман бир тууганына кааламайынча чыныгы мааниде момун боло албайт.

2. Инсандын дин бир тууганына каалаган нерсеси, жакшы жана кайырдуу иштерден болушу керек.

3. Мусулман башка мусулман бир туугандарына боорукер жана ырайымдуу болушу абзел.

4. Бул хадис чыныгы момунду өзүмчүлдүктөн оолак болууга чакырат.

4. عَنْ ابْنِ عُمَرَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «المُسْلِمُ أَخُو المُسْلِمِ لاَ يَظْلِمُهُ وَلاَ يُسْلِمُهُ، وَمَنْ كَانَ فِي حَاجَةِ أَخِيهِ كَانَ اللَّهُ فِي حَاجَتِهِ، وَمَنْ فَرَّجَ عَنْ مُسْلِمٍ كُرْبَةً، فَرَّجَ اللَّهُ عَنْهُ كُرْبَةً مِنْ كُرُبَاتِ يَوْمِ القِيَامَةِ، وَمَنْ سَتَرَ مُسْلِمًا سَتَرَهُ اللَّهُ يَوْمَ القِيَامَةِ». مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

4. Абдулла б. Умардын (р.а.) риваятында Алла элчиси мындайча буюрган:

“Мусулман мусулмандын бир туганы, (ошондуктан) ага зулумдук (адилетсиздик) кылбайт жана жардамсыз таштабайт, ким мусулман бир-туганынын муктаждыгына жардам берсе, ал жардамга муктаж учурда Алла ага жардам берет, ким мусулманды кайгыдан куткарса, Алла да аны Кыямат күндүн бир кайгысынан куткарат, ким мусулмандын айыбын жашырса, Кыямат күнү Алла да анын айыбын жашырат”.[117]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Диндеш бир туугандыктын бир катар укуктары жана милдеттери бар. Ар бир мусулмандын милдети аларды аткаруу.

2. Мусулмандын мусулманган зулумдук кылбоосу, душмандын алдына калтырбоосу, муктаждыктарына жардам берүүсү, айыбын жашыруусу, бул бир туугандыктын милдетин далилдейт.

3. Исламда бир туугандыктын талап кылган бир катар укуктары жана милдеттери бар. Диний бир туугандык кандаш бир туугандыктан жогору турат.

4. Мусулмандын мусулманга болгон милдети алына жашара материалдык жана руханий жактан жардам берүүсү.

117. Бухари. *Мазалим*. 3; Муслим. *Бирр*. 58.

5. عَنْ أَبِي سَعِيدٍ الْخُدْرِيِّ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ: سَمِعْتُ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «مَنْ رَأَى مِنْكُمْ مُنْكَرًا فَلْيُغَيِّرْهُ بِيَدِهِ، فَإِنْ لَمْ يَسْتَطِعْ فَبِلِسَانِهِ، فَإِنْ لَمْ يَسْتَطِعْ فَبِقَلْبِهِ، وَذَلِكَ أَضْعَفُ الْإِيمَانِ». رَوَاهُ مُسْلِمٌ.

5. Абу Саид аль-Худри (р.а.) Алла элчисинин мындайча буюрганын уктум деди:

"Кимде ким бир жамандыкты көрсө, аны колу менен оңдосун. Колу менен оңдой албаса, тили менен өзгөртсүн. Тили менен өзгөртүүгө күчү жетпесе, анда жүрөгү менен түздөөгө аракет кылсын. Бул болсо ыймандын эң төмөнкү даражасы".[118]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Жакшылыкка чакыруу жана жамандыктан кайтаруу милдетин аркалай турган аалымдарды тарбиялап чыгаруу жана жаамат түзүү мусулмандар үчүн фарз кифая.

2. Мүмкүнчүлүгү жана шартына жашара жамандыкты алдын алуу жана андан кайтаруу ар бир мусулмандын милдети.

3. Коомдогу терс көрүнүштөрдү алдын алуу, жалпылап айтканда колу менен жолтоо болуу жетекчилердин, тил менен т.а. үгүттөө мугалимдердин, эскертүү жана насаат кылуу аалымдардын, жүрөгү менен жаман көрүү бул элдин милдети болуп саналат.

4. Жакшылыкка үгүттөө жана жамандыктан кайтаруу жалпы Ислам үммөтүнүн жоопкерчилиги.

5. Жакшылыкка үндөп, жамандыктан кайтаргандар Ислам динининн үгүттөө методикасын мыкты билиши керек. Мисалы, сылык-сыпаа болуу, жакшы мамиле, жумшак жүрүм-турум жана боорукердик, бул адамдарда болушу керек болгон сапаттар.

عَنِ النُّعْمَانِ بنِ بَشِيرٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «مَثَلُ الْمُؤْمِنِينَ فِي تَوَادِّهِمْ، وَتَرَاحُمِهِمْ، وَتَعَاطُفِهِمْ مَثَلُ الْجَسَدِ إِذَا اشْتَكَى مِنْهُ عُضْوٌ تَدَاعَى لَهُ سَائِرُ الْجَسَدِ بِالسَّهَرِ وَالْحُمَّى». مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

6. Нуман б. Баширден (р.а.) келген риваятта Алла элчиси мындайча буюрган:

118. Муслим. *Ыйман*. 78; Тирмизи. *Фитан*. 11; Насаи. *Ыйман*. 17.

“Момун-мусулмандар бири-бирин жакшы көрүүдө, бири-бирине ырайым кылууда жана көңүлүн алууда бир дене сыяктуу. Эгерде дененин бир мүчөсү ысытма ооруусу менен же уйкусуздук менен ооруса, анда дененин калган мүчөлөрү да аны менен бирге ооруп тынчы кетет”.[119]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Момундар сүйүү, боорукердик жана жардамдашууда бир дене сыяктуу болушу керек.

2. Момундар бири-биринин кубанычын жана кайгысын тең бөлүшүшү шарт.

3. Ислам коому бир дене сыяктуу. Дененин бир мүчөсү ооруга чалдыкса дененин бардыгы ооруган сыяктуу болот. Бир мусулмандын башына келген кыйынчылык жана көргөн кордук бардык мусулмандын башына келгендей кабыл алынуусу абзел.

4. Сүйүү, боорукердик жана бири-бирибизге жардамдашуу, бул жакшы момун болуунун жана Алланын пендеси болгон адам баласына сый-урматтын белгиси жана маанилүү көрсөткүчтөрү.

عَنْ أَنَسٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «لاَ يُؤْمِنُ أَحَدُكُمْ، حَتَّى يُحِبَّ لِأَخِيهِ مَا يُحِبُّ لِنَفْسِهِ». مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

7. Анас (р.а.) келген риваятта Алланын элчиси мындайча буюрган:

“Силердин эч кимиңер өзүңөргө ыраа көргөн (өзүңөргө каалаган) нерсени башка бирөөгө да ыраа көрмөйүнчө толук момун боло албайсыңар”.[120]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Ишеними күчтүү адамдар өздөрүнө каалаган нерсени диндеш бир тууганына да каалашат.

2. Адамдын диндеш бир тууганына каалаган нерсе, жакшылык жана кайрымдуулук болушу керек.

3. Диндеш бир тууганыбыз үчүн каалаган нерсебиз, ээлик кылган нерсебиз эмес, анын окшошу болушу керек.

4. Момундар үчүн жакшылыкты тилек кылуу, динде насыйкат болуп саналат.

119. Бухари. *Адаб*. 27; Муслим. *Бирр*. 66.

120. Бухари. *Иман*. 7; Муслим. *Иман. 7172*-; Айрыкча караңыз: Тирмизи. *Кыямат*. 59; Насаи. *Иман.* 19, 33; Ибн Маажа. *Мукаддима.* 9.

БӨЛҮМ IV

ТАБИИН ЖАНА АТБАУ-Т-ТАБИИН ДООРУНДА ХАДИС

БӨЛҮМДҮН МАЗМУНУ

- **А. ТАБИИН ДООРУ**
- **Б. АТБАУ-Т-ТАБИИН ДООРУ**
- **В. АТБАУ-Т-ТАБИИН ДООРУНАН КИЙИН ДООР**

ДАЯРДЫКТАР

1. Табиин сөзүнүн маанисин араб тилиндеги сөздүктөрдөн изилдеңиз.
2. Сиз билген белгилүү табииндердин аттарын дептериңизге жазыңыз жана досторуңуз менен бөлүшүңүз.
3. Атбау-т-табииндин кайсыл мааниге келгендигин жана мунун менен эмне максат кылынгандыгын үйрөнүңүз.
4. “Кутуб-и ситта” деп аталган алты сахих китептеринин аттарын жана авторлорун үйрөнүңүз.

А. ТАБИИН ДООРУ

1. ТАБИИНДИН АНЫКТАМАСЫ ЖАНА ПАЗИЛЕТИ

1. Табии деген ким?

“Табиун” сөзү араб тилинде “تبع” этишинен келип чыккан, “изинен жүрүү, ага байлануу, чогуу бирге болуу, жамаат намазында имамга баш ийүү” дегенди билдирет. Диний мааниде, Аз. Мухаммеддин сахабаларына уйган, аларды эрчиген муунга айтылат. Ошондой эле сахабалардын доорунда жашаган, аларды көргөн, алардын жанында ыйман келтирген жана ыйманы менен өлгөндөр табиин болуп эсептелет. Мусулман адам табиун катмарынан болуп эсептелиши үчүн, сахабаларды көргөндө, уккан көргөндөрүн эс-тутумунда сактай билген жашта болуусу абзел.

Табиун доору хижрий 120-жылдарга чейин уланат. Табиун доору, Ислам маданияты жогорку деңгээлде өнүккөн алтын мезгил катары белгилүү. Табииндердин так санын айтуу мүмкүн эмес. Жахилия жана Аз. Пайгамбардын доорунда жашаган, мусулман болгону менен Алла элчиси менен көрүшпөгөн, бирок сахабалар менен жолуккан мухадрамундар табиин болуп саналат.[121]

2. Табииндердин хадис үйрөнүүгө маани бериши

Ислам илимдеринин басымдуу бөлүгү табииндер доорунда пайда боло баштаган. Негизги себептери төмөнкүлөр:

- ✓ Табииндердин жаш кезинен тарта илимди үйрөнүүгө кызыгуусу.
- ✓ Пайгамбардын алдында чоңойгон сахаба сыяктуу ыйманы күчтүү, жөндөмдүү жана сабаттуу устаттардан сабак алуусу.
- ✓ Хадис Ислам дининин негизги булактарынын бири болуусу.

3. Табииндер илим алган айрым илим борборлору

Пайгамбарыбыздын доорунда башталган жеңиштер, ал көз жумгандан кийин дагы улантылды. Айрыкча, төрт халифа доорунда Ислам географиясы тездик менен кеңейип, Ислам мамлекетинин чек аралары Испаниядан Кытайга чейин созулган.

Кээ бир сахабалар ушул жаңы басып алынган жерлерге отурукташкан. Сахабалар мекендеген шаарлар жана шаарчалар кыска убакыттын ичинде илим борборуна айланган. Мунун себеби, Пайгамбарыбыздын кол астында чоңойгон жана Куран, сүннөт жана фыкх илимдерин мыкты билген сахабалардын айланасында алардан илим алууну каалаган окуучулардын саны арткан. Окутуучусу сахаба, ал эми окуучусу табиин болгон. Бул илим борборлорунда хадистердин жана башка ислам илимдеринин пайдубалдары түптөлүсүнө шарт жараткан.

Бул илимий борборлордо белгилүү табиин аалымдар окушкан. Илимий борборлордун айрымдары: Мадина, Мекке, Куфа, Басра, Дамаск жана Египет шаарлары болуп саналат.

121. Çakan, *Hadis Usûlü,* s. 88-89.

2. ТАБИИНДЕРДЕН ЧЫККАН БЕЛГИЛҮҮ ХАДИС ААЛЫМДАРЫ

Сахаба жана табиин доорундагы аалымдардын көбү хадистерди мыкты билишкен. Ошондуктан, жогоруда сөз кылган илим борборлорундагы табииндердин да хадис аалымы катары атагы чыккандыгы табигый нерсе. Албетте, мунун бардыгын бул жерде айта кетүү мүмкүн эмес. Алардын ичинен эң атактуулары төмөнкүлөр:

Мадинада илим алган атактуу жети аалым: фукаха-и сабъа

1. Саид б. Мусаййиб
2. Касым б. Мухаммед б. Аби Бакр-и Сыддык,
3. Урва б. Зубайр
4. Харижа б. Зайд
5. Абу Салама б. Абдуррахман б. Авф
6. Убайдулла б. Утба
7. Абу Аййуб Сулайман

1. **Саид б. Мусаййиб**

Мадинанын атагы чыккан хадис аалымдарынан жана “фукахай-и сабъа” деген ат менен белгилүү болгон жети фыкх аалымынын бири. Аз. Умардын халифалык заманынын экинчи жылында төрөлгөн. Саид б. Мусаййиб көптөгөн сахабалардан хадис уккан. Айрыкча Абу Хурайранын кызы менен үйлөнгөндүктөн анын хадистерин эң жакшы билген. Ал 93/712-жылы көз жумган.

2. **Ибн Шихаб аз-Зухри**

Мадинада туулуп өскөн жана өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгүн Шамда өткөргөн улуу хадисчилердин бири. Ал сахабалардын акыркы мезгилинде чоңойгон жана көпчүлүк хадистери “Кибару-т-табиин” деп аталган улуу табииндерден алган. Ал 124/742-жылы Шамда көз жумгана жана ошол эле жерге коюлган.

3. **Урва Ибну-з-Зубайр**

Атактуу сахабалардын бири Зубайр ибн Аввамдын уулу, Аз. Пайгамбардын алгачкы халифасы Абу Бакрдын небереси болгон. Асма бинти Аби Бакр анын энеси, Пайгамбардын (с.а.в.) аялы Айша анын таежеси. Урванын Аз. Айшага жакындыгы, андан көптөгөн хадистерди риваят кылууга мүмкүнчүлүк берген. Урва б. Зубайр 93/712-жылы көз жумган.

4. **Нафи Мавл б. Умар**

Нафи кул болгонуна карабастан, хадис жаатында чоң атак-даңкка ээ болгон жана кожоюну Абдулла б. Умардын хадистеринин көпчүлүгүн ал риваят кылган. Хадис аалымдарынын арасында ишенимдүүлүгү менен белгилүү болгондуктан Имам Маликтин андан, анын да Абдулла б. Умардан риваяты эң сахих риваят жана бул иснад эң сахих иснад катары кабылданган. Нафи Умайя уулдарынын халифасы Умар б. Абдилазиз тарабынан Мысырга пайгамбардын сүннөтүн үйрөтүү үчүн жиберилген. Нафи 117/735-жылы Мадинада көз жумган.

5. **Ибрахим ан-Нахаи**

Ал Куфанын белгилүү фыкх аалымдарынын бири жана атактуу табииндерден. Кээ бир сахабалар менен жолугушканына карабастан, алардын эч биринен хадис риваят кылган эмес. Ал риваят кылган хадистер, өз кезегинде белгилүү табииндерден жана замандаш табииндерден алынган. Ибрахим ан-Нахаи 96/715-жылы көз жумган.

БИЛЕСИҢЕРБИ?

МУХАДРАМДАР

Табииндердин катарын толуктаган, муслумандардын чакан тобунун аты. Булар исламга чейинки жахилия (сабатсыздык) доорунда жашаган, Ислам доорун көргөн жана көптөгөн сахабалар менен жолугушкан, бирок тилеке каршы Аз. Пайгамбарды көрүп, аны менен сүйлөшүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болбогон мусулмандардын тобу. Алар Аз. Пайгамбарды көрө албагандыгы үчүн сахаба катары эсептелишкен эмес, бирок сахабалар менен көрүшүп, сүйлөшкөндүгү үчүн табииндердин катарында эсептелген. Алардын эң атактуусу Увайс аль-Карани болуп саналат.

3. ТАБИИНДЕРДИН ХАДИС ИЛИМИНЕ КОШКОН САЛЫМЫ

Табииндер сахабалар менен тыгыз мамиледе жашап келишкен. Сахабалар сыяктуу алар да уккан хадистерди жатташкан жана жазышкан. Бирок табииндер хадис булактары болгон сахабалардан хадис угууда жана үйрөнүүдө бир топ кыйынчылыктарга туш болушкан. Буга мисал катары сахабалардын алыскы Ислам өлкөлөрүндө чачырап кеткендиги, мусулмандар арасында келип чыккан кагылышууларды жана ички согуштарды айтсак болот. Мунун үчүн табииндер хадис үйрөнүү үчүн узак жана кооптуу сапарларга чыгууга аргасыз болушкан.

Пайгамбардын хадистерин чогултууну каалаган табииндер жогорудагы белгилеп өткөн кыйынчылыктарга учураган. Бирок мындай кыйынчылыктар аларды хадис жыйнаганга тоскоолдук кыла алган жок. Бул иш-чаралардын натыйжасында:

1. Ар кайсы аймактарга чачырап кеткен сахабалар зыярат кылынып, алардан хадистер алынган.

2. Хадис риваят кылгандар иликтөөгө алынып, риваятты кабыл алына тургандар аныкталган.

Ошентип, хадистерди топтоо процесси башталды. Жаттоого жана жазууга таянган мындай иш аракеттер, хадистердин жайылышына жана сакталышына өбөлгө түзгөн. Натыйжада хадис жыйнактары пайда болду.

Алардын мындай аракеттеринен улам жаңы система түптөлгөн. Иснад системасы бул жаңылыктардын булактарына жетүүгө мүмкүндүк берүү менен система менен хадис илиминин пайдубалы түптөлгөн. Жыйынтыктап айтканда, табиин муунунун хадис илимине кошкон эң маанилүү салымы, бул хадистерди жыйноодо жана классификациялоодо алардын алган жоопкерчилиги.

МААЛЫМАТ КУТУЧАСЫ

Экинчи кылымда жазылган белгилүү булактар:

-Имам Маликтин “Муватта” эмгеги,

-Имам Шафинин “Муснад” эмгеги,

-Абдурраззак б. Хумамдын “Мухталифу-л-хадиси ва аль-Жамиъ” эмгеги,

-Суфян б. Уйайнанын “Мусаннаф” аттуу эмгеги.

Табиин доорунда хадис топтоо иш-аракеттеринин башталышы

Хадистерди топтоо (тадвин) аракети Умар б. Абдилазиздин доорунда башталган. Өтө такыбалыгы жана Алла элчисинин сүннөтүнө берилгендиги менен белгилүү болгон Умар б. Абдилазиз (р.а), сүннөттү билген сахаба урпактарынын жана андан кийинки аалымдардын түрдүү себептер менен бул дүйнөдөн кош айтышын көрүп хадистер жоголот деп чочулай баштайт. Коркунучтуу абалды алдын алуу үчүн ар тарапта жүргөн аалымдарга хадистерди жаздырууну ойлойт. Ушул максатта ал халифа катары ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө буйруктарды жөнөтөт.

Умар б. Абдилазиз жиберген, ушул каттардын биринин тексти Бухариде бар. Бул Мединанын губернатору Абу Бакр Ибн Хазмга жөнөтүлгөн кат:

“Жашаган жериңде Пайгамбардын (с.а.в.) хадистерин иликте, чогулт жана жаз. Мен илимдин (хадистердин) жоголуп кетүүсүнөн жана аалымдардын азайышынан корком. Бул ишти аткарууда жалгыз гана Алла элчисинин сүннөтү кабыл алынсын. Аалымдар мечит сыяктуу бардыгына ачык жана белгилүү болгон жерлерде отуруп сабак берип илимди жайылтып жана билбегендерге үйрөтүшсүн. Себеби илим жашыруун болбосо жок болбойт”.

(Talat Koçyiğit, Hadis Tarihi)

Б. АТБАУ-Т ТАБИИН ДООРУ

1. АТБАУ-Т ТАБИИНДИН АНЫКТАМАСЫ

“Атбау-т табиин” сөзүнүн сөздүк мааниси табииндердин артынан келгендер дегенди билдирет. Хадис илиминде, табииндердин доорунда жашаган, алар менен жоолуккан жана алардан илим алган мусулмандар. Бул жагынан алганда, табииндерди сахабалардын балдары десек, атбау-т табииндерди да сахабалардын небereлери деп айтууга болот.

Пайгамбардын (с.а.в.) хадистерин риваят кылган үчүнчү муун. Таба-и табиин, сахаба жана табиинден кийин Ислам динин келечек муундарга ишенимдүү түрдө жеткирүүдө күжүрмөн эмгектери жана ийгиликтери менен белгилүү болгон. Алардын доорунда хадис алуу жана риваят кылуу методу эң сонун калыптанган. Ал доордо хадистер системалуу түрдө топтолуп, тематикасына жараша баптарга бөлүнүп, классификацияланган. Бизге чейин жеткен Малик б. Анастын “Муватта” аттуу эмгеги таба-и табиин доорундагы эң маанилүү эмгек болуп эсептелет. Атбау-т табиин мууну хижрий 220-жылы токтогон.

Атбау-т табиин, хадистердин топтоо жана китеп абалына келтирүү менен бирге Куран жана сүннөттөн чыккан өкүмдөрдү ишке ашырууда табиинден кийин эле эң көп аракетин көрсөткөн муун. Ислам укугу алардын доорунда аябай өнүккөн. Алардан чоң мужтахиддер чыгып, Ислам укугу өз алдынча илим катары калыптана баштаган.

2. АТБАУ-Т-ТАБИИН ДООРУНДА ХАДИС ИЛИМИНИН МААНИЛҮҮЛҮГҮ

Атбау-т-табиин доорунда хадис үйрөнүү жана риваят кылуу эрежелери аныкталып, эң сонун абалга келген доор катары белгилүү. Бул мезгилде хадис илими, усулу жана эрежеси пайда болгону менен, бир китеп ичинде топтолгон эмес. Бирок, хадисчилер кайсыл усул жана эрежелерге ылайык хадистерди аларын, алган хадистерди кантип риваят кыларын, риваяттын шарттарын, кыскача айтканда хадис усулуна жана илимине байланыштуу бардык маселени билишкен. Бул кийинчерээк пайда боло турган усул китептеринин темаларын түзгөн. Эч нерседен тартынбай туруп, атбау-т-табиин доорунда хадис илими, усулу жана эрежелери калыптанган деп айтсак болот.

Бул мезгилдин экинчи эң маанилүү өзгөчөлүгү табииндер доорунда чогулган хадистердин фыкх баптарына ылайык классификацияланууусу. Табииндер доорунда хадисчилер өтө катуу хадис топтоо аракетин башташып, узак жана оор сапарларды баштарынан өткөрүшкөн. Ал тургай, бир хадис үчүн, кээ бир өлкөлөрдү кыдырып, дептерлерине жазышкан. Атбау-т-табиин доорунда бул хадистер жеңилирээк колдонулушу үчүн темалар боюнча классификацияланган. Хадис тарыхында тасниф иштери деп аталган мындай эмгектин натыйжасында мусаннаф деп аталган китептер жаралган.

ЭСКЕ САКТАЙБЫЗ

Атбау-т-табиин доорунун хадис илими жагынан эки маанилүү өзгөчөлүгү:

1. Хадис илими, усул жана эрежелери менен пайда болгон.

2. Табииндер доорунда топтолгон хадистер фыкх баптарына жараша классификацияланган.

3. АТБАУ-Т ТАБИИНДИН ХАДИС ИЛИМИНЕ КОШКОН САЛЫМЫ

Жогоруда да айтылгандай, атбау-т-табииндин хадис илимине жасаган эң чоң кызматы хадистерди темаларына ылайык классификациясы. Себеби табииндер ар кандай сахабалардан же алардын замандаштары болгон башка табииндерден алган хадистерди бөлүп карабастан жазышкан. Бирок ушул дептерлерден кандайдыр бир темага байланыштуу хадистерди табуу өтө кыйын болчу. Мына ушундай кыйынчылыкты жоюу үчүн атбау-т-табиин убагында, хадистер темаларына жараша бөлүнүп жазылган. Ошентип мусаннаф деп аталган китептер пайда болгон.

Мисалы, намазга байланыштуу хадистерди намаз бөлүмүндө, зекетке тиешелүү хадистерди зекет бөлүмүндө жазылган. Демек, кайсыл темага байланыштуу хадисти издесеңер, ошого тиешелүү бөлүмдү карап чыгуу жетиштүү.

4. АТБАУ-Т-ТАБИИН ДООРУНДА ЖАЗЫЛГАН ХАДИС КИТЕПТЕРИ ЖАНА АЛАРДЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Атбау-т табиин доорунда хадистердин классификацияланышынан кийин көптөгөн хадис китептери пайда болгонун көрүүгө болот.

Табиин мезгилинин аяк чендеринде жана атбау-т табиин доорунда классификацияланган хадис китептерин беш топко бөлүп карооого болот.

а. Сийро жана магази китептери:

Аз. Пайгамбардын адеп-ахлагына, шамаилине, жашоосуна жана катышкан согуштары жөнүндө хадистерден турган китептер.

БИЛЕСИҢЕРБИ?

Аз. Пайгамбардын адеп-ахлагына жана жүрүм-турумуна тийиштүү хадистерди камтыган китептер сират (көпт. түрү: Сийар) деп аталат. Ал эми катышкан согуштарын камтыган китептер да магази деп аталат.

б. Сунандар

Фыкх бабтарына жараша тасниф кылынган, ахкам (өкүм) хадистерди камтыган китептер “сунан” деп аталат. Хадистер II (VIII) кылымдын алгачкы жарымынан баштап тадвин боло баштаган. Бул кылымдын экинчи жарымынан баштап белгилүү темаларда эмгектер жазылган. Ахкам хадистердин фыкх китептериндеги тартибине жараша топтолушунан сунан китептери пайда болгон.[122]

Сунандар – тахарат (тазалануу) бөлүмүнөн баштап васийат бөлүмүнө чейин фыкхий маселелерге байланыштуу хадистерди камтыган эмгектер болуп саналат. Сунандарга мындайча аныктама берүүгө болот: *“Фыкх бабтарына жараша тасниф кылынган, ахкам хадистерди камтыган китептер сунан деп аталат”*[123]

в. Жамиълер

Жамиълер да сунандар сыяктуу фыкх баптарына жараша тасниф кылынган. Бирок сунандарга салыштырмалуу көп бөлүмдү ичине камтыйт. Мисалы, ыйман, зухд, адаб, манакиб, фитан, сийро, жихад жана тафсир сыяктуу бөлүмдөрдү сунан китептеринен көрө албайбыз. Жамиъ, бул хадис илиминде динге байланыштуу маселелердин бардыгын камтыган жана негизинен бабтарга жараша тизмектелген тасниф системасынын бир түрү.[124]

122. Kandemir, “Sünen” mad., *DİA*, XXXVIII/141.
123. Çakan, *Hadis Edebiyatı*, s.81.
124. Kandemir, “Hadis”, mad., *DİA*, XV/49.

г. Муснаддар

Хадис адабиятында хадистердин темасына, мазмунуна, сахих жана зайыф экендигине карабастан жалгыз гана санаддагы сахаба ысымдарына жараша тасниф кылынган эмгектер “муснад” деп аталат.[125] Муснаддардын кээ бири алфавиттик тартипте, кээ бири сахабалардын пазилеттерине, Исламды кабыл алуусуна, сахабалардын уруусуна жана шаарларга жараша тизмектелген.[126]

д. Муъжамдар:

Равилердин аттарына жараша тизмектелген китептердин бири муъжам болуп саналат. Муъжамдар, муснаддар сыяктуу сахаба ысмына же муъжамды тасниф кылган мухаддистин устазынын атына же болбосо равилердин жашаган шаарларына, урууларына жараша алфавиттик тартипке салынган эмгектерден болуп саналат.[127]

5. АТБАУ-Т-ТАБИИН ДООРУНДАГЫ БЕЛГИЛҮҮ ХАДИС ААЛЫМДАРЫ

Атбау-т табиин доорунда көптөгөн хадис аалымдар чыккан. Алардын арасында Куран жана фыкх илимин мыкты билгендиктен ”имам” деген наамга ээ болгондор да бар. Хадис тарыхында калтырган эмгектери аркылуу чоң роль ойногон ушундай инсандарды билүү абзел. Булардын сап башында эле Малик б. Анас турат.

а. Малик б. Анас

Малик б. Анас (93/712) Мадина шаарында туулуп өскөн. Өзгөчө Африкада кеңири жайылган Малики мазхабынын негиздөөчүсү болуп эсептелет. Мадинанын сыртына чыкпагандыктан, Мадинадагы аалымдардан жана Мадинага келип кеткендерден илим алып, хадис уккан. Анын “Муватта” деп аталган эмгеги тасниф доорунда жазылган алгачкы эмгектердин бири. Муваттада 1700 гө жакын хадис бар. Малик б. Анас өзү төрөлүп өскөн Мадинада (179/795) жылы көз жумган.

ОКУЙЛУ ҮЙРӨНӨЛҮ

Имам Маликтин хадис жана сүйннөткө болгон урмат-сыйы.

Имам Малик Пайгамбардын коонду кандай жегендиги туурасында риваяты жок деп, аны жебей койгондой сүннөткө жакын болгон. Фыкх сабактарын кызыгуу менен берет эле. Эгер хадисти кайталай турган болсо, хадиске болгон урмат-сыйынан улам жуунуп тазаланып, жыпар-жыттардан себинип, жаңы кийимдерин кийет эле.

Анын хадиске болгон урмат-сыйынын бир мисалы катары төмөнкү окуя баяндалат: Бир күнү сабак түшүндүрүп жатканда, Имамды чаян чагат. Ал сабакты үзгүлтүккө учурабаш үчүн, белгиленген убактысынын акырына чейин чыдайт. Ошол эле учурда өңү саргайып, кыйнала баштайт, бирок сөзүнү токтотпойт.

125. Aydınlı, Abdullah, *Hadis Istılahları Sözlüğü*, s.115; Hatiboğlu, İbrahim, “Musned” mad., *DİA*, XXXII/99-100.
126. Çakan, *Anahatlarıyla Hadis*, s.116; Kandemir, “Hadis” mad., *DİA*, XV/48; Hatiboğlu, “Musned” mad., *DİA*, XXXII/99.
127. Çakan, *Hadis Edebiyatı*, s.40; Hatiboğlu, “Mu’cem” mad., *DİA*, XXX/345.; Kandemir, “Hadis” mad., *DİA*, XV/48.

б. Суфян ас-Саври

Ал атбау-т-табииндин алдыңкы аалымдарынын бири болгон. Ал 97/716-жылы туулган. Суфян жөнүндө Абдуллах ибну Мубарак мындайча деген: “Мен 1100 шейхтен хадис жаздым. Алардын арасынан Суфяндан жогору турган бирөөнү көргөн эмесмин”. Суфян эс-Саври 161/778-жылы көз жумган.

в. Авзаъи

Авзаъи Шам элинин имамы катары белгилүү. Атбау-т табиидин атагы чыккан аалымдарынан жана фыкхчыларынан бири болгон. Ал Пайгамбарыбыздын сүннөтүнө берилгендиги, риваят кылган хадистеринин көптүгү жана даражасынын бийиктиги менен белгилүү. Авзаъи 88/707-жылы төрөлүп, 157/774-жылы Бейрут шаарында бул дүйнө менен кош айтышкан.



В. АТБАУ-Т ТАБИИНДЕН КИЙИНКИ ДООР

1. АТБАУ-Т ТАБИИНДЕН КИЙИНКИ ДООРДУН ХАДИС ИЛИМИ ЖАГЫНАН МААНИЛҮҮЛҮГҮ

Ислам коомчулугунда пайда болгон итикадий жана саясий топтордун жеке кызыкчылыктарын колдоо үчүн жалган хадис таркатуу аракети, хадистердин классификациясын талап кылган эң маанилүү факторлордун бири эле.

Ушул себептен, хижрий II кылымда хадис аалымдары тарабынан баштатылган тасниф иш-аракеттери, хижрий III кылымдагы улуу хадис аалымдарынын эмгектери менен улантылган. Хадис илими жагынан бул мезгилдин дагы бир маанилүүлүгү усул китептердин жазылышы. Имам Шафинин өзгөчө “ар-Рисала” жана “Китабу-л-Умм” аттуу эмгектери фыкх китептери болгонуна карабастан хадис илимине байланыштуу бир нече эрежени камтыган усул китеби болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, атбау-т табиинден кийинки мезгил хадис илиминин бардык усул жана эрежелери менен пайда болгон доор болуп саналат.

Бул мезгилде сахих хадис китептери пайда болду. Бул хадис тарыхынын алтын доору катары белгилүү. Кутуб-и ситта аты менен белгилүү болгон Бухари, Муслим, Насаи, Абу Давуд, Тирмизи жана Ибн Маажанын хадис китептери ушул доордо жазылган.

ОКУЙЛУ-ҮЙРӨНӨЛҮ

Имам Шафи жана анын хадис илиминдеги орду

Абу Абдуллах Мухаммед б. Идрис аш-Шафии 130/767-жылы Газа шаарында туулган. 13 жашында Мадинага барып, мурун жаттаган Имам Маликтин Муватта китебин ага жатка окуп берген. Имам Маликтин ыраазычылыгына ээ болгон Шафии, 9 жыл бою анын колдоосу астында болуп, бир тараптан Малики мазхабын үйрөнүп, экинчи тараптан Мадиналык хадисчилерден хадис үйрөнгөн. 199/815-жылы Египет шаарына отурукташкан Шафии, өмүрүнүн акырына чейин (204/819) ошол жерде жашаган жана өзүнүн агымын жайылтканга аракет кылган.

ОКУЙЛУ-ҮЙРӨНӨЛҮ

Ахмад б. Ханбал жана анын хадис илиминдеги орду

Мухаддис жана өз аты менен түзүлгөн фыкх агымынын имамы болгон Ахмад б. Ханбал 164/781-жылы Багдад шаарында төрөлгөн. Ал кичинекей кезинен эле Куран жана хадис үйрөнгөн. Ал арада Абу Ханифанын шакирти Абу Юсуфдан да сабак алган. Ахмад б. Ханбал Багдад шаарында 241/855-жылы көз жумган.

Ахмад б. Ханбалдын “Муснад” деп аталган эмгеги хадис китептеринин арасынан чоң атак-даңкка ээ. Бул эмгекте хадистер сахабалардын аттарына жараша тизмектелген. Сахабалардын Пайгамбардан (с.а.в.) риваят кылган хадистер ошол сахабанын аты менен жазылган. Муснадда 30 миң хадис бар деп айтылат.

2. КУТУБ-И СИТТА ЖАНА МУСАННАФТАР

Хижрий III кылымда жазылган көптөгөн хадис китептери бар. Булардын ичинен сахих хадистерди темаларына ылайык топтогон алты китеп бар. Булар “кутуб-и ситта” деген ат менен таанымал болгон. Бул эмгектер жана алардын авторлору төмөнкүлөр:

1. **Бухари: аль-Жамиу-с-Сахих**

Мухаммед б. Исмаил б. Ибрахим аль-Бухари 194/810-жылы Бухара шаарында төрөлгөн. Лакабы Абу Абдуллах. Он жашында хадиске кызыгуусу жаралып, хадис жаттоого киришишкен. Туулуп өскөн шаарындагы устаздардан сабак алып, кийин ошол доордун негизги илим борборлору болгон Дамаск, Басра, Хижаз, Куфа, Багдад жана Мысыр шаарларын кыдырып, мухаддистерден хадис илимин үйрөнгөн. Миңге жакын мугалимден сабак алган. Бухарага

жакын Хартанк кыштагында 256/870-жылы каза болгон. Хадис тарыхында өзгөчө орунга ээ, эң маанилүү эмгеги “аль-Жамиу-с-сахих” болуп саналат.

Ислам аалымдарынын жалпы пикири боюнча эң сахих жыйнак Бухаринин “аль-Жамиу-с-сахихи” болуп саналат. Бухаринин китебинин толук аталышы “аль-Жамиу-л-муснаду-с-сахиху-л-мухтасар мин уму-ри Расулиллах саллаллаху алейхи ва саллам ва сунанихи ва аййами-хи”. Бухари жыйнагын устазы Исхак б. Рахуйанын (ө. 239/852) өтүнүчүнө ылайык жаза баштаган. Жыйнагындагы хадистерди 600 миңдин арасынан тандап алган жана 16 жылда жазып бүткөн.

Бул маанилүү эмгектин негизги өзгөчөлүктөрүн төмөнкүдөй тизмектөөгө болот:

1. аль-Жамиу-с-сахихте 97 бөлүм (китаб), 3730 баб бар, кайталанган хадистердин саны 7008, кайталанбаган хадистерди саны 2362.

2. Баб аталыштары Бухаринин фыкхын айгинелейт. Бухари хадистерди кандай баамдагандыгын баб аталыштарында чагылдырган. Ошондуктан “фикху-л-Бухари фи таражимихи/Бухаринин фыкхы баб аталыштарында” деп айтылат.

3. Хадис китептеринин арасынан эң сахихи болуп саналат.

4. Жыйнагында 1341 муъаллак хадис бар. Бухари, буларды фыкхий көз карашы катарында санаддарын билдирбестен көбүнчө баб аталыштарында колдонгон.

5. ан-Насави (ө. 290), ан-Насафи (ө. 295), аль-Баздави (ө. 329), Фирабри (ө. 320) жана аль-Махамили таанымал равилери болуп саналат.[128]

6. Бухари бир хадисти бир канча жерде билдирген. Себеби бир хадис бир нече маани жана өкүмдү камтышы ыктымал.

7. Бухаринин эң маанилүү өзгөчөлүгү, бир хадисти бир канча жерде билдирген учурда, окшош санад менен эмес, ал хадистин башка санадын түрдүү сөздөр менен билдирүүсү болгон. Бухари ушундай ыкма менен хадистин бир нече рави тарабынан риваят кылынгандыгын жана риваяттын ишеничтүү экендигин көрсөтүүгө аракет кылган. Ошондой эле бир эле хадистин башка иснаддары жана сөздөрү бар экенидигин көрсөтүүнү каалаган.

8. Бухари хадистери тактиъ кылып риваят кылат. Тактап айтканда хадистин темага тиешелүү жерин гана пайдалануу ыкмасын көп колдонгон.

9. Бир хадистин маанисин өзгөртпөй турган сөздөрдөгү кичинекей айырмачылыктарды көрсөтүүгө аракет кылбайт.

10. “Ахбарана” жана “хаддасана” риваят сыйгалары (калып) арасында айрымачылык байкабагандыктан, хадистерди кандай сыйга менен алгандыгын билдирген эмес.

11. Бухари хадистердин сахих болуусу үчүн кошумча шарттарды киргизген. “Ан” менен келген хадистерде равилердин бири-бири менен жоолуккандыгын (лика) аныктоого маани берген.[129]

2. **Муслим: аль-Жамиу-с-сахихи**

Муслим б. Хажжаж аль-Кушайри Нишабур шаарынан болот. Лакабы Абу-л-Хусейн, “асакиру-д-дин” деген лакаб менен белгилүү болгон. Туулган жылы туурасында 202, 204 жана

128. Karataş, *Hadis Rivâyet Tarihi*, s.306.

129. Kuzudişli, *Hadis Tarihi*, s.148-149.

206 болуп үч түрлү вариант айтылат. Он төрт жашынан баштап хадис жыйноого киришишкен. Бухари сыяктуу Муслим дагы өмүрүн хадиске арнагандардан. Көптөгөн хадис борборлорун кыдырып, доордун белгилүү хадис аалымдарынан сабак алган. Устазадарынын катарын Исхак б. Рахуйа, Ахмад б. Ханбал, Абдуллах б. Маслама, Хармала б. Йахйа сыяктуу улуу мухаддистер толуктаган. Өзүнөн дагы Тирмизи, Абу Ханим ар-Рази сыяктуу имамдар хадис Белгилүү жыйнактардын ичинен Кутуб-и Ситтанын экинчиси аль-Жамиу-с-сахих болуп саналат.

Бул маанилүү эмгектин негизги өзгөчөлүктөрүн төмөнкүдөй тизмектөөгө болот:

1. Имам Муслим эмгеги боюнча “Бул аль-Муснаду-с-сахихти 300.000 хадистин ичинен тасниф кылдым” – деп айткан, анда кайталанып берилгени хадистин саны 5362, кайталанбаган хадистин саны 2846.

2. Жыйнагы 54 бөлүм (китаб), 1332 бабдан турат.

3. Имам Навави тарабынан бабдын аталыштары коюлган. Бул жагынан Бухаринин “сахих” китебинен айырмаланып турат.

4. Таъликтердин саны Бухариге салыштырмалуу өтө эле аз. Китебинде 17 таълик бар.

5. Сиххат жагынан биринчи даражадагы хадис китептердин катарына кирет.

6. Ар кыл матндар менен келген бир матндин өзгөргөн бөлүктөрүнө (ح) белгиси коюлган.

7. Эмгегинин башындагы мукаддима алгачкы жазылган хадис усулунун бири болуп саналат.

8. Бир эле маселедеги риваяттардын түрдүү сөздөрүн, тариктерин, зайыф жана күчтүү риваяттарды сиххат даражасына жараша катары менен тизген.

9. Бир маселедеги хадистерди чогу берген.[130]

ЭСКЕ САКТАЙБЫЗ

Муттафакун алейх деп кимдерди айтабыз?

Сөздүк мааниси “биригишкен нерсе” дегенди билдирет. Бухари менен Муслим экөө бир пикирге келип сахих катары кабылдаган хадистерди китептерине алуусу. Ислам аалымдарынын басымдуу бөлүгү Бухари жана Муслимдин сахих китептерин Курандан кийинки эле эң ишенимдүү китеп катары көрүшөт. Экөөндөгү хадистер эң жогорку сахих хадистер болуп саналат.

Бул хадстерге байланыштуу өзүнчө эмгектер да бар. Мухаммед Фуад Абдулбакинин “аль-лулуу вал маржан фи маттафака алейхи-ш-шайхан” аттуу эмгекти мисал катары берсек болот.

130. Karataş, *Hadis Rivâyet Tarihi*, s.306.

БИР МИСАЛ

عَنْ عَائِشَةَ، رَضِيَ اللهُ عَنْهَا ، قَالَتْ قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ:
« مَنْ أَحْدَثَ فِي أَمْرِنَا هَذَا مَا لَيْسَ مِنْهُ فهُو رَدٌّ» مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ. وَفِي رِوَايَةٍ لِمُسْلِمٍ :
«مَنْ عَمِلَ عمَلًا لَيْسَ عَلَيْهِ أَمْرُنَا فَهُوَ رَدٌّ».

Аз. Айшадан (р.а.) келген риваятта, Алланын элчиси мындайча буюрду: *"Кимде ким динибизде болбогон бир нерсени чыгарса, ал нерсе кабыл кылынбайт"*. (муттафакун алейх).

Ал эми Муслимдин риваятында: *"Кимде ким биздин динибизде болбогон нерсени кылса ал мардуд, кабыл кылынбайт"*.[1]

1. Бухари. *Сулх*. 5; Муслим. *Акдия*. 17, 18.

3. Абу Давуд: Сунан

Абу Давуддун толук аты жөнү Абу Давуд Сулайман б. аль-Ашъас аль-Азди ас-Сижистани. Хижрий 202-жылы туулган. Алгачкы илиминен кийин Нишабур, Хоросан, Куфа, Арабия, Месопотамия, Иран, Сирия жана Мысыр шаарларына барып илим алган. 275/888-жылы Басра шаарында көз жумган.[131] Бир нече эмгектин арасынан эң маанилүүсү ахкам хадистерди тасниф кылган "Сунан" китеби болуп эсептелет.

Абу Давуд ахкам хадистерди камтыган "Сунан" китебин таанышtыруу үчүн Меккеликтерге жазган катында, китебинде ахкам хадистерди гана алганын, зухд жана пазилеттүү амалдарга байланыштуу риваяттарга орун бергендигин айткан. Жыйнагында сахих хадистер менен бирге зайыф хадистер дагы бар.[132] Абу Давуд жыйнагы туурасында жеке өзү "сахих жана ага жакын хадистерге орун бердим. Эгер өтө эле зайыф хадистер болсо аны дагы белгилеп өттүм" – деп айткан.[133] Бирок иттифак (аалымдардын бир пикирди карманууусу) менен баш тарткан хадисти т.а. матруку-л-хадисти китебине алган эмес.[134]

Абу Давуддун "Сунан" китебинде *Сахихайнда* болгон хадистер, иснады "жаййид" күчтүү хадистер, шаз жана иллаттан (көрүнбөгөн кемчиликтер) алыс хадистер бар. Ошондой эле эстутумунун начардыгынан улам санады зайыф кабылдаган, равилери алсыз жана өтө көп ката кетирген равилер дагы бар. Сунанда 103 мурсал хадис, 198 мункатиъ хадис, 1000 тегерегинде муъаллак хадистин бар экендиги аныкталган.[135]

Абу Давуд китебин жазып бүткөндөн кийин Ахмад б. Ханбалга сунуштаган, ал дагы аны жактыргандыгын билдирген.[136]

Абу Давуддун "Сунан" китебинин негизги өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр:

131. Çakan, Anahatlarıyla Hadis, s.124.
132. Kandemir, "Sünen" mad., *DİA*, XXXVIII/142.
133. Абу Давуд. *Рисалату Абу Давуд илаа ахли Мекке*. (Мухаммед б. Лутфи ас-Саббаг). 26-б.
134. Çakan, *Hadis Edebiyatı*, s.89.
135. Dinçoğlu, *Ebû Dâvûd'un Sünen'i*, s.392-398.
136. Kuzudişli, *Hadis Tarihi*, s.195.

1. Жыйнагында 40 бөлүм (китаб), 1889 баб, кайталанган хадистин саны 4590, кайталанбаган хадистин саны 3784. Абу Давуддун билдиришинче китебинде 4800 хадис бар.

2. Сунан сиххат жагынан экинчи даражадагы китептердин катарына кирет.

3. Суласи риваяттар жок.

4. Фыкхчылар баалаган китеп катары белгилүү.[137]

5. Мухтасар китеп болуусу максат кылынган.

6. Абу Давуд фыкхий хадистерге басым жасаган. Бабтардын астына темага байланыштуу эң жакын хадистерди коюп, “Сунан” колдонулушун жеңилдеткен.

7. Сунандын айрым баб аталыштарында темага байланыштуу фыкхий өкүмдөрдү билдирген.

8. Абу Давуд бир хадисти эки кишиден риваят кылганда сөздөрдөгү айырмачылыктарды атап өтүүгө же сөздүн кайсыл равиге караштуу экендигин билдирүүгө аракет кылат.

9. Абу Давуд хадистерди риваят кылгандан кийин керектүү учурларда равилердин ысымдарын, жашаган жерин жана табакалары туурасында маалымат берет. Равинин тегерегинде болуп жаткан окуялардан сөз кылат.

10. Автор, иснад жана матнге байланыштуу түрдүү пикирлерин билдирген. Кээ жерлерде “амал мындай эмес” деп аты аталган хадис менен амал кылынбагандыгын айткан.[138]

11. Абу Давуд зайыф хадистердин кемчилдиктерин айтып, сахих катары билген хадистерге кандайдыр бир түшүндүрмө берген эмес.

12. Узун хадистердин тиешелүү жерлери гана берилген.[139]

4. **Тирмизи: Сунан**

Абу Иса Мухаммед б. Иса ат-Тирмизи 209/824-жылы Тирмизи шаарында төрөлгөн. Хадисчилердей эле кичинекей жаштан баштап хадис үйрөнүү үчүн өзүнүн өлкөсүндөгү аалымдарды зыярат кылган. Андан кийин башка өлкөлөрдүн шаарларын жана шаарчаларын кыдырган. Бухари, Муслим жана Абу Давуд сыяктуу хадис имамдарынан сабак алган. Тирмизи эс-тутуму абдан күчтүү, акылдуу мухаддис болгон.

Тирмизи “Жамиъ” китебиндеги хадистерди үч топко сахих, хасан жана зайыф болуп бөлгөн. Риваят кылган бир хадистин сахих жана хасан экендигин билдирген. Жада калса зайыф деп белгилеп өткөн хадистин алсыздыктын себебин да түшүндүрүп берген. Тирмизи 279/892-жылы туулуп-өскөн Тирмиз шаарында жан берген.

137. Karataş, *Hadis Rivâyet Tarihi*, s.331.

138. Kuzudişli, *Hadis Tarihi*, s.196-197.

139. Çakan, Anahatlarıyla Hadis, s.125.

ОКУЙЛУ-ҮЙРӨНӨЛҮ

Тирмизи хасан хадиске аныктама берип, китебиндеги риваят кылган хадистер боюнча “Бул хадис хасан” деп белгилеп кеткен. Ошентип ал алгачкы жолу “хасан хадис” терминин колдонгон мухаддис болгон. Буга мисал катары Тирмизи риваят кылган төмөнкү хадисти келтирсе болот:

Аз. Айшадан (р.а.) келген риваятта, Расулулла мындайча буюрган: “Ар бир мас кылуучу нерсе арам. Бардык мас кылуучу нерселердин алакандайы да арам”.

Тирмизи: Бул хасан хадис. Лайс б. Абу Сулайм жана Рабиъ б. Субайх бул хадисти Абу Осман аль-Ансариден, Махди б. Маймундун риваятына окшош риваят кылган.

5. **Насаи: Сунан**

Абу Абдиррахман Ахмад б. Шуайб ан-Насаи 214-жылы Хоросан шаарына жакын Наса кыштагында туулган. Алгачкы жолу илимди туулуп өскөн жеринде алгандан кийин Балх, Ирак, Дамаск жана Мысыр шаарларын кыдырып, улуу устаздардан сабак алган. Насаи доорунун эң ишенимдүү хадисчиси катары кабылданган. Ал келген сунуштар боюнча китебин өзү кыскартып жазып, жалаң гана сахих катары кабылдаган хадистерди камтыган жаңы эмгегин *“аль-Мужтаба”* деп атаган.[140]

Кутуб-и Ситтанын катарын толуктаган жана “Сунан” аты менен белгилүү болгон эмгеги “Мужтаба” же “ас-Сунану-с-сугра” деген ат менен дагы белгилүү болгон. *“аль-Мужтабанын”* ордун кээде *“аль-Мужтана”* аты колдонулуп келет.

Эмгегиндеги хадистер сиххат даражалары жагына үч топкө бөлүнгөн. Биринчиси Сахихайнда болгондор, экинчиси Насаинин койгон шарттарына жараша сахих болгондор, үчүнчүсү кемчилдигин ачыктоо үчүн билдирген хадистер.[141] Насаинин “Сунан” эмгегинде башка Сунандарга салыштырмалуу зайыф хадистердин саны аз. Бирок эмгегиндеги хадистердин бардыгы сахих делген пикирден жана китебинде иллет хадистерден улам кабылданган эмес.[142] Суйутинин айтымы боюнча, Насаинин “Сунан” китебинде орун алып, Ибну-л-Жавзи мавзуъ өкүмүн берген хадистердин ичинен 10 хадис иликтөөнүн натыйжасында мавзуъ болбогондугу аныкталган.

6. **Ибн Маажа: Сунан**

Абу Абдиллах Мухаммед б. Йазид б. Абдиллах Ибн Маажа аль-Казвини 209-жылы Казвинде туулган. Ибн Маажа дагы доорундагы аалымдар сыяктуу илим борборлорунан илим алып, бир канча эмгекти жазган. Эң белгилүү эмгеги “Сунан” болуп саналат.

Ибн Маажанын “Сунан” китеби тартиби, кайталоодон алыс жана кыскалыгы жагынан кадыр-баркка татыган. Ошол доордогу улуу хадисчи Абу Зуранын айтымында, анда 30 жакын зайыф хадис бар. Ки-йинчерээк айрым мухаддис тарабынан уруулардын, шаарлардын жана кээ

140. Çakan, Anahatlarıyla Hadis, s.125.
141. Kuzudişli, *Hadis Tarihi*, s.212.
142. Kuzudişli, *A.g.e.*, s.213.

бир адамдардын пазилети туурасындагы жалган хадистердин бар экендиги айтылган. Ибн Маажа хадис илиминде хафыз-садук жана илимдүү болгонуна карабастан жыйнагындагы мункар жана аз да болсо жалган хадистерден улам Сунандардын кадыр-баркына терс таасирин тийгизген. Ибн Маажа 273/886-жылы каза болгон.

Бул авторлордун бардыгы сахих хадистерди чогултууга чын дили менен аракет кылышкан. Хадис жыйнактардында маанилүү орунду ээлеген бул эмгектер, Пайгамбарыбыздын сүннөтүн жана сахабалардын иш-аракеттерин кийинки муундарга өткөрүп берген булактар болуп саналат.

Алар Аз. Пайгамбардан келген риваяттарды кылдаттык менен изилдеп, өзүлөрүнүн критерийлерине ылайык туура деп эсептеген хадистерди китептерине киргизишкен. Бул чоң аракеттер бардык мусулмандардын мактоосуна арзыган.

Бирок, алар адам баласы болгондуктан, кээ бир риваяттарды тандоодо ката кетирүү ыктымалдуулугун унутпашыбыз керек. Ушул себептен, китептердин өз ара сахихтик даражасы жагынан айырмачылыктар болушу мүмкүн. Себеби ар бир автор өз эмгегин жаратууда ар кандай критерийлерди колдонгон.

Таснифтин алдын доору катары кабылданган хижрий III кылымда пайда болгон бул алты эмгек, Ислам аалымдары тарабынан эң ишенимдүү хадис булактары катары эсептелген.

БИЛЕСИҢЕРБИ?

Кутуб-и ситтага дагы үч китепти кошуу менен пайда болгон хадис булактарынын бардыгына кутуб-и тисъа (тогуз хадис китеби) деп атаган аалымдар да бар.

Бул үч китеп:

-Имам Ахмад б. Ханбалдын Муснады

-Имам Маликтин Муваттасы

-Дариминин ас-Сунаны

Окуу бөлүмү

АЛЛА ЭЛЧИСИНИН КЫЗМАТЫНДАГЫ ЖАШ УЛАН

АНАС Б. МАЛИК (Р.А.)

Анын энеси Умм-и Сулайм (р.а.) Мадинадагы алгачкы мусулмандардын бири эле. Атасы Малик мусулман болбой туруп дүйнөдөн кайткандыгы үчүн аябай энеси аябай капа болгон. Дүйнөсүн Ислам нуру менен нурландырган Умм-и Сулайм (р.а.) баласынын да нурга толуп, чоңойуусун каалаган. Аз. Пайгамбардын Мадинага көчүп баруусуна аябай кубанып, ошол замат Анасты алып, Пайгамбарга алып келди да: “Оо, Алланын элчиси! Мен муну сизге кызмат кылуусу үчүн алып келдим. Бул уулумдан башка сизге белек бере турган эч нерсем жок. Сураныч, кабыл алыңыз жана ага дуба кылыңыз. Анас менин уулум сиздин кызматчыңыз”, – деп тапшырган. Аз. Пайгамбар: “Оо, Алла! Мал-мүлкүн жана уулун берекелүү кыл, өмүрү узун болсун, күнөөлөрүн кечир”, – деп батасын берди.

Анас (р.а.) Расулулланын абалын, сөзүн, адеп-ахлагын жана жасаган ишин эң мыкты билген жана эң сонун жеткиргендердин бири эле. Пайгамбардын жанынан чыккан эмес. Ал 2230 хадис риваят кылган.

Анас (р.а.) Алла элчисинен мындайча хадис риваят кылган:

“Оо, уулум! Мүмкүн болушунча даарат алып жүр. Анткени адам даарат менен жүрүп жан берсе шейит болот”.

“Оо, Анас! Рукуга барганда тизеңди колуң менен бекем карма. Манжаларыңды жай. Чыканактарыңды жабыштырба. Рукудан турганда ар бир мүчөң ордуна келсин”. (Таъдил-и арканды эстен чыгарба!)

“Оо, Анас! Улууларды урматтап, кичинелерге ырайым кыл. Көп дуба кыл! Себеби дуба кыйынчылыкты алдын алат”.

Анас (р.а.) риваят кылган хадистердин айрымдары:

• “Жеңилдеткиле, оорлоштурбагыла! Сүйүнчүлөгүлө, ирээнжитпегиле!”

• “Эч кимиңер өзүнө каалаган жакшы нерсени мусулман тууганына да кааламайынча толук момун боло албайт”.

Анас б. Малик 93/712-жылы Басрада көз жумган.

СУРООЛОР БӨЛҮМҮ

А. БОШ ЖЕРЛЕРГЕ КЕЛЕ ТУРГАН ТЕРМИНДЕРДИ ТАПКЫЛА

1. .....: Аз. Мухаммеддин сахабаларынан кийинки муун.
2. .....: Табииндер билим алган илим борборлорундан бир шаар.
3. .....: Исламдан мурун жана Ислам доорунда жашаганы менен Аз. Пайгамбарды көрө албай калган мусулмандар.
4. .....: Аз. Пайгамбардын доорунда жашаганы менен аябай кааласа да аны көрө албагандыктан сахаба боло албай калган табиин.
5. .....: Кыскача хадис топтоо иш- аракети.
6. .....: Хадистерди темаларына жараша классификациялоо аракети.
7. .....: Хадис илиминде хадистерди булагына чейин жеткирген система.
8. .....: Имам Маликтин хадис китебинин аты.
9. .....: Аз. Пайгамбардын катышкан согуштары жөнүндө хадистерден турган китептер.
10. .....: Фыкх бөлүмдөрүнө ылайык бөлүштүрүлгөн ахкам хадистерди камтыган китептер.
11. .....: Хадистерди алгачкы равилерине жараша тизмектеген китептер.
12. .....: Имам Шафии жазган жана ичинде хадис илимине байланыштуу маалыматтар камтылган усул китеби.
13. .....: Ахмад б. Ханбалдын китептери арасында атак-даңкка жеткен жана хадистерди сахаба ысымдарына жараша тизмектеген китеп.
14. .....: Хадис китептери арасында эң сахих катары кабыл алынган аль-Жамиъу-с-Сахих аттуу китептин автору.
15. .....: Имам Бухари жана Имам Муслимдин хадис китептеринин экөөнө тең берилген орток ысым.
16. .....: Сунан авторлорунун бири.

Б. ТӨМӨНДӨГҮ СУРООЛОРГО ЖООП БЕРГИЛЕ?

1. **Классификациялоо иш-чараларынын башталышынын себептери кайсылар?**

.....

.....

.....

2. **Мусаннаф китептери канча түргө бөлүнөт?**

.....

.....

.....

3. **“Кутуб-и ситта” деп аталган алты хадис китебини авторлору менен жазыңыз?**

.....

.....

.....

4. **Табиин хадис илимине кандай салым кошкон?**

.....

.....

.....

5. **Атбау-т-табининдин хадис илимине кандай кызматтары бар?**

.....

.....

.....

6. **Атбау-т-табиинден кийинки доордодун хадис илими жагынан маанилүүлүгү?**

.....

.....

.....

В. ТӨМӨНДӨГҮ СУРООЛОРДУН ТУУРА ВАРИАНТЫН БЕЛГИЛЕГИЛЕ?

1. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы, сахабалардын бирине жоолугуп жаны аны менен сүйлөшүп маектешкен?

А. Сахаба

Б. Табиин

В. Атбау-т-табиин

Г. Мухадрам

Д. Рави

2. Мадинада атагы чыккан хадисчилерден жана жети факихтин (фукаха-и сабъа) бири. Аз. Умардын халифалык доорунун 2-жылында төрөлгөн. Абу Хурайранын кызы менен үйлөнгөндүгү үчүн анын хадистерин эң жакшы билгендерден.

Бул маалыматтар төмөндөгү табииндердин кайсынысына таандык?

А. Ибн Шихаб аз-Зухри

Б. Урва б. Зубайр

В. Саид б. Мусаййиб

Г. Ибрахим ан-Нахаи

Д. Нафи Мавла Ибн Умар

3. Төмөндөгү дооролордун кайсынысында хадис илими усул жана эрежелери менен калыптанган жана хадистер фыкх бөлүмдөрүнө жараша тасниф кылынган?

А. Сахаба доору

Б. Табиин доору

В. Атбау-т-Табиин доору

Г. Умаяддар доору

Д. Аз. Пайгамбардын доору

4. Фыкх бөлүмдөрүнө жараша тасниф кылынган ахкам хадистерди топтогон эмгектер кайсылар?

А. Сунан

Б. Муъжам

В. Муснад

Г. Жамиъ

Д. Мусаннаф

5. Төмөдөгүлөрдүн кайсынысы атбау-т-табииндин атактуу мухаддистеринен?

А. Ибн Шихаб аз-Зухри

Б. Урва ибну-з-зубайр

В. Малик б. Анас

Г. Саид ибну-л-Мусаййиб

Д. Ибрахим ан-Нахаи

6. Малики мазхабынын куруучусу. Мадина шаарында туулуп-өскөн. Муватта аттуу эмгеги тасниф доорунда жазылган алгачкы эмгектерден. Бул маалыматтар төмөндөгү мухаддистердин кимисине таандык?

А. Суфян ас-Саври

Б. Абу Давуд

В. Ибн Маажа

Г. Малик б. Анас

Д. Ахмад б. Ханбал

7. “Хасан хадис” терминин алгачкылардан болуп кайсыл мухаддис колдонгон?

А. Бухари

Б. Тирмизи

В. Муслим

Г. Абу Давуд

Д. Насаи

В. ТӨМӨНДӨГҮ СҮЙЛӨМДӨРДӨГҮ БОШ ЖЕРЛЕРДИ КАШАНЫН ИЧИНДЕГИ СӨЗДӨРДҮ КОЛДОНУП ТОЛТУРГУЛА

(Мухадрам – сират – сунан – сахихайн – кутуб-и тисъа – муснад)

Исламга чейинки сабатсыздык мезгилинде жашаган жана

1. Исламдан мурун жахилия доорунда да жана Ислам доорунда да жашап бир нече сахаба менен жолуккан, бирок Аз. Пайгамбар менен көрүшүп сүйлөшүү мүмкүнчүлүгүнө ээ боло албай калган мусулмандар ..... деп аталат.

2. Аз. Пайгамбардын адеп-ахлагына, кыймыл-аракетине жана жүрүм-турумуна байланыштуу хадистер ....., катышкан согуштары жөнүндөгү хадистер магази деп аталат.

3. Фыкх баптарына жараша тасниф кылынган ахкам хадистерди топтогон китептер …….. деп аталат.

4. Хадистердин алгачкы равилерине т.а. сахабаларга жараша топтолгон эмгектер ..... деп аталат.

5. Бухари жана Муслимдин китептери, хадис китептеринин ичинен эң сахих эки китеп деп эсептелет жана бул китеп ..... деп аталат.

АДЕП-АХЛАКА БАЙЛАНЫШТУУ ТАНДАЛМА ХАДИСТЕР

1. عَنِ ابْنِ عُمَرَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ مَرَّ عَلَى رَجُلٍ مِنَ الأَنْصَارِ وَهُوَ يَعِظُ أَخَاهُ فِي الحَيَاءِ، فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «دَعْهُ فَإِنَّ الحَيَاءَ مِنَ الإِيمَانِ» مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

1. Ибни Умардын (р.а.) риваятында Алла элчиси (с.а.в.) уячак бир тууганына бул мүнөздөн баш тартуусун айткан Мединалык мусулмандын жанынан өтүп ага:

“Аны жөн жайына кой, себеби уяттуулук ыймандан”. – деди.[143]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Уялуу сезими мусулманды адамдык касиетке жарашпаган жүрүм-турумдан сактайт.
2. Ишеним адамды жаман жоруктардан жана күнөөлөрдөн алыстатат.
3. Уяттуулук ыймандын жогорулашына себепчи болот.

2. عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «أَكْمَلُ الْمُؤْمِنِينَ إِيمَانًا أَحْسَنُهُمْ خُلُقًا، وَخَيْرُكُمْ خَيْرُكُمْ لِنِسَائِهِمْ». رَوَاهُ التِّرْمِذِيُّ.

2. Абу Хурайрадан (р.а.) келген риваятта Алла элчиси (с.а.в.) мындайча буюрду:

“Момундардын ыйман жагынан эң мыктысы, кулк-мүнөзү эң жакшы болгондор. Силердин жакшыңар аялдарына жакшы мамиле кылгандар”.[144]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1- Момундар бардык адамдарга, айрыкча үй-бүлө мүчөлөрүнө жакшы мамиле кылышат. Аларга жакшылыктарды каалашат, кетирген каталарына көп деле көңүл бурушпайт.

143. Бухари. *Ыйман*. 16, *Адап*, 77; Муслим. *Ыйман* 57-59.
144. Тирмизи. *Радаъ*. 11.

2- Жакшы болуунун чарасы бул жубайына жакшы мамиле кылуу. Жубайына жакшы мамиле жасабаган адамдан жакшылык күтүүгө болбойт.

3. عَنْ أَنَسٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «يَسِّرُوا وَلاَ تُعَسِّرُوا، وَبَشِّرُوا، وَلاَ تُنَفِّرُوا». مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

3. Анасдан (р.а.) келген риваятта Аз. Пайгамбар мындайча буюрду:

“Жеңилдеткиле, оорлоштурбагыла! Сүйүнчүлөгүлө, ирээнжитпегиле!”[145]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Алланын жолуна чакырган адамдар эң сонун адеп-ахлактык баалуулуктарга ээ болушу керек.

2. Исламды билбегендерге жумшак мамиле кылуу, аларга карата жагымдуу сөздөрдү айтуу жана үркүтүп-коркутпоо керек.

3. Ислам жеңилдүүлүктүн дини. Ошондуктан адамдарга жеңилдик көрсөтүп, кыйынчылыктарды алып келбеш керек.

4. عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «آيَةُ الْمُنَافِقِ ثَلَاثٌ: إِذَا حَدَّثَ كَذَبَ، وَإِذَا وَعَدَ أَخْلَفَ، وَإِذَا اؤْتُمِنَ خَانَ» مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

4. Абу Хурайрадан (р.а.) келген риваятта Алла элчиси мындайча буюрган:

“Мунафыктын үч белгиси бар: Жалган сүйлөйт, сөзүндө турбайт жана аманатка кыянаттык кылат”.[146]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Мунафыктык чындыгында каапырлык.

2. Калп айтуу, убадасынан баш тартуу жана аманатка кыянаттык кылуу эки жүздүүлүктүн белгиси.

3. Мусулман экендигине карабастан, эки жүздүүлүктүн белгиси бар адам мунафыкка окшош деп эсептелет. Анткени, мындай адамдарга каапырлык жана мунафыктык өкүмү берилбейт.

145. Бухари. *Илим.* 11; Муслим. *Жихад*. 6-7.

146. Бухари. *Ыйман.* 24; Муслим. *Ыйман*. 107-108.

5. عَنْ عَبْدِ اللَّهِ بْنِ عَمْرٍو رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا، عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «الْمُسْلِمُ مَنْ سَلِمَ الْمُسْلِمُونَ مِنْ لِسَانِهِ وَيَدِهِ، وَالْمُهَاجِرُ مَنْ هَجَرَ مَا نَهَى اللَّهُ عَنْهُ». مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

5. Абдулла б. Асдан (р.а.) келген риваятта Аз. Пайгамбар мындайча буюрган:

“Мусулман тили жана колу менен мусулмандарга зыян келтирбеген адам. Мухажир, бул Алла тыюу салган нерселерден оолак болгон адам”.[147]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Колу, буту ж.б.у.с. дене мүчөлөрү менен мусулмандарга зыян берип кыйноого алууга тыюу салынат.

2. Исламдын жана ыймандын толукталышы моралдык жана материалдык жактан башкаларга залака тийгизүүдөн баш тартуу аркылуу ишке ашат.

3. Мусулмандарда дагы бир катар кемчиликтер болушу мүмкүн. “Мусулмандын эч кандай кемчилиги жок” деп айткан Муржия агымы четке кагылган.

4. Дин үчүн хижрат кылуу канчалык маанилүү жана пазилеттүү болсо, Алланын арам кылгандарынан оолак болуу да хижрат жана пазилеттүү болуп саналат.

6. عَنْ جَرِيرِ بْنِ عَبْدِ اللَّهِ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «مَنْ لَا يَرْحَمِ النَّاسَ، لَا يَرْحَمْهُ اللَّهُ عَزَّ وَجَلَّ» مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

6. Жарир б. Абдулладан (р.а.) келген риваятта Алланын элчиси мындайча буюрган:

“Инсандарга ырайым кылбаганга, Алла да ырайым кылбайт”.[148]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Адамдарга ырайымдуулук кылуу Исламдын негизги принциптеринин бири.

2. Алла мусулмандарды мээримдүү болууга үндөйт.

3. Дүйнөдө адамдарга ырайымдуулук менен мамиле жасабагандарга, кыямат күнү Алла да ырайымдуулук кылбайт.

147. Бухари. *Ыйман*. 5; Муслим. *Ыйман*. 64-65.

148. Бухари. *Адаб*. 18, *Тавхид* 2; Муслим. *Фазаил*. 66; Айрыкча караңыз: Тирмизи. *Бирр*. 16, *Зухд* 48.



БӨЛҮМ VI

СҮННӨТКӨ БАЙЛАНЫШТУУ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР

БӨЛҮМДҮН МАЗМУНУ

- **А. СҮННӨТТҮН ӨРНӨКТҮҮЛҮГҮ**
- **Б. СҮННӨТТҮН УНИВЕРСАЛДУУЛУГУ**
- **В. СҮННӨТТҮН КОРГОНГОНДУГУ**
- **Г. СҮННӨТТҮН КУРТКАРУУЧУЛУГУ**

ДАЯРДЫКТАР

1. Үлгү алуу менен тууроонун ортосунда кандай айырмачылык бар? Ойлонуп көрүңүз.
2. “Аллага жана анын Пайгамбарына баш ийгиле” аяты сүннөттүн кайсы өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурат? Класста талкуулаңыз.
3. “Анан дагы айт: “Эгер силер Алланы сүйсөңөр, анда мени ээрчигиле. Ошондо Алла силерди сүйөт жана күнөөңөрдү кечирет”. Алла – Кечиримдүү, Боорукер!” [Аалу Имран. 31] аятында айтылгандай сүннөттү ээрчүүнүн адамга тийгизген руханий соопторун досторуңуз менен бөлүшүңүз.

А. СҮННӨТТҮН ӨРНӨКТҮҮЛҮГҮ

Бардык пайгамбарлар Алланын буйруктарын жана тыюу салган нерселерин пенделерине жеткирүү жана туура жолду көрсөтүү милдети жүктөлгөн элчилер болуп саналат. Пайгамбарлар ушул ыйык элчилик милдетин талаптагыдай аткарууга аракет кылышкан. Аз. Пайгамбарыбыз Алланын берген ушул ыйык милдетин кемчиликсиз так аткарды. Бул милдетти аткарууда жеке жана коомдук жашоону багыттай турган бир катар принциптерди киргизген. Ушул принциптердин негизинде өмүр сүргөн пайгамбарыбыз биз мусулмандар үчүн эң сонун үлгү болгон.

Сахабалар Ислам динин Курандан жана Пайгамбарыбыздын сүннөтүнөн үйрөнүштү. Алар сүннөттү: “Ал пайгамбар, ал бизден айырмаланып турат. Биз өзүбүздүн ишибизге кам көрөлү”, деген түшүнүк менен эмес, “Анын бардык кыймыл-аракеттеринин ар дайым бизге ылайык келген жагы бар. Биз аны үлгү алышыбыз керек”, – деген түшүнүктү карманышкан.

ОЙЛОНУП КӨРӨЛҮ

Сүннөт бул Аз. Пайгамбардын айткандары жана кылган амалдарынын топтому. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз жөнүндө кабар жеткирген сүннөттүн ар бир бөлүгү хадис деп аталат. Сүннөт Аз. Мухаммеддин Аллага кулчулук кылуусу. Өмүрүнүн акыркы жыйырма эки жылын алган бул пендечилик жашоосу көзү өткөндөн кийин бардык ыймандуулар үчүн жол көрсөтүүчү болуп калды.

Чындыгында, Куранда мындайча буюрулган:

﴿لَقَدْ كَانَ لَكُمْ فِي رَسُولِ اللَّهِ أُسْوَةٌ حَسَنَةٌ لِمَنْ كَانَ يَرْجُو اللَّهَ وَالْيَوْمَ الْآخِرَ وَذَكَرَ اللَّهَ كَثِيرًا﴾

“Чындыгында, силер үчүн да, Алланы, акырет күнүн үмүт кылгандар жана Алланы көп эске алган адамдар үчүн да – Алланын элчисинде көркөм өрнөктөр бар”.[149]

Бул аятта Алла Таала момундарга сүйүктүү Пайгамбарыбызды үлгү алууну буйруган. Анда аны үлгү алуу деген эмнени билдирет? Үлгү алуу менен аны тууроонун ортосунда кандайдыр бир айырма барбы?

Бүгүнкү күндө кээ бир инсандар Пайгамбарыбыздан үлгү алууну буйруган аяттардан улам аны бардык жагынан туураганды каалашат. Ал эми үлгү алуу менен тууроонун ортосунда айырмачылыктар бар.

Үлгү алуу, бул аң-сезим менен аракет кылуу. Башкача айтканда, үлгү алына турган жүрүм-турум жана сөздөрдү билип, анын пайдасына ишенип кабыл алуу. Айрыкча өрнөк алуу адамдын кулк-мүнөзүн жана жүрүм-турумун түп-тамырынан өзгөртөт. Ал эми тууроо болсо, аң-сезимсиз

149. Ахзаб. 33/21.

жасалган аракет. Демек, жүрүм-турумун туураган адам эмне үчүн мындай кылып жатканын билбейт. Бул да адамдын жүрүм-турумунун өзгөрүшүн гана камсыз кылат.

Пайгамбарыбыз дагы көптөгөн сөздөрүндө жана иш-аракеттеринде аң-сезимсиз бирөөнү тууроону каалаган эмес. Мисалы,Пайгамбарыбыз намаз окуп жатканда бут кийимин чечти. Аны көргөн сахабалар да намаз учурунда бут кийимин чечишти. Намаздан кийин сүйүктүү пайгамбарыбыз алардан бул кылгандарынын себебин сурады. Алар: “Оо, Алланын элчиси, сиз бут кийимиңизди чечкенде, биз да чечтик”, – дешти. Пайгамбарыбыз (с.а.в.): “Мен бут кийимимде нажас бар экендигин байкап, аны чечип салдым”,[150] – деди. Пайгамбарыбыздын бул сөзүнөн ойлонбой туруп бирөөнү тууларабаш керек экендигин байкоого болот. Сүннөт Курандын ажырагыс бөлүгү. Курансыз сүннөттү, сүннөтсүз Куранды элестетүү мүмкүн эмес.

Алла Таала Куранда: “Анан дагы айт: “Эгер силер Алланы сүйсөңөр, анда мени ээрчигиле. Ошондо Алла силерди сүйөт жана күнөөңөрдү кечирет”. Алла – Кечиримдүү, Боорукер!”[151] деп буюрган.

Бул аятта баса белгиленген нерсе, Аллага барчу жолго Пайгамбарга баш ийүү аркылуу жетүүгө болот. Себеби китеп жол көрсөтүүчү болушу мүмкүн, бирок үлгү боло албайт. Үлгү катары алынышы керек болгон нерсе өз түрүнөн болушу керек.

ОКУЙЛУ ОЙЛОНОЛУ

ЭҢ СОНУН АТА

Аз. Пайгамбар эң жакшы жана камкор ата эле. Анын балдарына болгон сүйүүсү жана боорукердиги чын ыкластуу жана чын жүрөктөн болгон. Аларды бактылуу кылуу үчүн бардык күч-аракетин жумшаган. Балдарына болгон сүйүүсү аны жашоосунун негизги максатынан ажыраткан эмес жана анын балдарынын алдындагы чыныгы жоопкерчиликтерин унуттурган эмес.

Пайгамбарыбыз (с.а.в.): “Кимде ким балдарын тозоктун түбөлүктүү отуна күйүүгө ташташаса, анда күндүн ысыгынан сактап калууда эч кандай пайда жок”, – деди.

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) балдарын аябай жакшы көрчү. Анастын (р.а.) риваятында: “Мен пайгамбарчалык үй-бүлө мүчөлөрүнө жароокер бир дагы адамды көргөн жокмун. Анын уулу Ибрахимдин Мадинанын четинде жашаган сүт энеси бар эле. Сүт энесинин күйөөсү темир устасы болгон. Биз менен бирге Аз. Пайгамбар ал жакка барчу. Баргандан кийин темир устасынын ис басып кеткен үйүнө кирип, балдарын кучактап, жыттап өөп, кичине калгандан кийин кайтат эле”, – деди

Небereлери Хасан менен Хусейинди аябай жакшы көрчү жана алар менен көп ойнойт эле. Аларды жоонуна миңгизип ат оюндарын ойночу. Бир жолу Хасанды ийнине көтөрүп: “Оо Алла! Мен аны жакшы көрөм жана сенин да жакшы көрүүңдү суранам!” – деп дуба кылган. (Бухари жана Муслим).

Тарыхта бир дагы адам жүрүм-турумунда, мамилесинде, жакшы адеп-ахлакта жана такыбаалыкта бул даражага жете алган жок. Ал баарынан мыкты адам болгон. Адамзат булардын бардыгын Пайгамбарыбыздан (с.а.в.) үйрөнүшү жана күндөлүк жашоосунда иш жүзүндө колдонушу керек.

150. Ахмад б. Ханбал. 3/92.

151. Аалу Имран. 3/31

Сүннөттүн өрнөктүүлүгү маселесинде ушул нерсеге да көңүл буруу керек. Пайгамбарыбыздын ибадат жашоосу үлгү алынгандай, анын күндөлүк жашоосу жана адамдар менен болгон мамилеси да үлгү алынышы керек. Себеби, сүннөт фыкхи жана укуктук эрежелерди гана киргизбестен, ошондой эле адамдардын сүйүү жана бир туугандыкка таянган өмүр сүрүүлөрү үчүн айрым адеп-ахлак эрежелерин жана принциптерин киргизген. Аз. Мухаммед адеп-ахлагы жашкы болбогондун ибадатына да маани берген.

Мисалы: “Мусулман колунан жана тилинен (бир туугандарынан) жабыр тартпаган адам”,[152] же “Кимде ким жалган айтууну жана аны менен амал кылууну токтотпосо, Алла анын жеп-ичпей коюшуна муктаж эмес”,[153] – деп айткан. Аз. Пайгамбардын башка дагы адеп-ахлак принциптери боюнча айткан хадистерин да буга мисал катары берүүгө болот. Бул жерден түшүнүктүү болгондой, Пайгамбарыбыз мусулмандын ибадатына эле эмес, анын адеп-ахлактык баалулуктарына да маани берген. Ушундай жол менен гана мусулмандар арасында бир туугандык, сүйүү, урмат-сый жана сабырдуулук орнойт.

Аз. Пайгамбарды үлгү алуу, бул анын жашоосунан үлгү алуу; анын адеп-ахлактык пазилеттерин жашоодо колдонуу, алып келген диндин принциптерин жана максаттарын жактыруу болуп саналат. Бул да адамдык мамилелерде ал сыяктуу адилеттүү, боорукер жана чынчыл болууну талап кылат. Кыскача айтканда, сүннөттү ээрчүүдө момун-мусуманга түшкөн эң маанилүү жоопкерчилик, бул ага окшогон пенде, ага окшогон лидер, ага окшогон жолдош, ага окшогон ата, ага окшогон кошуна же досу болууга аракет кылыш керек.

Натыйжада, Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) өрнөктүүлүгү анын пайгамбарлык миссиясы менен түздөн-түз байланышта. Ошондуктан андан үлгү алына турган жай да, бул миссияга байланыштуу бардык аракеттер болуп саналат. Мусулмандардын милдети сүйүктүү Пайгамбарыбызды билүү, тааануу, түшүнүү жана аны ээрчүү.

ОКУЙЛУ ОЙЛОНОЛУ

ЭҢ СОНУН КҮЙӨӨ

Пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в.) эркек менен аялдын ортосундагы мамилени жаңы багытка алып келди. Аларга жашоонун жаңы түшүнүгү, үй-бүлөнү сүйүү, бакубат жашоо, ошондой эле моралдык сулуулук жана руханий артыкчылык берди. Пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в.) алып келген дин менен аял намыска жана социалдык статуска ээ болду. Ал аялдын назик мүнөзүнө басым жасап, аларга сүйүү жана боорукердик менен мамиле кылуунун зарылдыгын үйрөттү.

Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) үйүнүн атмосферасы сүйүүгө, боорукердикке, жакшылыкка жана такыбалыкка толгон. Анын үй-бүлөлүк мамилелеринде бардык адамдар үчүн сабак бар. Жубайлары менен каткырып күлүп, көңүл ачкан. Үйдө алар үчүн кичине иштерди жасаган. Кээде ал неберелери менен ойноп аларды жоонуна миңгизген. Анын Пайгамбар жана мамлекет башчысы катары жогорку деңгээлде болуусу, анын үйүндөгү балдары жана жубайлары үчүн жөнөкөй нерселерди кылуудан же болбосо адам сыяктуу үй-бүлө мүчөлөрү менен мээримдүү жана бактылуу жашоо улантууга эч кандай тоскоол болгон жок. Анын жашоосундагы бул чындык бардык аталар жана күйөөлөр үчүн түбөлүк үлгү бойдон калды.

152. Тирмизи. *Иман.* 12; Насаи. *Иман*. 8.

153. Бухари. *Адаб*. 51.

ЖОРОМОЛДОЙЛУ

Абис Ибни Рабиа Аз. Умардын барган умрасына күбө болгонун жана ташка урмат-сый көрсөткөнүн мындайча түшүндүргөн: “Мен Азирети Умардын (р.а) Хажару-л-асвадды (кара таш) өпкөнүн көрдүм. Аны өптү да “Сенин таш экениңди билем, пайдаң да зыяның да жок. Эгер мен Алланын элчисинин сени өпкөнүн көрбөсөм, эч качан өпмөк эмес элем”,[1] – деди.

1. Бухари. *Хаж*. 50, 57, 60; Мусулим. *Хажж*. 248, 120; Муватта. *Хажж.* 36.

Б. СҮННӨТТҮН УНИВЕРСАЛДУУЛУГУ

Ислам акыркы жана эң сонун дин, ал эми Аз. Мухаммед акыркы пайгамбар. Исламдын максаттуу аудиториясы белгилүү, бир раса жана белгилүү бир география менен чектелбейт. Демек, бул динди жеткирүү милдетин алган сүйүктүү Пайгамбарыбыздын сүннөтү да универсалдуу мүнөзгө ээ.

Куранда Аз. Пайгамбарыбыз боюнча төмөнкүлөр айтылат:

“Биз сени бүткүл ааламдарга мээрим катары жөнөттүк”.[154]

“Эй, Адамдар! Мен силердин баарыңар үчүн Алланын элчисимин. Асмандар менен жердин кожоюндугу – Аллага (гана) таандык! Андан башка кудай жок”.[155]

“Биз сени бардык адамдарга кубанычты кабарлоочу жана эскертүүчү кылып жөнөттүк. Бирок, адамдардын көпчүлүгү муну билишпейт”.[156]

Бул аяттар жана буга байланыштуу башка аяттар бир тараптан Исламдын дүйнөлүк дин экендигин билдирсе, бир тараптан да Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) сүннөтүнүн универсалдуулугун көрсөтүп турат. Ушул жалпы сапаттарды камтыган сүннөт жеке жана коомдун социалдык жана маданий айырмачылыктарын, мүмкүнчүлүктөрүн жана шарттарын, үрп-адаттарын эске алуу менен жашоону жөнгө салуучу принциптерди киргизген.

Мисалы, Пайгамбарыбыз (с.а.в.): “Эгер мен үммөткө кыйын болоорун билбегенимде, аларга намаз окуган сайын тиштерине мисвак колдонуусун буйурат элем”, – деди. Бул хадисте Пайгамбарыбыз мисвак колдонууну сунуш кылган, бирок анын негизги максаты оозду жана тиштерди тазалоо болгон. Ошол күндүн шартында мисвак оозду жана тиштерди тазалоонун эң маанилүү буюму болгон. Бул жерде өзгөрбөгөн жана универсалдуу болгон нерсе бул Аз. Пайгамбардын ооз менен тиштердин тазалануусуна маани берүүсү.

Ошондой эле Аз. Пайгамбарыбыз: “Айды көрөр замат орозо кармагыла, айды көрөр замат майрамдагыла”, – буюрган. Бул хадисте негизги максат Рамазан айынын башталышын билдирүү. Андыктан айды көз менен көрүү эски системага барып такалат. Азыркы учурда айдын башталышын жана аягын эсептөө үчүн жаңы жана көбүрөөк илимий ыкмалар колдонулат. Негизги максат бул рамазан айынын башталышын жана бүтүшүн туура аныктоо.

154. Анбия. 21/107.
155. Арааф. 7/158.
156. Саба. 34/28.

Кыяматка чейин өзгөрүүсүз сактала турган Куран жана анын биринчи даражадагы түшүндүрмөсү болгон сүннөт, бардык адамзаттын маселелерин чечүүдө жана мусулмандар арасында ишеним жана жүрүм-турум биримдигин камсыз кылууда негизги ролду ойнойт. Демек, сүннөт жашоонун чындыгын негиз алуусу, адамды таануусу, ага ар кандай мүмкүнчүлүк жана шартта жашай турган жалпы принциптерди акырындык менен үйрөтүүсү табигый нерсе. Бул айткандырыбыз универсалдуулуктун натыйжасы.

ВАХИЙДИН ЖАРЫГЫНДА

Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) сүннөтүнө сөзсүз түрдө баш ийип, буйруктарын аткаруу Алла Таала тарабынан буйрук кылынган жана Курандын көптөгөн аяттарында да Пайгамбарга моюн сунуу, Аллага моюн сунуу экендигини билдирилген. Куранда Алла Таала: “Пайгамбар силерге эмне алып келген болсо, аны алгыла; ал эмнеден тыйган болсо, андан тыйылгыла”. (Хашр. 59/7.) деген буйругу менен сүннөткө көңүлүбүз менен берилүүбүздү буйурган. Алланын буйруктарын эң жакшы түшүнгөн жана эң сонун жашагандар сахабалар болгон. .

Алар алгач эң жакшы көргөн Расулулланын (с.а.в.) көзүнүн ичине карашты. Анын ар бир сөзүнөн жана ар бир ишинен жашоого керектүү принциптерди издешти. Сөөмөйүнө алтын шакек такканын көргөндө, алар да ошол замат алтын шакек тагышты. Алланын элчиси алтын шакекти сууруп алып “Мен мындан ары такпайм” деп ыргытты, алар да дароо шакектерин чечип ыргытышты. (Бухари. Иътисам. 4) Аз. Пайгамбардын бир түнү мечитте ибадат кылганын көрүшүп, алар да дароо чогулушуп, ибадат кылууга башташты. Бирок, үммөтүн абдан сүйгөн мээрим Пайгамбары түнкү намаздын аларга парз болуп калышы ыктымал деп бир да жолу жандарына барган жок.

Аз. Умардын Хажару-л-асвадды өөп жатып айткан сөздөрүнөн улам, сахабалардын Аз. Пайгамбарга канчалык байлангандыгын көрүүгө болот.

“Сенин таш экениңди билем, пайдаң да зыяның да жок. Эгер мен Алланын элчисинин сени өпкөнүн көрбөсөм, эч качан өпмөк эмес элем”.

B. СҮННӨТТҮН КОРГОНГОНДУГУ

ОКУЙЛУ ОЙЛОНОЛУ

МЭЭРИМ ПАЙГАМБАРЫ

Алла Таала адам баласына акыйкатты жеткирүү үчүн жиберген акыркы пайгамбары жана элчиси Мухаммед (с.а.в.) туурасында Куранда мындайча буюрулган:

“(Оо, Мухаммед!) Биз сени бүткүл ааламдарга мээрим катары жөнөттүк”. (Анбия. 107).

Бул теңдешсиз жарыя менен Аз. Пайгамбар белгилүү бир урууга же бир улутка гана эмес, эң жогорку жана эң акыркы шарият менен адамзаттын бактылуулугун камсыз кылган жоболор жана Куран сыяктуу илахи бир китеп менен бүткүл ааламга мээрим пайгамбары катары жиберилгендиги билдирилген. Элчилик деңгээлине жетип, акыркы пайгамбар болуу сыймыгына ээ болгон Аз. Мухаммедке жер жүзүндөгү инсандар менен жиндер канчалык шүгүр кылса да аздык кылат.

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) бардык тирүү жандыктарга боорукер жана кайрымдуу болгон:

“Чындыгында, силерге өз араңардан (чыккан) ызаттуу элчи келди. Ага силердин түйшүгүңөр оор келсе да, ал силерге өтө камкор. Момундарга мээримдүү, боорукер”.[1]

Бул аятта Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) үч маанилүү сапаты түшүндүрүлгөн:

1- Момундардын башына келген кыйынчылыктар ага өтө оор келет.

2- Ал момундардын ыйманга ылайык кайрымдуулукка, жакшылыкка, адеп-ахлакка жана пазилетке умтулушун каалайт.

3- Ал момундарга өтө боорукер жана өтө кайрымдуу. Анын ар бир айткан сөзү, баштаган ар бир иши, таштаган ар бир кадамы боорукердиктин жана мээримдүүлүктүн үлгүсү.

Мындан тышкары, кээ бир аалымдардын айтымында, Алла элчисинин пазилетинен улам Алла Таала аны өзүнө таандык эки ысым менен атаган. Тообо сүрөсүнүн 128-аятында аны Рауф жана Рахим деп атоосу бул пикирди тастыктайт.

Аз. Пайгамбардын Таифте көргөн кордугунан кийин Алла Таала Жабраил периштеге: “Эгер кааласаң Таифти жер менен жексен кылайын”, – деп буюрду. Ал: “Ал жерде Аллага ыйман келтиргендер жана ибадат кылгандар чыгат деп үмүттөнөм”, - деди. (Муслим).

1. Тавба. *128).*

Куранда каапырлар каалабаса да Алла Таала нурун толуктайт[157] буюрулган. “Алланын нуру” бул Пайгамбарыбыз аркылуу жарыялаган Алланын кабары. Буга Куран да, сүннөт да кирет.

Алла Таала Куранда: **“Чынында, Куранды Биз түшүрдүк. Эми аны өзүбүз сактайбыз”,**[158] буюрган. Бул аяттагы “зикр” сөзүн Китеп (Куран) жана сүннөт деп түшүнсөк болот.

157. Тавба. 9/32.

158. Хижр. 15/9.

Дагы бир аятта “Аллага жана Анын элчисине моюн сунгула!” – деп буюрулган. Кыямат күнүнө чейин “Пайгамбарга моюн сунгула” буйругу бардык мусулмандарга тиешелүү. Ушул себептен Пайгамбарыбыздын жашоосу болгон сүннөт да инсандарга туура жетиши керек. Чындыгында, Аз. Пайгамбардын сүннөтү укумдан-тукумга жана муундан-мууна өтүп күнүбүзгө чейин келгендигин айтууга болот.

Ушул мааниде, сүннөттү коргоо үммөткө тиешелүү. Башкача айтканда, сүннөттү коргоо мусулмандардын аны жашоолорунда колдонуусу менен байланыштуу. Ислам аалымдарынын сүннөттөрдү коргоого кошкон салымы чоң.

Г. СҮННӨТТҮН КУТКАРУУЧУЛУГУ

ЭСКЕ САКТАЙБЫЗ

“Албетте, сен аларды туура жолго чакырасың”.[1]

“Ал эми пайгамбарга мойун сунсаңар, анда туура жолду табасыңар”.[2]

1. Муминуун. 23/73.
2. Нур. 24/54.

Сүннөттөн пайдалануу үчүн үчүн эң оболу анын “Эң мыкты үлгү” экендиги белгилүү болушу керек. Себеби Пайгамбарыбыз ааламга рахмат жана жол көрсөтүүчү катары жиберилген. Сүннөттн куткаруучу экендигинен шек саноо, бул Аз. Пайгамбарга ишенбөөчүлүк көрсөтпөө дегенди билдирет. Чындыгында, Абдуллах Ибни Масуд бир жолу: “Пайгамбарыңардын сүннөтүнөн баш тартсаңар анда адаштыңар демектир”, – деп эскертүү берген.

“Албетте, сен аларды туура жолго чакырасың”.[159] “Ал эми пайгамбарга мойун сунсаңар, анда туура жолду табасыңар”,[160] аяттары сүннөттүн куткаруучу касиетке ээ экендигин дилилдейт.

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) да ар кандай хадистеринде үммөтүнүн куткарылышына болгон салымын ачык көрсөткөн. Отко кирүүгө аракет кылган көпөлөк жана парваналарды кубалап жаткан киши сыяктуу экендигин көрсөткөн. Аз. Пайгамбар: “Мен оттон сактап калуу үчүн силерди белиңерден, белдемчи-куруңардан кармап калууга аракет кылып жатам. Ал силер болсо, отко карай жүгүрүп баратасыңар”.[161] буюрган. Ошондой эле ал башка хадистерде да өзүнүн үммөт үчүн куткарылыш себеби экендигин билдирген. Өзүн душманды көрүп чуркап келип, элине эскертүү берген кабарчыга окшоштурган хадис да бул маселе боюнча толук маалымат берип турат.

“Менин жана Алла Тааланын мени менен жиберген Исламдын абалы, бир жамаатка келип мындай деген адамдын абалына окшош: Оо, Элим! чындыгында мен көздөрүм менен силерге аскерлердин келе жатканын көрдүм. Мен силерге бул коркунучтуу билдирген апачык кабарчымын. Андыктан өмүрүңөрдү сактагыла! Ушул сөздөрдү укканда, кээ бир адамдар ага

159. Муминуун. 23/73.
160. Нур. 24/ 54
161. Бухари. *Рикак*. 26.

баш ийип, кечинде жолго чыгышып, жашап жаткан жерди ташташып, аман калышты. Айрымдар муну четке кагып, өз ордуларынан жылышкан жок. Аскерлер таң эрте басып киришип, бардыгын кырып салды. Мына ушул жагдай, мага моюн сунуп, мен алып келгендерге баш ийгендер менен мага каршы чыгып, Алладан алып келгендерди жалганга чыгаргандардын абалына окшош".[162]

Сүннөт ага бекем тутунгандарды сактап кала турганы анык. Табиин тафсир аалымдарынын бири Даххак Ибни Музахим мындай деген: "Бейиш менен сүннөт бирдей багытта. Анткени акыретте бейишке кирген, дүйнөдө сүннөттүкө бекем карманган кутулат". [163]

Имам Малик да сүннөттү Нухтун (с.а.в.) кемесине окшоткон: "Ким ага отурса, аман калат, ал эми ким отурбаса, чөгүп кетет", - деген.[164]

ОЙ ЖҮГҮРТӨЛҮ-БААЛАЙЛЫ

ХАДИСТЕРГЕ КАНДАЙ КАРАШЫБЫЗ КЕРЕК?

Мусулман, пайгамбарынын сөздөрүн урматтаган адам. Себеби пайгамбардын хадистери жолубузга дайыма жарык чачып турат. Имам Азам Абу Ханифа айткандай: **"Эгер сүннөт болбогондо, эч кимибиз Куранды түшүнбөйт элек".** Андыктан хадис жана сүннөт биз үчүн бардык нерсе. Хадистерди кокустан айтылган сөз сыяктуу көрүү, анын маанисин түшүнбөй "Ушул мезгилде ушундай нерсе болобу? сыяктуу ылдый-өйдө сүйлөө мусулманга эч качан жарашпайт.

Жакшы мусулман адамдын эсине бир хадис түшсө, аны чындыгында Пайгамбардын сөзүбү же жокпу иликтеши керек. Эгер бир сөздүн хадис экендигин билгенден кийин, кандайдыр бир күмөн жаралса, анда ал хадистин маанисин билген адамдан сурап, такташы керек.

Кээ бир адамдар жетиштүү хадис маалыматы болбой туруп, логикасына туура келбеген хадистерди пайгамбардын айтышы мүмкүн эмес деп ойлошот. Атүгүл чектен да чыгышып "андай нерсе болушу мүмкүн эмес" дегенге чейин барышат. Алла бизди жана бардык момундарды мындай мамиледен сактасын.

Күндөрдүн биринде атактуу сахаба Абу Хурайра катышкан жыйында текебердик туурасында сөз болот. Абу Хурайра Пайгамбарыбыз айткан бир окуяны айтып берет. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) жакшынакай кийинген адам мактанып бара жатканда, Алла Таала анын текебердигинен улам аны жерге батырганын жана ал кыяматка чейин кыйкырып жердин түбүнө бата берерин айткан. Абу Хурайра сөзүн аяктаганда, кооз көйнөк кийген бир жигит ордунан туруп, шылдыңдагансып: "Абу Хурайра! Ошол жигит ушинтип басып жүрдү беле?" деп аны туурап баштаганда, дароо катуу мүдүрүлөт. Ал башын жарып ала жаздады. Ошол учурда Абу Хурайра "Анын мурду жана оозу жерге урулсун", деп "Акыйкатта, Биз сени шылдыңдоолордон коргойбуз",[1] аятын окуду.[2]

1. Хижр. 15/95.
2. Дарими. *Мукаддим*. 40.

162. Бухари. Иътисам. 2.
163. Куртуби. Тафсир. XIII. 365
164. Süyûtî, Miftâhü'l-cenne, s. 53-54

Окуу бөлүмү

СУФФА МЕКТЕБИ

Асхаб-и суффа жашаган жердин аты Суффа, ал Аз. Пайгамбарыбыз тарабынан “Масжид ан-Набави” (Мухаммед пайгамбардын мечити) мечитинин артында жакырлардын баш калкалоосу үчүн даярдалган. Бул жерде томолой жетимдер жана бойдок мухажирлер жашаган.

Суффа чыныгы кедей адамдар эле. Алардын мал-мүлкү жана киреше булактары болгон эмес. Күнүмдүк турмуш оокаттары башка мусулмандардын жардамы жана өзгөчө Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) чоң колдоосу менен өтүп турган. Аз. Пайгамбар түшкөн садакалардын бардыгын аларга жөнөткөн жана келген белектерди бөлүшүп турган. Исламдын ушул биринчи мектебинде илим алгандар кийинки доордун мугалимдери, фыкхчылары, аалымдары жана башкаруучулары болушкан.

Исламдын алгачкы мектебинде илим алгандардын бири Абу Хурайра. Ал башынан өтө көп кыйынчылыкты өткөргөн. Бул боюнча Абу Хурайра мынадй дейт:

Андан башка кудай жок экендигине ант ичемин, ачкалыктан курсагыма таш байлап жүргөн күндөр болду. Күндөрдүн биринде сахабалар басып өткөн жолдо отурдум. Ошол учурда Абу Бакр өтүп бара жаткан. Андан Алланын аяттарынан бир аят сурадым. Сураганымдын негизги себеби курсагымды тойгузуу болгон. Бирок ал мени түшүнбөй өтүп кетти. Көп өтпөй Умар токтоп калды. Мен андан Алланын китебинен бир аят сурадым. Сураганымдын негизги максаты курсак тойгузуу эле. Ал да менин абалымды түшүнбөй өтүп кетти. Көп өтпөй Абу Касым (а.с.) мага келди. Ал мени көргөн замат жылмайып койду. Менин ойлогонумду жана жүзүмдөн абалымды дароо түшүндү.

- Оо, Аба Хирр! деди.

- Кел, Алланын элчиси! дедим.

- Мени ээрчи!

- Айтты да, ал басып кетти. Мен анын артынан жөнөдүм. Үйүнө кирди. Мен да кирүүгө уруксат сурадым. Ал уруксат берди. Мен кирдим.

Киргенде, ал идиштин ичинен сүт көрдү.

- Бул сүт каяктан? деп сурады.

- Аны паланча сага алып келиптир! дешти.

Алланын элчиси мага кайрылып:

- Аба Хирр! деди.

- Оо, Алланын элчиси! дедим.

- Бар да, Суффаны мага чакыр! деди.

“Ахл-и суффага мени жөнөткөнү жаккан жок. Ичимден: “Ушунча эле сүт үчүн ахл-и суффаны чакыруунун эмне кереги бар? Биринчиден, бул сүт менин акым, аны жалгыз ичишим керек, бираз күч-кубаттуу болушум керек эмеспи? – дедим. Ахл-и суффа келгенде Аз. Пайгамбар идишти аларга сунуумду буйрук кылаарын ойлоп, өзүмчө эле: “Мага эч нерсе калбайт!” – деп капа болдум. Бирок Аллага жана Анын элчисинин буйругуна баш ийүүмдөн башка айла жок эле.

Мен Суффага бардым да (ал жактагыларды) чакырдым. Алар келип, уруксат сурап киришти да үйдүн ичине отурушту. Расулуллах мага кайрылып:

- Оо, Аба Хирр! деди.

- Айтыңыз, Алланын элчиси! дедим.

- Идишти алып, бардыгына бер! деди.

Мен идишти алып, ар бирине бирден бере баштадым. Алар тойгонго чейин ичип, кайтарып жатышты. Мен кайра башкаларына берип жаттым. Аягында Аз. Пайгамбарга бердим. Ал стаканды алып, колуна кармады. Мени карап жылмайып койду.

- Аба Хирр! деди.

- Оо, Алланын элчиси кулак сизде! дедим.

- Экөөбүз калдык! деди.

- Туура айттыңыз, Оо, Алланын элчиси! дедим.

- Отур! деди. Мен да отурдум жана ичтим.

- Дагы ич! деди. Дагы ичтим.

- Ич!. Ич!. – дей баштады. Мен:

- Жараткандын атына ант ичем! Аябай тойдум, рахмат.

- Мага азыр идишти бер! деди. Мен да бердим. Аллага мактоо айтып, бисмилланы айткандан кийин, калганын да ичти”.

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) Ахл-и Суффанын башка маселелерине да көңүл буруп, жардамын аябаган.[165]

165. İbrahim Canan, *Kutub-i Sitte Tercüme ve Şerhi, Akçağ Yayınları:* 1/445-446-447-448-449-450.

СУРООЛОР БӨЛҮМҮ

А. ТӨМӨНДӨГҮ СУРООЛОРГО ЖООП БЕРГИЛЕ?

1. Аз. Пайгамбарды үлгү алуу дегенди кандай түшүнсө болот?

.....

.....

.....

2. Сүннөттүн негизги өзгөчөлүктөрү кайсылар? Кыскача түшүндүрүп бериңиз.

.....

.....

.....

3. “Ал эми пайгамбарга мойун сунсаңар, анда туура жолду табасыңар”. (Нур. 24/54) аятынан сүннөттүн куткаруучулугун түшүндүрүп бериңиз?

.....

.....

.....

4. Куранды түшүнүүдө сүннөттүн ролун өрнөктөр аркылуу ачыктаңыз?

.....

.....

.....

5. Моюн сунулуусу жана үлгү алынуусу Алла тарабынан буйрук кылынган пайгамбар, кайсыл жагынан үлгү боло алат?

.....

.....

.....

6. Сүннөттө универсалдуулук деген эмне? Темага байланыштуу бир аят жазыңыз?

.....

.....

.....

Б. ТӨМӨНДӨГҮ СУРООЛОРДУН ТУУРА ВАРИАНТЫН БЕЛГИЛЕГИЛЕ?

1. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы динди түшүнүүдө жана жоромолдонуусунда хадис жана сүннөттүн функционалдык маанилеринин бири эмес?

А. Курандын негизинде өкүм берет жана анын өкүмдөрүн бекемдейт.

Б. Жаңы өкүмдөрдү берет.

В. Куранда кээ бир өкүмдөрдү жокко чыгарат.

Г. Куранды түшүндүрөт жана жоромолдойт.

2. Аз. Пайгамбар кайсыл жагынан адамдарга үлгү болот? Демек, ал кайсы жагынан милдеттүү болот?

А. Ал өзү жашаган коомдун үрп-адаттарын жана каада-салттарын эске алуу менен жүргүзүп жаткан иш-аракеттери жагынан.

Б. Дүйнөлүк мамиле жана жүрүм-турум жагынан

В. Диний сөздөр, иш-аракеттер жана жүрүм-турум жагынан

Г. Инсан катары жеке табитине жана тандоолоруна жараша жасаган жүрүм-турумдары жагынан.

Б. ТӨМӨНДӨГҮ СҮЙЛӨМДӨРДӨГҮ БОШ ЖЕРЛЕРДИ КАШАНЫН ИЧИНДЕГИ СӨЗДӨРДҮ КОЛДОНУП ТОЛТУРГУЛА

(өрнөктөр – мээрим)

1. *“Биз сени бүткүл ааламдарга ..... катары жөнөттүк.*

2. *“Чындыгында, силер үчүн да, Алланы, акырет күнүн умут кылгандар жана Алланы көп эске алган адамдар үчүн да – Алланын элчисинде көркөм ..... бар”.*

АТА-ЭНЕ ЖАНА ЖАКЫН ТУУГАНДАРГА БАЙЛАНЫШТУУ ХАДИСТЕР

1. عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللهُ عَنْهُ قَالَ: جَاءَ رَجُلٌ إِلَى رَسُولِ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: فَقَالَ: يَا رَسُولَ اللهِ, مَنْ أَحَقُّ النَّاسِ بِحُسْنِ صَحَابَتِي؟ قَالَ: ((أُمُّكَ)) قَالَ: ثُمَّ مَنْ؟ قَالَ: ((أُمُّكَ)) قَالَ: ثُمَّ مَنْ؟ قَالَ: ((أُمُّكَ)) قَالَ: ثُمَّ مَنْ؟ قَالَ: ((أَبُوكَ)). مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

1. Абу Хурайра (р.а.) мындайча буюрду:

Бир киши Пайгамбардын *(с.а.в)* алдына келип: “Оо, Алланын элчиси! Адамдардын арасынан менин жакшылыгыма эң татыктуу ким?” – деп сурады. Аз. Пайгамбар: “Энең!” – деп жооп берди. Ал: “Андан кийин ким?” – деп сурады. Аз. Пайгамбар: “Энең!” – деп айтты. Ал кайрадан: “Андан кийин ким?” – деп сурады. Аз. Пайгамбар: “Энең!” – деп жооп берди. Ал төртүнчү жол: “Андан кийин ким?” – деп сурады. Аз. Пайгамбар: “Энеңден кийин атаң сенин жакшылыгыңа эң татыктуу”, – деп жооп кылды.[166]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Эң жакшы мамилеге татыктуу албетте бул эне. Себеби ал баланы дүйнөгө алып келүүдө жана аны тарбиялоодо эң көп жапа чеккен адам.

2. Урмат-сыйга жана жакшылыкка энеден кийинки эле татыктуу адам бул ата.

2. وَعَنْهُ عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: ((رَغِمَ أَنْفُ, ثُمَّ رَغِمَ أَنْفُ, ثُمَّ رَغِمَ أَنْفُ مَنْ أَدْرَكَ أَبَوَيْهِ عِنْدَ الْكِبَرِ: أَحَدَهُمَا أَوْ كِلَيْهِمَا فَلَمْ يَدْخُلِ الْجَنَّةَ)). رَوَاهُ مُسْلِمٌ.

2. Абу Хурайрадан (р.а.) келген риваятта, Аз. Пайгамбар (с.а.в.) мындай буюрду:

166. Бухари. *Адаб*. 2; Муслим. *Бирр*. 1.

“Ата-энесинин же болбосо алардын бирөөнүн гана карылыгына күбө болуп, бейишке кире албай калган адам, байкуш болуп калсын! байкуш болуп калсын! байкуш болуп калсын!”[167]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Ата-эненин жашына карабай жакшылык кылуу керек.
2. Алар карыганда көбүрөөк жардамга жана камкордукка муктаж болгондуктан, ар дайым кам көрүү керек.
3. Ата-энеге каршы чыгуу жана аларга жаман мамиле кылуу, бул Алла Тааланын каарына кала турган чоң күнөөлөрдүн бири.

3. عَنْ أَنَسٍ رَضِيَ اللهُ عَنْهُ أَنَّ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: ((مَنْ أَحَبَّ أَنْ يُبْسَطَ لَهُ فِي رِزْقِهِ وَيُنْسَأَلَهُ فِي أَثَرِهِ فَلْيَصِلْ رَحِمَهُ)). مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

3. Анастан (р.а.) келген риваятта, Алла элчиси мындай деген:

“Ырыскысынын кенен, өмүрүнүн узун болуусун каалаган адам (тууган-уруктарына каралашсын) алар менен болгон байланышын үзбөсүн**”.**[168]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Тууган-урукту зыярат кылуу, өмүргө береке берет.
2. Тууган-урукту зыярат кылууда адамдын ырыскысы да берекелүү болот.
3. Бактылуу өмүр сүрүүгө себепчи болот.

4. وعنه أَن رسول الله صَلّى اللهُ عَلَيْهِ وسَلَّم قال : « مَنْ كَانَ يُؤْمِنُ باللهِ وَالْيَوْمِ الآخِرِ، فَلا يُؤْذِ جَارَهُ ، وَمَنْ كَان يُؤْمِنُ بِاللهِ والْيَوْمِ الآخرِ ، فَلْيكرِمْ ضَيْفهُ ، وَمَنْ كَانَ يُؤْمنُ بِاللهِ وَالْيومِ الآخِرِ ، فَلْيَقُلْ خَيْراً أَوْ لِيَسْكُتْ » متفقٌ عليه.

4. Абу Хурайра кабарлаган хадисте, Пайгамбарыбыз (с.а.в.) мындайча буюрган:

167. Муслим. *Бирр.* 9, 10.

168. Бухари. *Адаб.* 12; Муслим. *Бирр*. 20, 21.

“Кимде- ким Аллага жана акырет күнүнө ишенсе, кошунасына жакшы мамиле кылсын. Кимде-ким Аллага жана акырет күнүнө ишенсе коногун сыйласын. Кимде-ким Аллага жана акырет күнүнө ишенсе жакшы сөздөрдү сүйлөсүн же болбосо унчукпасын”.[169]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Айрым жүрүм-турумдар адамдын толук ыйманга ээ экендигин көрсөтөт.

2. Кошунага зыян келтирбестен тескерисинче пайдалуу болуу, бул момундардын көрсөткөн жүрүм-туруму.

3. Конокту мүмкүн болушунча сыйлоо керек.

4. Жакшы адамдын оозунан жакшы сөз чыгат. Озунан пайдасыз сөз чыга турган болсо, унчукпай койгону жакшы.

5. عَنْ أَبِي بَكْرَةَ نُفَيْعِ بْنِ الْحَارِثِ رَضِيَ اللهُ عَنْهُ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: ((أَلاَ أُنَبِّئُكُمْ بِأَكْبَرِ الْكَبَائِرِ؟)) – ثَلاَثًا – قُلْنَا: بَلَى يَا رَسُولَ اللهِ. قَالَ: ((الْإِشْرَاكُ بِاللهِ, وَعُقُوقُ الْوَالِدَيْنِ)) وَكَانَ مُتَّكِئًا فَجَلَسَ فَقَالَ: ((أَلاَ وَقَوْلَ الزُّورِ, وَشَهَادَةُ الزُّورِ)). فَمَا زَالَ يُكَرِّرُهَا حَتَّى قُلْنَا: لَيْتَهُ سَكَتَ! مُتَّفَقٌ عَلَيْهِ.

5. Абу Бакра Нуфай б. Харисден (р.а.) келген риваятта Алланын элчиси мындайча буюрган:

-**“Чоң күнөлөр**дүн эң оорун силерге айтайынбы?” **– деп үч жолу сурады.**

Биз дагы:

- Ооба, оо, Алланын элчиси, дедик.

Аз. Пайгамбар:

“Аллага ортко кошуу, ата-энеге баш ийбөө” – деп айткандан кийин, жөлөнгөн жеринен турду жана **“Жакшылап уукула, дагы жалган айтуу жана жалгандан күбөлүк келтирүү”** – деди. Бир сөздү бир нече жолу кайталады. Дагы да капаланып калуусун каалабаганыбыздан аттиң унчукпай калса, дедик.[170]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Күнөөлөр өз ара чоң жана кичине болуп бөлүнөт.

2. Күнөөнүн чоңдугу анын берген зыянына чоңдугу менен өлчөнөт.

169. Бухари. *Никах.;* Муслим. *Ыйман*. 74, 75.

170. Бухари. *Шахадат*. 10; Муслим. *Ыйман*. 143.

3. Чоң күнөөлөрдүн эң оору Аллага ширк кошуу, ата-энеге баш ийбөө, калп айтуу жана жалгандан күбөлүк келтирүү.

4. Аз. Пайгамбарыбыз үммөтүнө болгон сүйүүсүнөн, алардын күнөөлөрдөн сактап калуу үчүн болгон күчүн жумшаган.

6. وعن ابنِ عمرَ وعائشةَ رضي الله عنهما قَالا : قال رسولُ الله صَلّى اللهُ عَلَيْهِ وسَلَّم: « مَا زَالَ جِبْرِيلُ يُوصِينِي بِالجارِ حتَّى ظَنَنتُ أَنَّهُ سيُوَرِّثُهُ » متفقٌ عليه.

6. Ибни Умардан (р.а.) жана Айшадан (р.анха) келген риваятта Аз. Пайгамбар мындайча буюрган:

“Жабраил мага кошунага жакшы мамиле кылуу тууралуу насыяттарын токтотпогондуктан, мен аны (кошунаны) ал тургай мураскорлордун катарына кошот окшойт деп ойлогом”.[171]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Урматталуучу жана маани берилүүчү милдеттердин бири кошунанын акысы болуп саналат.

2. Жабраил (а.с.) келип кеткен сайын бул маселеге басым жасоосу жана Аз. Пайгамбардын кошунанын кошунага мураскор болот деп айтсуусу да маанилүү нерсе.

3. Алар кошуналар менен тил табышып, аларга зыян келтирбестен, кубаныч жана кайгыларын тең бөлүшүшү керек.

7. وعنه عن النبي صَلّى اللهُ عَلَيْهِ وسَلَّم قال : « السَّاعِي علَى الأَرْمَلَةِ وَالمِسْكِينِ كَالمُجاهِدِ في سبيلِ الله » وأَحْسُبهُ قال : « وَكَالْقائِمِ الَّذي لا يَفْتُرُ ، وَكَالصَّائِمِ لا يُفْطِرِ»متفقٌ عليه.

7. Абу Хурайра Алла элчисинин мындайча дегенин кабарлады:

“Күйөсү жок аялдар менен мутаждардын иштерине жардам бергенге Алла Тааланын жолунда жихад кылгандай сооп берилет”.

Равинин айтымында Аз. Пайгамбар:

171. Бухари. *Адаб*. 28; Муслим. *Бирр*. 140-141. Айрыкча караңыз: Тирмизи. *Бирр*. 28; Ибн Маажа. *Адаб*. 4.

“Ал түнкүсүн токтоосуз намаз окуган жана күндүзү үзгүлтүксүз орозо кармаган адамга окшош”, – деп буюрган болушу керек.[172]

Хадистен эмнелерди үйрөндүк?

1. Жесирлерге, турмушка чыга элек аялдарга жана кедей-кембагалдарга жардам бергендер, Алла жолунда жихад кылгандай сооп алышат.

2. Мындай чын ыкластуу момун-мусулман түнү токтобостон намаз окуган жана күндүзү тыныгуусуз орозо туткандай сооп алат.

3. Алсыз жана коргоого муктаж болгондордун жардамына чуркоо Алланын ыраазылыгын алууга жардам берет.

172. Бухари. *Нафакат.* 1, *Адаб*. 25, 26; Муслим. *Зухд*. 41. Айрыкча караңыз: Тирмизи. *Бирр*. 44; Насаи. *Зекет*. 78; Ибн Маажа. *Тижарат.* 1.

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

Абу Авана, Йаъкуб б. Исхак аль-Исфараини. *Муснад.* I-V. Дару-л-Маърифа. Бейрут, жылы жок.

Абу Давуд. *ас-Сунан.* I-V, Чагры басм. Стамбул, 1981.

Абу Давуд. *Рисалату Абу Давуд илаа ахли Мекке*. (Мухаммед б. Лутфи ас-Саббаг). аль-Мактабату-л-ислами. Бейрут. 1405.

Абу Йаъла, Ахмад ибн Али ибн аль-Мусани. *Муснаду Аби Йаъла.* Дару-л-Маъмун ли-т-Турас. Дамаск. 1404/1984.

Ахмад б. Ханбал. *аль-Муснад.* I-VI. Чагры басм. Стамбул, 1981.

Байхаки, Абу Бакр Ахмад б. Хусайн. *Сунану-л-кубра.* (тхк. М. Абдулкадир Ата.) Дару-л-илмиййа. Бейрут. 1424/2003.

Бухари, Абу Абдуллах Мухаммед б. Исмаил. *аль-Адабу-л-муфрад* (басм. даяр.: Мухаммед Фуад Абдулбаки. Дару-л-башаири-л-исламиййа. Бейрут, 1409.

Бухари, Абу Абдуллах Мухаммед б. Исмаил. *аль-Жамиу-с-сахих.* I-IV, Чагры басм. Стамбул, 1981.

Дарими, Абу Абдиллах Мухаммед б. Абдуррахман. ас-Сунан. I-II. Чагры басм. Стамбул, 1981.

Ибн Каййим аль-Жавзиййа. *аль-Манару-л-муниф фи-с-сахихи ва-д-даиф.* (басм. даяр.: Абдулфаттах Абу Гудда). Дару-л-асима. Эр-Рияд, 1996.

Ибн Маажа, Мухаммед б. Йазид аль-Казвини. *ас-Сунан.* I-II. (басм. даяр.: Мухаммед Фуад Абдулбаки). Чагры басм. Стамбул, 1981.

Ибн Хиббан, Мухаммед б. Хиббан б. Ахмад Абу Хатим аль-Бусти. *Сахих.* I-XVIII. (басм. даяр.: Шуайб Арнавут). Муассасату-р-рисала. Бейрут. 1414/1993.

Ибн Хузайма, Абу Бакр Мухаммед. *Сахих.* (басм. даяр.: Мухаммед Мустафа аль-Аъзами). аль-Мактабату-л-Ислами. Бейрут, жылы жок.

Ибну-с-Салах. *Улуму-л-хадис.* (басм. даяр.: Нураддин Итр. Дару-л-фикри-л-муасир). Дамаск, 1986.

Махмуд Таххан. Тайсиру-л-Мусталахи-л-хадис. Мактабату-л-маариф.

Муслим, Абу-л-Хусайн Муслим б. Хажжаж аль-Кушайри. *аль-Жамиу-с-сахих.* I-III. (басм. даяр.: Мухаммед Фуад Абдулбаки). Чагры басм. Стамбул, 1981.

Тирмизи. Абу Иса Мухаммед б. Иса. *ас-Сунан.* I-V. (басм. даяр.: Мухаммед Фуад Абдулбаки). Чагры басм. Стамбул, 1981.

Aşıkkutlu, Emin, “Cerh ve Tadil”, DİA, VII, İstanbul, 1993.

Asım Efendi, *Kamus Tercemesi,* I-IV, İstanbul, 1305.

Aydınlı, Abdullah, *Hadis Isıtlahları Sözlüğü*, İFAV Yay., İstanbul, 2009.

Çakan İsmail Lütfi, *Anahatlarıyla Hadis*, Ensar Yay., Ankara, 2005.

Çakan İsmail Lütfi, *Hadis Edebiyatı,* M.Ü.İ.F.Yay., İstanbul, 1985.

Çakan İsmail Lütfi, *Hadis Usûlü*, İFAV Yay., İstanbul, 2001.

Cihan, Sadık, *Uydurma Hadislerin Doğuşu ve Sosyo-Politik Olaylarla İlgisi*, Etüt Yay., Samsun, 1997.

Efendioğlu, Mehmet, "Sahih", *DİA*, XXXV, İstanbul, 2008.

Efendioğlu, Mehmet, "Sahabe", *DİA*, XXXV, İstanbul, 2008.

Hatiboğlu, İbrahim, "Mu'cem", *DİA*, XXX, İstanbul, 2005

Hatiboğlu, İbrahim, "Musned", *DİA*, XXXII, İstanbul, 2006.

Kahraman, Hüseyin, *Hadis El Kitabı*, Grafiker Yay., Ankara, 2016.

Kandemir, M. Yaşar, "Hadis", *DİA*, XV, İstanbul, 1997.

Kandemir, M. Yaşar, *Mevzû Hadisler Menşei Tanıma Yolları Tenkidi,* D.İ.B.Y., Ankara, 1970.

Karataş, *Hadis Rivâyet Tarihi*, Ensar Yay., İstanbul, 2014.

Koçyiğit, Talat, *Hadis Usûlü*, T.D.V.Y., Ankara, 1998.

Koçyiğit, Talat, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis 2*, M.E.B.Y., İstanbul, 1998.

Kuzudişli, Bekir, *Hadis Tarihi*, Kayıhan Yay., İstanbul, 2017.

Subhî es-Sâlih, *Hadis İlimleri ve Hadis Istılahları*, D.İ.B.Y., Ankara, 1996.

Uğur, Mücteba, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, T.D.V.Y., Ankara, 1992.

Ünal, İsmail Hakkı, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı*, M.E.B.Y., Ankara, 2003.

Yücel, Ahmet, *Hadis Usûlü*, MÜİF Yay., İstanbul, 2013.

ЖООПТОР

I-БӨЛҮМ

Берилген суроолордун туура жоопторо:

1-В, 2-В, 3-Д, 4-Б, 5-А.

Бош жерлерди толтуруу:

1. Пайгамбарлык, 2. Үлгү, 3. Көркөм өрнөктөр, 4. Такрири сүннөт

II-БӨЛҮМ

Берилген суроолордун туура жоопторо:

1-В, 2-Г, 3-Д, 4-Б, 5-А, 6-Б, 7-А, 8-Г, 9-Д, 10-А.

Бош жерлерди толтуруу:

1. Набави хадис, 2. кудси хадис, 3. Сүннөт/хадис, 4. Самаъ, 5. Матн, 6. Санад, 7. Ижазат

III-БӨЛҮМ

Берилген суроолордун туура жоопторо:

1-Г, 2-Б, 3-В, 4-А, 5-Г, 6-А.

Бош жерлерди толтуруу:

1. Хасан хадис, 2. Лафзи мутаватир, 3. Маънави мутаватир, 4. Азиз хадис, 5. Мавзу хадис, 6. Имам Тирмизи

IV-БӨЛҮМ

Берилген суроолордун туура жоопторо:

1-Г, 2-Б, 3-В, 4-Д, 5-Г.

Бош жерлерди толтуруу:

1. Аз. Айша, 2. Суффа, 3. Жатка, 4. Сахаба, 5. Рихла, 6. Абу Хурайра

V-БӨЛҮМ

Терминдер:

1. Табиин, 2. Куфа, 3. Мухадрам, 4. Увайс, 5. Тадвин, 6. Тасниф, 7. Иснад, 8. Муватта, 9. Магази, 10. Сунан, 11. Муснад, 12. Рисала, 13. Муснад, 14. Бухари, 15. Сахихайн, 16. Тирмизи

Берилген суроолордун туура жооптору:

1-Б, 2-В, 3-В, 4-А, 5-В, 6-Г, 7-Б.

Бош жерлерди толтуруу:

1. Мухадрам, 2. Сират, 3. Сунан, 4. Сахихайн, 5. Муснад, 6. Кутуб-и тисъа

VI-БӨЛҮМ

Берилген суроолордун туура жооптору:

1-В, 2-В.

Бош жерлерди толтуруу:

1. Өрнөктөр, 2. Мээрим